Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

# Эркин-Тоо

Жума, 2025-жылдын 24-октябры
№81 (3737)
www.erkin-too.kg

Президент Садыр ЖАПАРОВ:

# «Ак илбирс – эркиндигибиз менен чыдамкайлыгыбыздын символу»

***Кечээ эл аралык коомчулук Кыргызстандын демилгеси менен «Ак илбирстин эл аралык күнүн» алгачкы жолу расмий түрдө белгиледи. Бул тууралуу Президент Садыр Жапаров өзүнүн социалдык тармактагы баракчасына жазды.***
***Төмөндө Президенттин билдирүүсүнүн толук текстин жарыялайбыз:***

**«Урматтуу мекендештер!**
**Кыргызстандын дүйнө жүзүндөгү достору!**

Бүгүн эл аралык коомчулук алгачкы жолу расмий түрдө Ак илбирстин эл аралык күнүн белгилеп жатат. Бул демилге дал ушул кыргыз жергесинен, биздин элибиздин чын жүрөгүнөн чыгып, бүтүндөй дүйнө жүзүнө тараганы мен үчүн өзгөчө сыймык!

Бир жыл мурда тагдыры улуу тоолор жана ошол улуу тоолордо байыр алган улук жаныбар менен ажырагыс байланышта жашап келе жаткан элибиз маанилүү сунуш менен чыккан элек. Ага дүйнө жүзү кулак төшөдү! Бириккен Улуттар Уюмунун (БУУ) Ак илбирстин эл аралык күнүн белгилөө боюнча резолюциясынын бир добуштан кабыл алынышы дипломатиялык ийгилик гана эмес, табият мурастарын сактоонун алдында чек аралардын мааниси жоголуп, адамзат бир муштумдай биримдигин көрсөтө алгандыгынын айкын далили болуп калды.



Кыргызстан менен ак илбирсти айрып кароого мүмкүн эмес. Ак илбирс – ак кар баскан тоолорубуздун жаны, көк мелжиген чокуларыбыздын сакчысы, эзелтен туу тутуп келаткан эркиндигибиз менен чыдамкайлыгыбыздын жандуу символу. Ал дагы элибиз сыяктуу ак мөңгүлүү тоолоруна берилген, эң кыйын кезендерде дагы өз жерин таштап кетпейт. Биз, улуу тоонун уул-кыздары асман тиреген бийик чокулардан эркиндикти, эгемендикти жана майтарылбас эркти үйрөндүк.

Тээ байыртадан бери ата-бабаларыбыз ак илбирс сыяктуу өз баалуулуктарын сактап, кылымдардан кылымдарды карытты. Эгемендикти сүйгөн деми, бекем эрки, чыдамкайлыгы менен катаал шарттардан майышпай чыгып, ар кандай тарыхый сыноолорду жеңип келишти. Мындай даңктуу элдин урпагы катары биз ушул касиеттүү жаныбар сымал күчүбүздү башка элдерди багынтуу үчүн эмес, өз Мекенибизди, наркыбызды, салтыбызды жана үй-бүлөбүздү коргоо үчүн топтойбуз. Мындан ары да түпкү тамырыбызга, өзөгүбүзгө берилген бойдон калабыз, андан ары өнүгүп-өсөбүз.

Биздин БУУга сунуш киргизүүбүз мыйзам ченемдүү кадам эле. Анткени, дүйнө жоголуу алдында турган сейрек жаныбар тууралуу гана эмес, ошол жаратылыштын бир бөлүгү болгон эл тууралуу да билүүгө тийиш болчу. Ак илбирсти коргоо бул ошол бир бөлүгүбүздү сактоо дегенди билдирет. Ал жашаган чөйрөнү сактоо — планета калкынын үчтөн бирин суу менен камсыз кылган булактарды коргоо деген сөз!

Бүгүнкү күн ак илбирстин көркөмдүгүнө суктануу үчүн эле себеп эмес. Бул күн – адамзатты абийирге жана жоопкерчиликке глобалдык чакырык. Бардык өлкөлөр менен дүйнө элине бул уникалдуу жаныбарды жана анын аяр экосистемасын коргоо үчүн күч-аракеттерди бириктирүүгө болгон кайрылуу болуп саналат.

Ак илбирс күнүндө Кыргызстан тоолорубуздун сакчысын даңазалаган дүйнөлүк акциянын башында турат. Алардын аман калышы биздин экосистемабызга, мурасыбызга жана келечегибизге түздөн-түз байланыштуу.

Биз 23-октябрда ак илбирстин урматына символикалуу түрдө 23 мүнөт убактыбызды жөө басууга, көнүгүүгө жана сейилдөөгө арнайбыз. Жаратылышты коргоо – бул биздин спорт, ал эми ак илбирсти коргоо – биздин жалпы жеңишибиз!

**Келгиле, бул баа жеткис мурасты чогуу сактайлы!**
**Майрамыңыздар менен!**
**Ак илбирстин эл аралык күнү кут болсун!»**

## ЖАҢЫЛЫКТАР



### 1,2 МИҢ ТОННАДАН АШЫК АЛМА ИМПОРТУ

Кыргызстан 2025-жылдын январь–август айларында Өзбекстандан 1,2 миң тоннадан ашык алма импорттоду. Өзбекстандын Статистика комитетинин маалыматына ылайык, ушул мезгил аралыгында өлкө жалпы көлөмү 22,6 миң тонна алманы 10 мамлекетке экспорттогон. Экспорттун жалпы суммасы 11,6 млн АКШ долларын түздү. Өзбекстандын алмасы негизинен Россияга (10 721 тонна) жана Казакстанга (10 098 тонна) жөнөтүлгөн. Кыргызстанга 1 275 тонна, Түркмөнстанга 167,4 тонна, Иракка 164,3 тонна жана башка өлкөлөргө 192,2 тонна алма экспорттолгон. Өзбекстан экспорттогон алманын 90%дан ашыгы Россия менен Казакстанга кеткен.

### КАЛКТЫН САНЫ 7 МЛН 361 МИҢ АДАМГА ЖЕТТИ

Өлкөдөгү туруктуу калктын саны 2025-жылдын 1-сентябрына карата 7 млн 361 миң адамды түзүп, жыл башынан бери 79,6 миң адамга же 1,1%га өстү. 2025-жылдын январь-август айларында жарандык абалдын актыларын жазуу органдарында 90,7 миң жаңы төрөлгөн ымыркай катталган, бул калктын 1 миңине 18,6 (салыштыруу үчүн: 2024-жылдын ушул мезгилине карата 20,0).

Ушул эле мезгилде 21,6 миң өлүм катталды – 1000 калктын 4,4 (2024-жылдын январь-августунда – 4,5). Алсак, калктын табигый өсүшү 69,1 миң адамды же калктын 1 миңине 14,2ни түздү (өткөн жылы – 15,4). Табигый өсүштүн эң жогорку деңгээли Баткен, Ош жана Жалал-Абад облустарында, эң төмөнкүсү Бишкек шаарында белгиленди.

### ЖАЗАНЫ КҮЧӨТҮҮ СУНУШТАЛУУДА

Ички иштер министрлиги укук бузуулар жөнүндөгү жана кылмыш-жаза кодекске "Сексуалдык ыдык" беренесин киргизүү сунушун берди. Министрлик иштеп чыккан документ учурда коомдук талкууга коюлду. Ага ылайык, сексуалдык мүнөздөгү ачык сөздөрдү айтып жыныстык органдарды көрсөткөндөр, адам каршылык кылганына карабай аны кармалап, сылап, чымчыса, ошондой эле, сексуалдык маанидеги сүрөт, видео же аудио жибергендерге 20 миң сом айып салынат же үч суткадан жети суткага чейин камакка алынат. Мындай мыйзамсыз ишти кайталап жасаган адам үч жылдан беш жылга чейин эркиндигинен ажыратылышы мүмкүн. Министрлик акыркы жылдары Кыргызстанда коомдук жайларда ыдык көрсөтүүгө байланышкан даттануулар жана кайрылуулар көбөйгөнүн билдирди. Өлкөдө буга чейин коомдук жайларда, жумушта аялдарга сексуалдык ыдык көрсөткөн окуялар боюнча арыз-даттануулар болгон.

**"Эркин-Тоо" пресс**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

ИШ ЖУМА



# Президент Япониянын Премьер-министрин куттуктады

Президент Садыр Жапаров Такаити Санаэни Япониянын Премьер-министри кызматына шайланышы менен куттуктады. "Сизди Япониянын Премьер-министри кызматына шайланышыңыз менен чын дилимден куттуктайм. Бул жогорку мамлекеттик кызматка дайындалышыңыз япон элинин сизге болгон терең ишенichин билдирет. Сиздин бай кесиптик тажрыйбаңыз жана лидерлик сапаттарыңыз Япониянын мындан ары да туруктуу өнүгүшүнө жана эл аралык аренадагы кадыр-баркынын чыңдалышына чоң салым кошот деп ишенем. Кыргыз Республикасы Япония менен достукту жана өз ара пайдалуу кызматташтыкты кеңейтүүгө өзгөчө маани берет. Өлкөлөрүбүздүн ортосундагы өз ара аракеттенүү бекемделип жатканын, айрыкча «Борбор Азия + Япония» форматындагы кызматташуунун натыйжалуу механизмдерин өзгөчө белгилейм. Эки тараптуу мамилелер элдерибиздин жыргалчылыгы үчүн өз ара урматтоонун жана биргелешкен өнүгүүгө умтулуунун негизинде мындан ары да ийгиликтүү өнүгөт деп ишеним артам. Улуу мартабалуу сизге чың ден соолук, жоопту мамлекеттик ишмердүүлүгүңүзгө ийгиликтерди, ал эми Япония элине тынчтык жана өнүгүү каалайм" - деп айтылат куттуктоодо.

## КООПСУЗДУК ЧАРАЛАРЫН КҮЧӨТҮҮ ЗАРЫЛ

Президент Садыр Жапаров Өзгөчө кырдаалдар министрлигине жана тиешелүү министрликтерге өзгөчө кырдаалдардын жана өрт кырсыктарынын алдын алуу боюнча толук чараларды көрүүнү тапшырды. "Ош шаарындагы өрттөн алты мекендешибиз – эне жана анын беш баласы каза болгону, ошондой эле Новопокровка айылындагы заводдо цемент ташуучу цистерна жарылып, эки жумушчунун өмүрү кыйылганы тууралуу кабарды терең кайгыруу менен кабыл алдым. Кыргызстан элинин атынан жана жеке өзүмдүн атымдан каза болгондордун жакындарына жана туугандарына терең кайгыруу менен көңүл айтам. Суук түшүшү менен жеке турак жайларда, ошондой эле өндүрүштүк объектилерде электр энергиясын жана жылытуучу шаймандарды колдонууда өрт жана өзгөчө кырдаалдардын келип чыгуу коркунучу жогорулайт. Калк арасында сактык чаралары боюнча алдын алуу жана түшүндүрүү иштерин күчөтүү жана жарандардын коопсуздугун камсыз кылуу зарыл» - деп белгиледи Мамлекет Башчысы.



## ПАРЛАМЕНТТЕР АРАЛЫК АЛАКАЛАР УЛАНУУДА

Жогорку Кеңештин Төрагасы Нурланбек Тургунбек уулу Индиянын Кыргызстандагы элчиси Бирендер Сингх Ядавды кабыл алды. Жолугушууда эки мамлекет ортосундагы саясий-экономикалык, маданий-гуманитардык байланыштарды өнүктүрүү маселеси талкууланып, парламенттер аралык алакаларды арттыруу тууралуу да сөз болду. Ошондой эле Төрага Кыргызстан Индия менен бардык багыттарда кызматташууга кызыкдар экендигин белгилеп: "Эки өлкөнүн жетекчилери эл аралык аянтчаларда жолугушуп, алакаларды өнүктүрүү маселелерин талкуулап келишет. Себеби, бизде өнөктөштүктү өрчүтүүгө керектүү мүмкүнчүлүктөр өтө көп. Анын ичинен соода жүгүртүүнүн көлөмүн көбөйтүп, экономикалык байланыштарды тереңдетүүбүз кажет"- деди. Андан тышкары, Кыргызстанда көп жылдардан бери Индиянын миңдеген студенттери билим алып келе жатканын эске салган Нурланбек Тургунбек уулу агартуу жана саламаттыкты сактоо тармактарында да кызматташуу артыкчылыкка ээ экенин билдирди.



## ТУРИЗМ ЭКОНОМИКАГА САЛЫМ КОШУУДА

Министрлер Кабинетинин Төрагасы Адылбек Касымалиев Кыргызстанда туризмди өнүктүрүү боюнча Улуттук кеңештин кезектеги жыйынын өткөрдү. Жыйынга тиешелүү мамлекеттик органдардын жана туризм жаатындагы бизнес коомчулуктун өкүлдөрү катышты.

Адылбек Касымалиев өлкөдө туризм тармагы экономикага туруктуу салым кошо баштаганына токтолуп, 2025-жылдын 1-жарым жылдыгында туризмдин дүң кошумча наркы 30,18 млрд сомго жетип, ИДПнын ичиндеги үлүшү 4,3%ды түзгөнүн белгиледи. Ошондой эле туризм кызматтарынын экспорту – 529,5 млн долларды, импорту – 283,9 млн долларды түзгөнүн, салыктык түшүүлөр 8,486 млрд сомго жеткенин кошумчалады. Жыйында негизинен бир топ маселе каралып, анын ичинен туризм тармагынын 9 айдагы жыйынтыгы чыгарылды. Жетишкендиктер менен кошо кемчиликтер белгиленди. Ошондой эле тейлөө сапатын жакшыртуу, анын ичинде туризм тармагындагы дасыккан адистерди даярдоого өзгөчө көңүл бурулду.

## АК ИЛБИРСТИ КОРГОО – МИЛДЕТИБИЗ


Ак илбирстин эл аралык күнүнө карата Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын кызматкерлери «Ак илбирсти колдоо үчүн 23 мүнөт» акциясына катышышты. Иш-чара Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары Эдил Байсаловдун жана Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023–2027-жылдарга тоолуу аймактарды өнүктүрүү боюнча иш-аракеттердин беш жылдыгын ишке ашыруу боюнча атайын өкүлү Динара Кемелованын катышуусунда өттү. Акция Кыргызстандын туруктуу өнүгүү идеяларына жана жаратылышка аяр мамиле жасоого берилгендигин күбөлөндүрүп турат. Катышуучулар сейилдеп, ак илбирсти коргоо менен биз келечек муундар үчүн жашоонун, тең салмактуулуктун жана шыктануунун булагын сактап калаарыбызды эске салышты. Президенттин Администрациясы өлкөнүн бардык жашоочуларын жана Кыргызстандын дүйнө жүзүндөгү досторун тоолорубуздун сакчысынын жана адам менен табияттын ортосундагы гармониянын символун урматына 23 мүнөттү кыймылга – сейилдөөгө, чуркоого же каалаган башка активдүү аракетке арноого чакырат.

**Жазнура ТОКТОБОЛОТОВА**



КЫРГЫЗСТАН СЕНДЕН БАШТАЛАТ!

# ҮГҮТ ИШТЕРИН ЭРТЕ БАШТАГАНДАРГА ЧАРА КӨРҮЛӨТ



***Жогорку Кеңештин VII чакырылышынын депутаттары парламентти кезексиз таркатуу тууралуу демилгечи топтун сунушун колдоп, 25-сентябрда өзүн-өзү таркаткандан кийин дароо сүрөөнчүлөр чыгып, жалпыга маалымдоо каражаттарында, интернет-басылмаларда жана социалдык тармактарда шайлоого аттанган талапкерлерди колдогон посттор, сүрөттөр, видеолор, чакырыктар, билдирүүлөр байма-бай жарыяланып баштаган. Атургай, айрымдары кара пиар менен шугулданып, бири экинчисинин айыбын чукуганына күбө болуп жатканбыз. БШК билдирүү менен чыгып, үгүткө “старт” берилгенге чейин удургуп алгандарды кан буугандай эле токтотту.***

Тактап айтсак, борбордук шайлоо комиссиясы шайлоо алдындагы үгүт иштерин жүргүзүүнүн жол-жоболору, мөөнөттөрү боюнча түшүндүрмө берип, “Кыргыз Республикасынын Президентин жана Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоо жөнүндө” конституциялык Мыйзамынын талаптарына ылайык, шайлоо алдындагы үгүт иштери талапкерлерди каттоонун мөөнөтү аяктагандан кийин, добуш берүү күнүнө 20 күн калганда расмий башталарын билдирди. Ага чейин алабармандыкка алдырып, социалдык тармактарда кайсы бир талапкерди колдогон посттор, сүрөттөр, видеолор, чакырыктар, билдирүүлөр жарыяланса, ал мыйзам бузуу катары каралары айтты.

Албетте, БШК белгилеген маселелер туура. Анткени, Конституциялык Мыйзамдын 22-беренесинин 10-бөлүгүнө көз чаптырсак, шайлоо алдындагы үгүт деп таанылган маселелер так көрсөтүлгөн. Мисалы, тигил же бул талапкер үчүн добуш берүүгө же болбосо аларга каршы добуш берүүгө үндөөлөр, айрым талапкерлерге карата колдогон билдирүү, талапкерди шайлоонун же шайлабай коюунун мүмкүн болуучу кесепеттерин баяндап жазуу, талапкерлердин, алардын кесиптик иштерине же алардын өздөрүнүн кызматтык милдеттерин аткарууларына байланышпаган ишмердиги жөнүндө маалыматтарды таратуу – мыйзам бузууга жатат.

Ошондой эле Конституциялык мыйзамда кимдер үгүт иштерине катышат, кимдер катыша албастыгы да так көрсөтүлгөн. Ал нормаларга ылайык, мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлер (Жогорку Кеңеш менен жергиликтүү кеңештеринин депутаттарын кошпогондо) үгүт иштерине катыша албайт. Эгер Конституциялык мыйзамдын талаптарын бузгандар болсо, аларга бир нече чаралар каралган. Атап кетсек, шайлоо комиссиялары жана башка мамлекеттик органдар алгач эскертүү берет. Ага болбой эле үгүтүн жүргүзө берсе айып пул салат. Ага да карабай тоңмоюндук кылса, талапкерди шайлоодон четтетет.

Мындан сырткары, бул сапар журналисттер менен блогерлерге да тоскоолдук жаралып калды. Шайлоо алдындагы үгүт иштерине журналисттер, блогерлер, жеке жарандар катыша алышат, бирок мыйзам талабына ылайык сөзсүз түрдө талапкер менен макулдашуу жана келишим түзүшү зарыл болот. Тактап айтканда, талапкердин шайлоо фондунан каржылануу шарты менен гана үгүт ишин жүргүзөт.

Ошондой эле социалдык тармактын колдонуучулары дагы ушул эле тартипти сактоосу зарыл болот. Бул 22-берененин 11-бөлүгүндө жазылган. Мына ушул шарттарды көрсөткөн БШК шайлоонун үгүт иштеринин так белгиленген мөөнөттөрү жана жол-жоболору бар экенин эске салып, бардык маалымат каражаттарын, блогерлерди, жарандарды жана социалдык тармактардын колдонуучуларын мыйзамдын талаптарын сактоого чакырды.

Боршайком өкүлү Абдыжапар Бекматов жалпы элге кайрылуу жасап, шайлоо алдындагы үгүт иштерин жүргүзүүнүн мөөнөттөрү жана жол-жоболорун айтып, үгүт иштерин эрте баштагандарга чара көрүлөрүн белгиледи.

“30-ноябрга дайындалган Жогорку Кеңештин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоосуна саналуу күндөр калды. Шайлоонун негизги этаптары жүрүп жатканын көрүп жатасыздар. Шайлоо алдында үгүт иштерин жүргүзүүнүн жол-жоболору боюнча ар түрдүү түшүндүрмөлөр тарап жатат. Мындан улам биз жол-жоболорго тактоолорду киргизүүнү туура көрдүк. Кыргыз Республикасынын Президентин жана Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоо жөнүндөгү Конституциялык мыйзамдын талаптарына ылайык, шайлоо алдындагы үгүт иштерин жүргүзүүнүн мөөнөттөрү жана жол-жоболору так белгиленген. Башкача айтканда, талапкерлерди каттоонун мөөнөтү аяктагандан кийин гана жүргүзүлөт. Азыр социалдык түйүндөрдө үгүт иштерин эрте жүргүзгөндөрдү байкап жатабыз. Алар боюнча БШКнын алдындагы жумушчу топ тиешелүү иштерди жүргүзүп жатат. Талапкерге добуш берүүгө үндөөлөр, кайрылуулар үгүткө жатат. Шайлоочулар арасында эртелей талапкерди үгүттөгөн сүрөт, видеолорду жүктөө дагы шайлоо тууралуу мөөнөттүк жоболорду бузууга жатат. Шайлоо алдындагы үгүт иштерине мамлекеттик, муниципалдык кызматкерлердин катышуусуна тыюу салынат. Конституциялык мыйзамдын талаптарын бузгандар үчүн чаралар бар. Алар эскертүү, айып пулдарды салуу менен эле чектелбейт, талапкердин жарыштан четтетүү да каралган” деди.

Барыбыз байкагандай шайлоону мыйзамдын талаптарына ылайык кылып, таза жана калыс өткөрүүгө бийлик тарабынан катуу аракеттер көрүлүүдө. Мамлекет Башчысы Садыр Жапаров 30-сентябрда элге кайрылуу жасап, мамлекеттик кызматкерлерди, мугалимдерди жана дарыгерлерди шайлоого аралашпоого чакырган. Кимде ким аралашкан болсо кызматтан гана четтетилбестен, катуу жазалана тургандыгын белгилеген.

“Ушул жерден айыл өкмөттөн баштап мага чейинки ар бир мамлекеттик кызматкерге, мугалимдерге, дарыгерлерге да кайрыла кетейин. Шайлоого аралашпаңыздар. Кимде ким аралашкан болсо, кызматтан кетип эле тим калбайсыздар. Катуу жазалайбыз. Талапкерлердин эл менен болгон чогулушуна барып катышууга тыюу салбайбыз. Чогулуштарга барып, талапкерлердин программасын угуп, анан жүрөккө жаккан талапкерге добушуңуздарды бере бериңиздер. Бирок үгүт иштерине катышпаңыздар. Баланча талапкерди өткөрөм, түкүнчө талапкерди жыгам деп чуркабаңыздар. Бул шайлоону калыс катары башынан-аягына чейин мен өзүм көзөмөлдөймүн. Эгер кайсы бир округда адилетсиз иштер жаралган болсо, БШКнын териштирүүлөрүнө жеке өзүм барып катышам же комиссия түзүп, ишенимдүү кишилеримди жиберемин. Ар бир иштин жыйынтыгын калыс чыгарабыз” деген Президент.

Эске сала кетсек, Парламент өзүн-өзү таркаткандан кийин Президент Садыр Жапаров Жогорку Кеңештин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоону 30-ноябрга дайындаган. Учурда Борбордук шайлоо комиссиясы саясий өнөктүккө кызуу даярдык көрүп жатат. Кечээки күнгө карата шайлоого катышуу ниетин билдирген жарандардын тизмеси 400дөн ашты. Аламан жарышка ат салышууга белсенгендердин арасында Жогорку Кеңештин азыркы жана мурдагы чакырылышынын депутаттары, коомдук жана маданий ишмерлер, ырчы-чоорчулар бар. Тизме күн сайын уланууда. Элдин элегинен өтүүнү каалагандар 10-ноябрга чейин арыз тапшырса болот.

Кечээки күнгө карата Борбордук шайлоо комиссиясына арыз тапшыргандар төмөндөгүдөй болду.

№1 шайлоо округунан 18, №2 шайлоо округунан 11, №3 шайлоо округунан 22, №4 шайлоо округунан 13, №5 шайлоо округунан 16, №6 шайлоо округунан 11, №7 шайлоо округунан 11, №8 шайлоо округунан 19, №9 шайлоо округунан 16, №10 шайлоо округунан 17, №11 шайлоо округунан 6, №12 шайлоо округунан 16, №13 шайлоо округунан 11, №14 шайлоо округунан 17, №15 шайлоо округунан 11, №16 шайлоо округунан 11, №17 шайлоо округунан 14, №18 шайлоо округунан 13, №19 шайлоо округунан 26, №20 шайлоо округунан 17, №21 шайлоо округунан 11, №22 шайлоо округунан 11, №23 шайлоо округунан 15, №24 шайлоо округунан 12, №25 шайлоо округунан 15, №26 шайлоо округунан 12, №27 шайлоо округунан 24, №28 шайлоо округунан 12, №29 шайлоо округунан 16, №30 шайлоо округунан 14 талапкер ат салышууга арызын берди.

Мажоритардык шайлоо системасы менен өткөрүлүп жаткан бул шайлоодо 30 округдан 90 депутат шайланып келет. Ар бир аймактан үчтөн эл өкүлү болот. Үч депутаттын бирөө башка жыныстан болушу керек. Тагыраагы, эки мырза, бир аял же эки аял болсо, бир мырза мандат алат.

**Коомдук ишмер**
**Бектур АСАНОВ:**

- Үгүт иштерин эрте баштаган талапкерлерди көрүп жатабыз. Ал гана эмес, акча таратып жатат деген сөздөрдү дагы угуп жатабыз. Мына ушундай мыйзамсыздыкка бийлик катуу чара көрүшү керек. Добуштарды сатып ала баштагандарды кармап туруп, катаал жаза берип, өтө катуу жазалаш керек. Мына ошондо эл ишенет. Мурунку тополоңдор, үч жолку төңкөрүш так ушул адилетсиз шайлоонун, добуштарды сатып алуунун айынан болгон. Мурдагы бийлик башындагылар добуштардын сатылышына “шанс” түзүп берген. Азыр ага жол берилбеши керек.





**Жарандык активист**
**Мавлян АСКАРБЕКОВ:**

- Үгүт иштерин эрте баштагандарга чара көрүлүшү керек. Мен бул жерде бир маселени айта кетейин, буга чейин көтөрүп келе жатам. Жогорку Кеңешке жана жергиликтүү кеңештердеги шайлоо мандаттарына чектөө киргизүү керек. Конкреттүү бир мисал айтсам, Бишкек шаардык кеңешинде Лисниченко деген 24 жыл депутат болгон. 24 жылдын ичинде Бишкектин ичи толугу менен талканалып, парк аймактары, имараттар, бала бакчалар сатылып кетти. Акаев, Бакиев, Атамбаев эл тарабынан куулса да, бул депутат болуп кала берген. Мындайлар толтура. Жогорку Кеңеште, жергиликтүү кеңештерде он жылдап, он беш жылдап мандатын кучактап отурган депутаттарды көрүп жатабыз. Режим кулаганы менен мандатын сактап келе жаткан депутаттар азыр кайра эле шайлоого аттанып алышты. Биз буга чектөө киргизишибиз керек. Эки мөөнөттөн ашык шайланбашы керек, бул бир. Экинчиси, УКМК Төрагасы Камчыбек Ташиев жемкорлук менен соттолгон Раим Матраимовго кызмат кылгандар жоопко тартылат, мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарга барбайт деген. Жогорку Кеңеш – бул эң жогорку бийлик бутагынын бири. Кечээ Матраимовдон тил кат менен акча алып жүргөндөр талапкер болуп шайлоого бара жатат. Аларды биз билебиз. Элдин үмүтүн актап шайлоону таза өткөрүшүбүз керек.

**Зулпукаар САПАНОВ**

## ЭРЕЖЕЛЕРДИ БУЗГАНДАРГА АЙЫП САЛЫНДЫ

***Борбордук шайлоо комиссиясы үгүт иштерин жүргүзүүдө мыйзам бузууга жол берилген учурларга байланыштуу маселени карап, 30-ноябрга дайындалган Жогорку Кеңештин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоого катышуу ниетин билдирген жарандардын социалдык баракчаларындагы, айрым жеке жарандардын жарыялоолору жана билдирүүлөрү боюнча шайлоо алдындагы үгүт иштерин жүргүзүүдө мыйзам бузууга жол берилген учурларга байланыштуу чечимдер кабыл алынды.***

Натыйжада, №14 шайлоо округу боюнча өзүнүн талапкерлигин көрсөткөн Болотбек Дүйшеналиев 2025-жылдын 9 жана 12-октябрында өзүнүн Facebook социалдык тармагындагы жеке баракчасына мурдагы саясий ишмердүүлүгү тууралуу билдирүүлөрдү жарыялаганы үчүн Укук бузуулар жөнүндө кодексинин 65-беренесине ылайык 7 500 (жети миң беш жүз) сом өлчөмүндө айып пул салынды. Ошондой эле Баткен облусундагы Исхак-Полотхан айылдык кеңешинин төрагасы Гулам Матажиев 2025-жылдын 20-октябрында Facebook социалдык тармагындагы Салтанат Митиеванын жеке баракчасы аркылуу жарыяланган видеодо №2 шайлоо округу боюнча талапкер катары көрсөтүлгөн Ырысбек Атажановду эл алдында колдоо көрсөтүүгө чакырган. Ал видеокайрылуу талапкерди каттоо мөөнөтү аяктаганга чейин үгүт жүргүзүү катары бааланып, Исхак-Полотхан айылдык кеңешинин төрагасы Г.Матажиевге 7500 (жети миң беш жүз) сом айып пул салынды.

Мындан сырткары, №25 шайлоо округу боюнча депутаттыкка өзүнүн талапкерлигин көрсөткөн Төрөкан Жунусбеков 2025-жылдын 17-октябрында Facebook социалдык тармагындагы жеке баракчасына өзүнүн талапкерлигин көрсөткөндүгү тууралуу билдирүү жарыялап, анда жогорку саясий мамлекеттик кызмат адамдарынын аты-жөнүн коюп, “хадис” деп диний тематикага шилтеме жасап, мурдагы шайлоолордо колдонулган жасалма үгүт материалдарды жарыялаган. Ага да 7 500 сом (жети миң беш жүз) өлчөмүндө айып пул салынды. Дагы бир №16 Талас шайлоо округунан депутаттыкка өз талапкерлигин көрсөткөн Медер Чотоновдун мурдагы кайрымдуулук иштери тууралуу оң мүнөздөгү видеотасманы кайталап чыгарган. Шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүү эрежелерин бузгандыгы үчүн Талас УТРКга юридикалык жак катары 28 000 (жыйырма сегиз миң) сом өлчөмүндө айып пул салуу чечими кабыл алынды.

**“Эркин-Тоо” пресс**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

МЕКТЕП МЕДИЦИНАСЫ

## Бактыгүл ЖУМАГУЛОВА:

# “Баланын ден соолугу көзөмөлдөн чыкса, келечекке сокку болот”



***Өлкөбүз эгемендүүлүк алган жылдардан кийин мектеп медицинасына көңүл бурулбай, билим берүү мекемелериндеги медициналык кабинеттер жоюлуп кеткен. Акыркы 15 жыл аралыгында саламаттык сактоо тармагынын бул багытын кайра калыбына келтирүү аракеттери жүрүп, бирок ишке ашкан эмес. Ушул апта башында Кыргызстандын 150 мектебинде тиш дарылаган кабинеттерди ачуу пландалып жатканы белгилүү болду. Бул тууралуу Sputnik маалымат борборунда өткөн брифингде Саламаттык сактоо министринин орун басары Каарманбек Байдавлетов билдирди. Анын айтымында, учурда тийиштүү эсептөөлөр жүргүзүлүүдө. Келечекте миңден ашык окуучусу бар мектептерде стоматологиялык кабинеттер пайда болот. Ал арада биз 15 жылдан бери мектеп медицинасын кайра калыбына келтирүү маселесин көтөрүп, балдардын ден соолугун изилдеп жүргөн балдар дарыгери, мектеп жана бала бакча боюнча адис Жумагулова Бактыгүл айымга кайрылып, бул тармактын көйгөйлөрү тууралуу сөз кылдык.***



**– Бактыгүл айым, жакында мектептерде тиш дарылоочу кабинеттер ачыларын угуп кубанып турабыз. Сиз 15 жылдан бери мектеп медицинасын изилдеп келесиз. Алардын жыйынтыгы тууралуу айтып берсеңиз.**

– Туура белгилеп өттүңүз. Мен Саламаттык сактоо министрлигинин алдындагы Коомдук кеңеште мүчө болуп жүргөн кезде балдар дарыгери катары маселени көп эле жолу көтөрүп чыгып, кеңеш колдоп, изилдөөлөрдү жүргүзгөнбүз. Анда ЮНИСЕФтин изилдөөсү боюнча балдардын, өспүрүмдөрдүн ден соолугунда маселелер бар экендиги, алардын медициналык тейлөөгө болгон муктаждыгынын курчтугу аныкталган. 15 жыл мурдагы изилдөөдө медицина балдар үчүн жеткиликтүү эмес экендиги жана окуучулардын сергек жашоо образы тууралуу маалыматы жоктугу белгилүү болгон. Айрыкча региондордо көйгөй көп. Мына жакында мектептерде тиш дарылоочу кабинеттердин ачылышы тууралуу айтылды. Эгер маселенин тереңине келсек, азыр жаш балдарда курч стадиядагы өнөкөт тиш тамырынын тегерегиндеги сезгенүү жана ириңдүү периостит көп кездешүүдө. Жада калса 1 жаштагы баланын тишинде маселе жаралууда. Аны өз убагында дарылабаса остеомиелит, флегмона жана медиастинитке алып келип, өмүргө коркунуч жаралышы ыктымал. Ушул себептен медициналык кабинеттердин ачылуусу жана окуучулардын тиш дарыгерлеринин көзөмөлүндө болушу эң туура чечим. Буга чейин ДСУ жана Россия Федерациясынын колдоосу менен Кыргызстанда “Мектеп медицина чөйрөсү” деген изилдөө жүргөн. Анда ири шаарлардагы мектептерде гана текшерилген жана аларда медициналык тейлөө болушу зарылчылык экени далилденип берилип, өкмөткө бир нече сунуштар айтылган. Чындыгында балдардын физикалык өсүшү, психикалык саламаттыгы убагында текшерилип турушу абзел. Биз элебей, убагында мектеп медицинасын колдон чыгарып жибергенибиз туура эмес болгон. Баланын ден соолугу көзөмөлдөн чыкса, келечекке кандай сокку болору айтпаса да белгилүү. Мына эми өкмөт колдой баштады. Эгер кабинеттер ачылып калса, керектүү жабдуу, шаймандар менен камсыздоо маселеси да каралууда. Министрлик алдын ала эсептөөлөрдү жүргүзүүдө.

**– Азыр айрым мектептерде атайын кабинеттер бар да, же такыр эле жокпу?**

– Бишкек шаарындагы айрым мектептерде бар. “Ага хан” фондунун колдоосу менен тоолуу райондордогу 30дан ашык мектепте ачылган. Алар тиешелүү шаймандар менен камсыздалган. Мурда Бишкек шаарындагы 20 эле мектепте тиш дарыгеринин кабинети бар эле. Акыркы жылдары 1, 2 мектепте эле иштеп, такыр жокко эсеfirst болчу. Ошондуктан 15 жылдан бери тынбай, үмүт үзбөй тил безеп келдик. Эми убакыт-сааты чыгып, бийлик келечек үчүн кам көрө баштады. Жалпы эл, коом мектеп медицинасы тууралуу унутуп деле калган эле.

**– Кадр даярдоо маселеси кандай болот?**

– Саламаттык сактоонун жаңы системасында, балдар медицинасы үй-бүлөлүк дарыгерлер тобуна жүктөлүп калган. Бирок, акыркы кезде ҮБДнын алдында да мектеп жана бала бакчадагы балдардын саламаттыгын караган бөлүмдөр ачылган. Анткени менен дарыгерлер баарын тейлеп жетишишпейт. Балдар үчүн медицина жеткиликтүү болушу зарыл. 10 жашка чейин балдар мамлекеттик кепилдик программаларынын алкагында кароодон бекер өтүп, тиштери бекер дарыланып, пломба коюлушу керек. Ошол себептен медициналык билим берген окуу жайларда, Дарыгерлерди кайра даярдоо институтунда мектеп медицинасы, өспүрүмдөрдүн саламаттыгы деген цикл киргизилип, дарыгерлер даярдалып жатат. Ушул кезде үй-бүлөлүк медицина борборлорунда балдардын саламаттыгын жакшыртууда дарыгерлерге психологдор, соцпедагогдор да жардамга келе баштаҷты. Башкача айтканда иш комплекстүү түрдө жүрүп, жолго коюлууда.

**Жазгүл КЕНЖЕТАЕВА**

МААЛЫМАТ

### ЖАҢЫ ДОСТУК АЙЫЛЫ БҮТТҮ

Кыргызстан менен Тажикстандын мамлекеттик чек араларын делимитациялоого ылайык, Баткен жана Лейлек райондорунун айрым аймактарын Тажикстан менен алмашуунун натыйжасында Баткен районунун Кара-Бак айыл аймагынын Достук айылынын тургундарын көчүрүү үчүн Жаңы Достук айылына 181 турак үй курулган. Достук айылынын тургундары үй-бүлөсү менен Жаңы Достук айылындагы жаңы турак жайына көчүп келүүдө. Достук айылынын айыл башчысы Адалат Айтбаеванын айтымында, таза суу курулмалары курулган. Бир-эки күндө айылга таза суу берилсе, тургундар үйлөрүндө толугу менен жашап баштайт. Жаңы айылга Баткен районунун Ак-Татыр жана Самаркандек айыл аймактарынын айрым тилкелеринин тургундары да жайгашат. Белгилей кетсек, Лейлек районунун аймагындагы айрым алмашылган аймактардын жашоочулары үчүн Раззаков жана Максат айылдарында жалпы 76 турак жайдын курулуш иштери да дээрлик аяктап калды.





### 100 ОРУНДУУ ООРУКАНА КУРУЛУУДА

Жалал-Абад облусунун Токтогул районунда 100 орундуу оорукананын курулушу жүрүп жатат. Жаңы курулуп жаткан имарат үч кабаттуу болуп, 100 керебетке ылайыкташтырылат жана заманбап медициналык кызмат көрсөтүү талаптарына жооп берет. Ошондой эле оорукананын аймагында балдар үчүн өзүнчө реабилитациялык борбордун курулушу да башталган. Ага катар Токтогул шаарында 750 орундуу мектептин курулушун баштоо даярдыктары жүрүүдө. Башталган курулуштарды 2026-жылдын соңуна чейин бүткөрүү пландалууда.

### КӨЧӨТ ОТУРГУЗУУ ИШТЕРИ УЛАНУУДА

Бишкек шаарынын мэри Айбек Жунушалиев Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министри Медер Машиев менен бирге Свердлов районундагы №12 мектептин аймагына көчөт отургузду. Мындан тышкары, Чүй проспектиси менен Курманжан Датка көчөсүнүн кесилишине да жашыл бак-дарактар отургузулду. Көчөт отургузуу иштери «Жашыл мурас» долбоорунун жана Экокеңеш-2025 чечимдеринин алкагында уюштурулуп, мектеп аймактарына өзгөчө көңүл бурулган. Жалпысынан борбор калаага 10 миң көчөт отургузуу пландалуууда, бул иштер шаардын башка райондорунда да уланууда.

### АК-ТАЛААДАГЫ СААМАЛЫКТАР

УКМК Төрагасы генерал-полковник Камчыбек Ташиев Нарын облусуна болгон жумушчу сапарынын алкагында Ак-Талаа районунун Баетов айылындагы спорт комплексинин курулушуна мезгил кутусун салды. Аталган спорт комплексинин жалпы аянты 2160 чарчы метрди түзүп, 2 кабаттан турат. Ошондой эле Ак-Талаа районунун Баетов айылындагы коомдук маданий борборунун курулушуна капсула салды. Долбоордун курулушу Президенттин турукташтыруу фонду тарабынан каржыланат. Жалпы сметалык баасы болжолдуу 150 млн сом. Мындан сырткары, Президенттин турукташтыруу фондунан Ак-Талаа районуна алынган атайын техникаларды тапшыруу аземине катышып, району жаңы төрөт үйү, спорт комплекси камтылган ири футбол аянты, ипотекалык үйлөр курула тургандыгын билдирди.




### АК-ИЛБИРС ЭЛ АРАЛЫК ФОРУМУ

Кечээ Бишкекте «Бизнес, экология жана спорт – Ак-Илбирс 2025» аттуу форум өттү. Ал 23-октябрь – Бүткүл дүйнөлүк ак илбирс күнүнө арналды. Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигинен билдиришкендей, бул күндү белгилөө демилгеси Кыргызстанга таандык болуп, БУУнун Башкы ассамблеясынын чечими менен расмий түрдө эл аралык дата катары кабыл алынган. Форум – ишкер чөйрөнүн, спорттук уюмдардын, мамлекеттик түзүмдөрдүн жана экологиялык демилгелердин өкүлдөрүн бириктирген өзгөчө аянтча болуп саналат. Иш-чаранын негизги максаты – ак илбирсти жана Кыргызстандын тоолуу экосистемаларын сактоого көмөктөшүү.

**Кылычбек КУДАЙБЕРГЕНОВ**

СИМПОЗИУМ



# АЛП ЭР ТОҢДУН УРПАКТАРЫ

Өзбекстандын борбору Ташкент шаарында 2025-жылдын 16-октябрында Ташкент Чыгыш таануу мамлекеттик университети, Өзбекстан Республикасынын жогорку билим берүү, илим жана инновациялар министрлиги, Түрк мамлекеттер уюму, ТҮРКСОЙдун Башкы катчылыгы, Ташкент эл аралык университети жана Өзбекстандын Улуттук медиа ассоциациясынын өнөктөштүгүндө «Алп Эр Тоңдун урпактары – Караханиддер: Караханиддер доорундагы түрк дүйнөсү жана ислам ааламы» деген темада эл аралык симпозиум болуп өттү. Бул иш-чарага Азербайжан, Түркия, Казакстан, Кыргызстан, Венгрия, Түндүк Кипр жана Өзбекстандан 60тан ашуун жогорку окуу жайларынын өкүлдөрү, окумуштуулар жана илим изилдөөчүлөр катышышты. Симпозиумдун жүрүшүндө Караханиддер доорунун тарыхы, тил илими, маданияты жана цивилизациясы тууралуу илимий баяндамалар угузулду.

Симпозиумдун ачылышында Ташкент мамлекеттик чыгыш таануу университетинин ректору, профессор, доктор Гүлчехра Рыхсиева, Өзбекстан Республикасынын жогорку билим берүү, илим жана инновациялар министри, профессор, доктор Конгратбай Шарипов, Түрк мамлекеттер уюмунун башкы катчысы, элчи Кубанычбек Омуралиев, ТҮРКСОЙдун башкы катчысы Султан Раев, Эл аралык түрк академиясынын президенти, профессор, доктор Шахин Мустафаев, журналистика жана массалык коммуникациялар университетинин ректору, «Эл аралык пресс-клуб» бейөкмөт уюмунун төрагасы Шерзодхон Кудратходжалар сөз сүйлөштү. Аталган симпозиумга "Эркин-Тоо" мамлекеттик расмий гезитинен мен да катышып, **КАРАХАНИЙЛЕР ДООРУ ЖАНА ИМАМ САРАХСИ** деген темада сөз сүйлөдүм:

Караханий мамлекети – Борбордук Азияда жайгашкан түркмусулман элинен түптөлгөн орто кылымдагы 2 кылымдан ашык өкүм сүргөн өнүккөн мамлекеттердин бири болгон. Борбор калаалары Баласагын (942—1130), Кашкар (1130—1211), Самаркан (1040—1212) шаарларынан турган. Мамлекеттик тили арабча, жарым кытайча, жарым түркчө жана фарсыча иш алып барган. Мамлекетти башкаруу формасы Монархиялык негизде жүргүзүлгөн. Мамлекеттик ички саясатынын жүрүшүндө анда жашаган чигил (жикил), ягма, карлук, аз, тухси уруулары чоң роль ойногон. Башкаруучу династия чигил уруусунан чыккан. Караханий мамлекетинин биринчи башкаруучусу Сатук Абд ал-Карим Карахандын ысмынан аталган. Ал жайкысын көбүнчө Суусамыр жайлоосунда жайлагандыгы, күндөрдүн биринде ага кымызга кошуп уу берүү аракети жасалгандыгы жөнүндө да маалыматтар сакталып калган. Сатук Абд ал-Карим 955-жылы каза болуп, анын сөөгү Кыргызстандын аймагындагы ошол учурдагы ири шаарлардын бири – Артушка коюлган.

Анын эки уулу (Байраш Муса жана Сулайман Илек) болгон. Мамлекетти башкаруу иши тун уулу Мусага ыйгарылган. Ал Арслан хан деген наам менен падыша болуп жарыяланган. Ислам динин чындоо максатында 960-жылы Баласагун шаарында ислам динин мамлекеттик дин деп жарыялап, атайын мыйзам менен бекиткен. Өз мамлекетинин чегарасын кеңейтип, бекемдөө үчүн болгон күрөштөрдүн биринде 918-жылы Муса Арслан хан каза болуп, анын сөөгү Кашкар шаарына коюлган. Караханийлер дөөлөтүнүн башкаруучулары күрөштү эки багытта: Исфижаб (Чымкен) шаары менен Фергана өрөөнүндө жүргүзүшүп, ийгиликтерге жетишкен. 1032-жылдан кыргыздар жашаган бардык аймак толугу менен Арслан хандын уулу Тамга Карахан Аалы Асанга өткөн. 1069-жылы Жусуп Баласагундун «Куттуу билим» дастаны ушул ханзадага арналып жазылганы боюнча да маалыматтар бар. Караханий мамлекетинин учурунда маданият өнүгүп, зор имараттар курулган. Ошол доордо Махмуд Кашгари, Жусуп Баласагун өзүлөрүнүн белгилүү эмгектерин жаратышкан. Караханий мамлекетинин тушунда эң үлгүлүү мамлекетти башкаруу жобосу (аппараты) түзүлгөн. Өзгөн шаарында атайын имараттар курулган. А.Бернштамдын маалыматы боюнча Өзгөндөгү комплекстин 1112-жылы курулган 1-имараты Карахан мураскери Аалы Кылычка арналса, экинчиси 1187-жылы курулуп, Кылыч Тамгага арналган. Кыргыздар жана түркий тилде сүйлөгөн башка элдер тарабынан түзүлгөн Караханий мамлекети батыш тарапка кеңейип, Шаш (Ташкен), Самаркан, Бухарага чейинки аймактарды өзүнө каратып, саясий күрөштөргө активдүү катышып, 1212-жылдарга чейин бирдиктүү мамлекет катары өкүм сүргөн.

**УЛУУ ААЛЫМ ИМАМ АС-САРАХСИЙ**

Мен бүгүнкү сөзүмдө Шамсулаимма Мухаммад бин Абу Сахл ас-Сарахсий деген дин аалымынын өмүр-таржымалына, бизге калтырып кеткен баа жеткис мурастарына кененирээк токтолуп кетсем деп турам. Абу Бакр бин Мухаммад бин Ахмад бин Аби Сахл Ас-Сарахси ислам дини, ислам дининдеги Ханафий мазхабы жана фикх илими жөнүндөгү ондогон китептерди жазган атактуу ислам аалымы болгон. Айрым тарыхый булактардагы маалыматтар боюнча ал 1096-жылдары (хижрий 490-ж.), айрым маалымат булактары боюнча 1090-жылдары (хижрий 483-ж.) жашап өткөн. Имам Сарахси Караханий мамлекетинин Марв (Мерв) жана Найсапур (Нишапур) шаарларынын ортосунда жайгашкан Сарахс деген жерде төрөлгөндүгү үчүн өз атына жердигин билдирип турган "Сарахси" (сарахстык) сөзү кошулуп айтылып калган.

Имам Сарахси Ханафи мазхабындагы алдыңкы аалымдардан болгон. Бул мазхаб жөнүндө эбегейсиз зор эмгектерди жаратып, мурас калтырган. Ал көптөгөн шакирттерди даярдаган. Көптөгөн имамдар андан билим алышкан. Башка аалымдардан айырмаланып, анын күчтүү билими, теңдешсиз эмгектери адамдардын жан дүйнөсүнө жарык чачып, ааламга Күндүн нуру сыяктуу чачырап тургандыгы үчүн замандаштары аны Күнгө, Күндүн нуруна теңеп, "Шамсул Аимма" же "Имамдардын күнү" деген ат ыйгарышкан. "Шамсул Аимма" деген сөз араб тилинен которулганда, "Шамс – Күн, Аимма – имамдар" дегенди түшүндүрөт. Чындыгында, анын илимий эмгектери ааламга Күн сыяктуу нурун чачып турган. Буга анын бир эле "Аль-Мабсут" китеби мисал боло алат. Факих аалым фикх илимин терең өздөштүргөндүктөн, анын "Аль-Мабсут" китеби исламдагы ханафий мазхабынын юриспруденциясы (фикх илими) жөнүндө жазылган дүйнөдөгү теңдешсиз салмактуу, теңдешсиз баалуу эмгек болуп сакталып калган. Бул эмгекти бүгүнкү күндө да Ханафий мазхабы жөнүндө жазылган дүйнөдөгү эң далилдүү эмгек катары баалашып, аны ушул күнгө чейин улуу окумуштуулар да колдонуп келе жатышат.

Баяндамалардын биринде зындандан чыккандан кийин (кээ бир маалыматтарда зынданга кирерден мурда деп жазылат) шаардын акими Имам Сарахсини башка факихтер менен бирге конокко чакырат. Аким балалуу күңдөрүн көз карандысыз эркек кызматчылары менен баш коштурат. Аким аалымдардын бул маселе жөнүндө көз караштарын сурайт. Сарахсийден башка бардык аалымдар «Жакшы кылдың» деп, акимдин бул ишин макташат. Бирок Имам Сарахси бул маселеге көңүл коюп, «Ката иш кылдың. Себеби бул күңдөрдүн (Уммул Валад) күйөөлөрү булардан мурда күң эмес, эркин аялдарга үйлөнүшкөн болчу. Сен алардын эркин аялдарына бирден күң аялды күндөш кылып койдуң» деп жооп берет. Аким «Андай болсо алар менен ажыраштырам, эркиндик берем» деп алардын баарын бошотуп, күңдөрүнүн никелерин кайрадан жаңылайт. Аалымдарды кайрадан чакырып, суроо узатат. Аалымдардын баары дагы «Жакшы иш кылдың» дешет. Бирок бир гана Имам Сарахси дагы каршы чыгып, «Дагы ката иш кылдың. Себеби, Уммул Валад сени менен ажырашкандан кийин, экинчи үйлөнүүдөн мурда шариятта көрсөтүлгөндөй, идда күтүүсү зарыл. Мындай абалда иддасы бүтө элек аялдарга нике кыюу туура эмес. Бул маселени изилдеп көрүү керек, ошон үчүн мындай нике жараксыз» дейт. Алла Таала Имам Сарахсини ушундай таң калтыруучу жооптору менен башка аалымдардан жогору кылган. Имам Сарахси араб тилин жакшы билген. Чыгармаларын жалаң араб тилинде жазган. Кээ бир учурларда гана фикх маселелерин ачыктоо үчүн фарс тилин да колдонгон. Ал математика жана география илимин да мыкты өздөштүргөн. Ыр менен да алектенип, көп учурда ыр саптарын жазган. Анын ыр саптарын «Аль-Мабсут» китебинен да кездештирсе болот.

Ислам ааламы тыштан келген кол салуулар менен опузаланган учурда Караханиддерде да ички башаламандыктар аз эмес эле. Бул өлкөдө эң диндар факихтердин айрымдарын жазалаган бийлик менен уламалардын арасында келишпестиктер болуп турган. Күндөн-күнгө салыктын баасы жогорулап, Имам Сарахси буга каршылыгын билдирген жана салыктын көбөйүшүн кабыл албаган адамдардын чечимин туура көрүп, мунун аларга пайдалуу экендигин эскертип турган. Бул эл көтөргүс ашыкча салыкты төлөбөөгө үндөгөн фатва чыгарган. Душмандары Каган Амир Хасанга Ас-Сарахсинин элди көтөрүлүшкө чакырды деп чагымчылык кылып, Каган Амир Хасан тарабынан 1073-жылдары (хижрий 466-жылдары) Имам Сарахси Өзгөн шаарындагы зынданга салынат.

"Аль-Мабсут" сыяктуу эмгектерди калтырып кеткен ушундай даңазалуу аалымдын 1000 жыл илгери биз менен мекендеш болуп жашап, Кыргызстандын Өзгөн шаарында Ханафий мазхабынын негизин түзгөн улуу эмгектерди жазып кеткендиги дүйнө мусулмандарынын алдында биз үчүн чоң сыймык жана анын эмгектери ошол күндөн бүгүнкү күнгө чейин Ханафи мазхабын даңазалаган эмгектердин эң далилдүүсү, эң улуусу болуп келе жатат. Отуз томдуктан турган "Аль-Мабсут" эмгегин имам Сарахсий Өзгөн шаарында зынданда жаткан 15 жыл аралыгында эч кандай китеп колдонбой, өзүнүн алган диний илиминин тереңдигине таянуу менен шакирттерине айтып жаздырган. Эс тутуму менен бүтүндөй адамзатты таң калтырган дүйнөлүк даражадагы аалымдын зор эмгектерин сактоо, ата-бабаларыбыздан бери жашап келе жаткан Ханафий мазхабын жайылтуу, урпактан-урпакка өткөрүп берүү жалпы мусулмандардын улуу милдети. Анын Аль-Мабсут деген чыгармасы Ханафи мазхабындагы эң негизги төрт китептин бири болуп кабыл алынган. Өзүнүн көз карашынын тууралыгын эле далилдебестен, башка бардык көз караштар жөнүндө да бир системада анализ жүргүзгөн чоң эмгек. Имам Сарахси шарият маселелерин салыштырмалуу анализ жүргүзүү жолу менен жазган биринчи аалым болгон.

Шамсул Аимма Ас-Сарахси өз эмгектери менен биздин дүйнө таанымыбызды кеңейтти. Ал бизге эчендеген баа жеткис китептерин мурас кылып калтырып кетти. Анын өз учурунда Күн сымал чачкан билим нурлары биздин бүгүнкү жашоо-турмушубузга чейин келип жетип, анын Ханафий мазхабы жөнүндөгү эмгектери бизге жол көрсөтүп, бизди билимге сугарып отурат. Имам Сарахси чындыкты кесе айткан өткүр аалым болгондуктан, анын ачуу чындыкты айткан сөздөрү өз заманындагы бийлик төбөлдөрүнө жакпай калып куугунтукка алынып, зынданга салынат. Зынданда 15 жылдык өмүрү өтөт. Аалым Сарахс жергесинен Фергана өрөөнүндө жайгашкан, ошол кездеги Караханийлер мамлекетинин чыгыш борбору болгон Өзкент (азыркы Өзгөн шаары) шаарына көчүп келип, өмүрүнүн акырына чейин ушул жерде жашоосун улантып, ушул жерде ааламдан өтөт. Аалымдын сөөгү Өзгөн шаарына коюлган. Улуу факих Шамсул Аимма Абу Бакр Мухаммад бин Аби Сахлис-Сарахси 1090-жылдары (хижрий 483-жылдары) 81 жашында дүйнөдөн өткөн.

"Дин Арабияда, илим Орто-Азияда" деген сөз да төгүн жерден айтылбаса керек. Ислам дини Орто Азияга келгенден баштап эле бул аймакта көптөгөн аалымдар чыгып, Орто Азия элдери жалпы ислам цивилизациясына жигердүү салым кошкону маалым. Мисалы, Бухара шаарынан чыккан Абу Абдуллах Мухаммад бин Исмайил аль-Бухарий аль-Жаамиус-сахих аттуу китеби менен хадис илиминде кадыр-барктуу орунга ээ болуп, ислам ааламына орундуу салымын кошкон. Бул эмгек хадис илиминде "Алланын китебинен кийинки эң сахих китеп " деген чоң атка ээ болгон. Абу Абдуллах Мухаммад бин Исмайил аль-Бухарий бул багытта алдыңкы аалымдардын катарына кирген. Самарканддык Абу Мансур Мухаммад бин Мухаммад аль-Матуридий акыйда-калам илими боюнча аалымдардын көч башында турган. Ислам акыйдасы багытында өзүнүн мектебин – матуридий акыйдасын түптөгөн.

Ошондой эле байыркы ордолуу Ош шаарынан чыккан аалымдардын да ислам цивилизациясына салым кошууда уучу кур эмес. VI-VII кылымда Ош шаарында туулуп өсүп, жашаган аалым Сиражуддин аль-Оший ал өз кезинде хадис, фикх, акыйда сыяктуу ислам илимдери боюнча ар түрдүү китептерди жазып, өзүнөн кийинки муундарга илимий мурасты өткөрүп берген. Сиражуддин аль-Оший Караханийлер мамлекетинин карамагындагы Фергана аймагына кирген Ош шаарында илмий иш-аракеттерди жүргүзгөн. Алуддин Абу Бакр бин Масьуд аль-Касаний дүйнөгө Казыхан деген аты менен таанымал болгон Хасан бин Мансур аль-Өзгөний жана Бурхануддин Али бин Абу Бакир аль-Маргаланий сыяктуу белгилүү аалымдар мына ошол Фергана өрөөнүнөн чыгышкан.

**Бахпурбек АЛЕНОВ**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

ТУУЛГАН ЖЕРИМ – АСЫЛ ТУРАГЫМ

# Кылым карыткан КЫТАЙ АЙЫЛЫ




***Өлкөбүздүн ар бир айыл-кыштагы түптөлүү тарыхына, санжыра-окуяларга бай эмеспи. Жайгашкан жерине, жашаган элине, аталышына жараша көрк берип турат. Жөнөкөй айыл болгону менен улуттун наркын жүргүзүп, идентүүлүгүн сактап, мамлекеттин бир бүтүндүгүн түзгөн аары уюгуна окшоп кетет. Улуу жазуучу Ч. Айтматов да "Ааламга жол – айылдан башталат" деп бекеринен айтпаса керек. Анткени уюткулуу уңгу, элдик өзөк, тил жана маданият, нарктуулук айылдын көрөңгөсүндө эмеспи. Качан алар ааламга умтулуп, билим менен айкалышканда элдик залкарларды жаратып, өлкөбүзгө өрнөктүү салымын кошууда.***

Ысык-Көл облусуна караштуу Жети-Өгүз районунун Кытай айылы да кылымдык тарыхый түптөлүүдөн басып өтүп, айылдык статусун алганына 100 жыл болуп отурат. Төрөкул Айтматов 1924–26-жылдары ББСКПнын Кыргыз обкомунун 2-катчысы, Каракол–Нарын жана Жалал-Абад кантондук комитеттеринин катчысы болуп иштеген учурда желе байланган дөбөнүн үстүндө (азыркы Желе-Дөбө айылынын үстү), кышкысын көл жээгиндеги кыштоолордун биринде жашап келген. Кытай уруусунун жашоочуларынын бири Маке атанын булгаары буюмдары аркылуу көл аймагында дагы кытай уруусу бар экендигин билген. Ошол учурда кытай уруусунун Эл башында жүргөн аталарыбыз Жанбарак, Абдылдакун Төрөкул Айтматовго айылдын отурукташуусу жана расмий мыйзамдашуусу боюнча кайрылган. Ал кишинин колдоосу менен эл жашаса Кулбарак коктусу бар, чалкып жаткан Ысык-Көлү бар, Улан шамалын тосуп турган Оргочор тоосу, дыйканчылыгына молчулук берген, айыл аралай аккан кашка суусу Сай-Арыгы бар, 10 чакырым жанында Пржевальск шаары бар Кытай айылын мыйзамдаштырып, айыл статусу ыйгарылып берилген.

1961-жылдары СССРдин "Койсары" №954 Аскердик сынак базасына көп каттаган бийлик өкүлдөрү ошол кездеги СССР менен Кытай Эл Республикасынын ортосундагы араздашуудан улам саясий чечим менен Кытай айылынын атын "Комсомольское" деп өзгөртүшкөн. 1991-жылы Кыргыз Республикасы эгемендүүлүк алгандан баштап Кытай айылы деп оозеки гана айтылып келген. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 9-январындагы жарлыгы менен айыл Кытай айылы болуп бекитилген.

Айылдын негизделиши менен Молдожий ата өз үйүн мектеп кылууга берген. 100 жылдык мектептин тарыхында 12 директор эмгектенип, 1970-71-жылдары мектеп директору Төлөн Дыйканбаевдин демилгеси менен типтүү мектеп курулган. Азыркы учурда Турдубек Дыйканбаев атындагы эки кабаттуу заманбап мектепте окуучулар билим алууда.

Мамлекеттик кызматты аркалап, өлкөсүнө өрнөктүү салымын кошкон айылдын атуулдары менен ар дайым сыймыктанып келебиз. Алар, коомдук ишмер, Кыргыз ССРинин депутаты болгон, "Кызыл Жылдыз" орденинин ээси Ахмат Көчөрбаев, Кыргыз циркинин өнүгүшүнө чоң салымын кошкон инсан Абубакир Изибаев, Кыргыз ССРинин депутаты Кенжебүбү Алымбаева, Улуу ата мекендик согуштун ардагери, "Лениндин 100 жылдыгы", "Эмгек кызыл туу", "Эл достугу" медалдарынын ээси Бектемир Кулбараков, коомдук ишмер, тарыхчы, тарых илиминин кандидаты, профессор, Кыргыз Республикасынын "Даңк" медалынын ээси Шаршен Керимбаев. «Ардак белгиси» орденинин ээси, Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген энергетиги Эркин Эшимбеков, Кыргызстандагы биринчи театр сүрөтчүсү, коомдук ишмер, Кыргыз Республикасынын Эл сүрөтчүсү Макен Сыдыкбаев, Кыргыз Республикасынын Эл артисти, "Даңк" орденинин ээси Жамиля Сыдыкбаева, Эл агартуунун отличниги, композитор Алымкул Султаналиев, Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген юристи, "Даңк" медалынын ээси Анара Керимбаева, Кыргыз ССРнин КГБ полковниги, улуттук коопсуздук органдарынын эмгек сиңирген ардагери, "СССРдин куралдуу күчтөрүнүн 70-жылдыгы" жана "Күжүрмөн кызмат өтөгөнү үчүн" 2-даражадагы медалдын ээси Таалайбек Бектемиров, Юридика илимдеринин доктору, профессор, Улуттук илимдер академиясынын мүчө-корреспонденти Нурлан Шерипов, карате-до боюнча спорт чебери, Азиянын чемпиону Алишер Шамыратов жана башкалар. Ошондой эле аскердик кызмат өтөө тармагында 20 га жакын полковник, подполковник, 19 улук офицер, илим жана билим тармагында 4 илимдин доктору, профессору, 4 илимдин кандидаты, саламаттык сактоо тармагында 16 дарыгер, спорт тармагында 3 спорттун кандидаты эмгектенүүдө.


Акыркы жылдары айылдын ички жана сырткы маселесин чечип, элдин ынтымагын сактап, өнүгүүсүнө өз салымын кошкон, алгачкы башкармалык кылган Сабыр Текебаев сыяктуу 8 айыл башчылары да аракет-дараметин жумшашкан. Айыл-чарба, дыйканчылык, малчылык тармагында айылын баккан азаматтар, жеке ишкерлик кылган мырзалар да колдоп келишет. Айрыкча айылдан кирип, жолуна басыгыңды таштаганда өз киндигиңе кайтып келип, "мен киммин?", "мен кайдан келдим жана кайда барам" деген өзөктүү суроого жооп тапкандай сезимде жашай баштайсың. Кулбарак жана Жанбарак сыяктуу аталардын нускалуу кептери кулагыңа угулуп, жан дүйнөңдүн рухун ойготуп, кыргыз болуп жаралганыңа миң мертебе шүгүрчүлүк келтиресиң. Абасынан кере-кере дем алып, жүрөгүңдүн тынчтыгын сезесиң. Айылдын деми, жыты жаныңа бир учурда кубат берсе, бир учурда жан жыргаткан обонго бөлөйт. Ал кыргыз жерим, мекеним – алтын бешигим, терметет, термелесиң.

Ысык-Көл жергесинде алакандай Кытай уруусу айыл түптөп, мамлекетке мекенчил атуул тарбиялап, өрнөктүү айыл турмушун кечирип турган учуру. Келечекте айыл мындан да гүлдөп өсүп, мамлекет үчүн уул-кыздарын кошуп, нарк-насилдүү тургундары менен таанылa берсин деп тилейбиз. Айылдын ардактуу аксакалдары, улуу муундары урпактарын тарбиялап, жаштары адал эмгек, ак ниет менен коомчулугубузга салымын кошо берсин.

**КУЛБАРАКОВА**
**Зарина Анарбековна,**
**филология илимдеринин**
**кандидаты, түрколог PhD**

Р

## АЙМАКТАР



**ТОКТОГУЛ.** 2025-жылдын 9–12 октябрында, Астана шаарында XXXIII Эл аралык архитекторлор союзунун форуму өтүп, ал жерде курулган жана долбоорлонгон 132 жумушка кароо-конкурс болуп (анын ичинен 54 курулган жайлар), ал кароодо Токтогул шаарындагы тарыхый-маданий этнокомплекстин эскиздик долбоору 3-даражадагы дипломдук байгеге ээ болду.

Бул кароо-конкурска Азербайжан, Армения, Белорусия, Грузия, Казакстан, Кыргызстан, Россия, Сербия, Тажикстан, Түркмөнстан, Өзбекстан, Астана, Санкт-Петербургдун архитекторлору катышкан. Кыргызстандан 13 эскиздик долбоор кароого коюлуп, Чүй облусунун Арашан айылындагы "АРХАР" туристтик эс алуу комплексинин курулушу 2-даражадагы дипломго татыган. Токтогул шаарына курула турган тарыхый-маданий этно-комплекстин эскиздик долбоорунун авторлору – архитекторлор Анарбек Кубанычбеков, Сыдык Амыркулов.

***

**ПАНФИЛОВ.** Райондун акими Бекмаат Масаидовдун төрагалыгы алдында укук коргоо органдары менен координациялык кеңешме өткөрүлүп, жыйында коомдук тартипти камсыздоо, кылмыштуулуктун алдын алуу, жаштар арасында укук бузуулардын көбөйүшүн болтурбоо жана тиешелүү мамлекеттик органдардын өз ара аракеттенүүсүн жакшыртуу маселелери талкууланды. Ошондой эле, мектеп жана жаштар чөйрөсүндө кылмыштуулуктун алдын алуу, жол коопсуздугун камсыздоо жана укук коргоо органдарынын ачык-айкын иш алып баруусу боюнча бир катар тапшырмалар берилди.

Район акими укук коргоо органдарынын өкүлдөрүнө коомчулук менен тыгыз иш алып барууну, ар бир кайрылууга ыкчам жооп кайтарууну жана мыйзамдуулукту камсыз кылууда жигердүү болууну белгиледи.

Кеңешменин жыйынтыгында тийиштүү мамлекеттик органдарга жана кызматтарга конкреттүү тапшырмалар берилди.

***

**КАРА-КУЛЖА.** Райондук прокуратура тарабынан мыйзамсыз жеке менчикке өтүп кеткен жана мыйзамсыз ээлеп алып пайдаланып келишкен жер аянттарын – айыл чарба жерлерин мамлекеттик фондго кайтаруу боюнча иш аракеттер алынып барылып, 2025-жылдын 9 айында Жер жөнүндө мыйзамдарынын аткарылышы боюнча 12 текшерүү жүргүзүлүп, 29 мыйзам бузуучулук аныкталган.

Текшерүүлөрдүн жыйынтыгы менен ченемдик укуктук актыны бузууларды четтетүү жөнүндө 1 сунуштама, 5 талап келтирилип, 4 доо арыз сотко негизинен кароо үчүн жиберилген.

Прокурордук актылардын негизинде натуралдык түрдө 14685305 сомдук жалпы 30,27 га жер аянттары айыл өкмөттөрдүн балансына алынган.

***

**ТАЛАС.** Талас районунун социалдык-экономикалык өнүгүү багытында, 2025-жылдын январь-сентябрь айларында аткарылган иштердин жыйынтыгын чыгарган коллегиялык кеңешмеде 2 маселе каралды.

Алгач, Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыктарын, Министрлер Кабинетинин токтомдорун жана тескемелерин, Кыргыз Республикасынын Президентинин Талас облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн буйруктарын жана тапшырмаларын аткаруу максатында Талас районунун аймагында социалдык-экономикалык өнүгүү багытында аткарылган иштер боюнча реалдуу сектордун башчысы Айбек Султанбеков баяндама жасады.

Ал эми социалдык тармак боюнча акимдин орун басары Мамбеталиева Венера Табылдиевна маалымат берди.

Андан соң, коллегиялык кеңешменин күн тартибиндеги 2-маселе боюнча кезектеги IV Элдик Курултайды уюштуруу жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоого даярдык көрүү боюнча маселе тууралуу аким Б. Астанакулов тапшырмаларды берди жана коллегиялык кеңешмеде кетирилген кемчиликтерди жоюп, тийиштүү иш алып баруу жагын жетекчилерге жүктөдү.

***




**КАРА-СУУ.** Райондогу "Эң мыкты айыл өкмөтү" аталган Жоош айыл аймагында "Аймактарды өнүктүрүү – Уңгужолдун багыты" аттуу республикалык семинар-кеңешме болуп өттү. Семинар-кеңешмеге Президенттин Администрациясынын Стратегиялык пландоо жана реформаларды талдоо бөлүмүнүн башчысы, башкармалыктын начальнигинин орун басары Октябрь Капалбаев, Президенттин Администрациясынын уюштуруу иштери жана аймактар менен өз ара аракеттенүү бөлүмүнүн аймактарды өнүктүрүү секторунун башчысы Уланбек Далиев, Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттиктин директору Кудайберген Базарбаев, Президенттин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү Эльчибек Джантаев ошондой эле өлкөнүн бардык аймактарынан келген 200гө жакын мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлер катышышты.

Семинар-кеңешменин негизги максаты – айыл аймактарды өнүктүрүү боюнча мыкты тажрыйбаны жайылтуу, социалдык-экономикалык өнүгүүнү чыңдоо, инфраструктураны жакшыртуу жана инвестиция тартуу аркылуу жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердигин өркүндөтүү болуп саналат.

**"Эркин-Тоо" пресс**

БАБАЛАРДЫН ИЗИ МЕНЕН...

# КУРУЛТАЙ ЭЛДИН ҮНҮ

***Кылымдарды карыткан кыргыздын карт тарыхына кайрылсак, бабаларыбыз негизинен көчмөн жашоодо күн кечиргендиктен көпчүлүк мезгилде бир жерге байланган мамлекеттик туруктуу бийликти орноткон эмес. Бирок, наркка негизделген эрежелер менен жашап, саясаттан баштап күнүмдүк тиричиликке чейинки ар кыл маселелерди чечүүдө курултай өткөрүп келишкен. Тактап айтканда, жүздөгөн жылдардан бери элибиздин каны-жанына сиңген, тагдырына ортоктош болгон курултайдын орду чоң болгон.***



Бирде кирген суудай күргүштөп агып, кээде ары-бери чайпалып-чачылып, бирок эч качан бөксөр-бөй, кылылган сайын күчөп, түгөнгөн сайын түтөп жүрүп отурган кыргыздарды кылымдар бою сактаган институттун бири – Курултай экени талашсыз. Бүгүнкү ааламдашуу доорундагы сырттан таңууланган идеологиялардын таасири менен наркыбызга жуурулушкан курултайды эскинин калдыгы деп чанбай, анын жакшы жактарын колдонууга, пайдаланууга милдеттүүбүз. Канткен күндө да ата-бабанын изинен адашып калбашыбыз керек. Албетте, буга чейин боло келгендей курултайды кайсы бир топтордун, сырткы күчтөрдүн өз кызыкчылыгына бурганга жол берилбеши шарт. Маселен, эгемендүүлүк алгандан бери көчөдө кыйкырык салгандар же бийлигин узартууну максат кылгандар курултай өткөрө койгонун көрүп келдик. Алардын баары жасалма болгон үчүн жыйынтыгын берген жок.

Ата-бабаларыбыз баскан жолду карасак, курултайды өткөрүүдө күн тартибинде карала турган маселелерди алдын ала айтышып, ага белгилүү мөөнөт берген. Ошого чейин жер-жерлерде, өз урууларынын ичинде кереге кеңештерди өткөрүп, кийин курултайга келген өкүлдөр күн тартибиндеги маселени гана талкуулашкан. Курултайга каралган маселе боюнча даярдыгы бар, аны терең билген, элге-журтка кадыры бар гана лидерлер катышкан. Талкуулардын негизинде керектүү эрежелер, эртеңки күндүн негизги максаттары иштелип чыккан. Мындайча айтканда, кыргыздар Элдик курултайдын негизинде мыйзамдарды, эрежелерди кабыл алышкан. Андан сырткары, эл аралык маселелерди чечкен жана ар кандай чарбалык иштерди караган.

Эгемендикке ээ болуп, өз түндүгүбүздү көтөргөндөн кийин курултай маселеси кайрадан күн тартибине чыгып, ата жолуна түшүүгө аракеттер башталган. 1992-жылы 30-августта кыргыздардын бүткүл дүйнөлүк биринчи курултайы болгон. Кийин да мы өткөрүлгөн. Ошого катар мамлекет таланып-тоноло баштаганда оппозиция тарап да, өз бийлиги узартууну самаган президенттер да бир топ курултайларды өткөргөнгө үлгүрдү. Ошолордун жыйынтыгы менен 2010-жылы кабыл алынган Конституциянын 52-беренесинде Элдик курултай жөнүндө жобо бекитилди. Анда «Кыргызстандын эли коомдук, мамлекеттик маанилүү иштер боюнча Элдик курултай өткөргөнгө укугу бар» деп жазылган. Бирок, ошол боюнча Элдик курултайдын мыйзамы кабыл алынган эмес. Бул жаатта бир топ нааразычылыктар айтылып келди. 2020-жылдагы элдик толкундоо, бийлик алмашуудан кийин Конституция өзгөртүлүп, анын 7, 70, 85, 96-беренелерине Элдик курултай жөнүндө жоболор киргизилип, макамы, функциясы аныкталган. Мындайча айтканда, курултай 2021-жылдын 5-майынан тарта мыйзамдуу талаага кирди. Конституциянын 7-беренесинин 1-пунктунда Элдик курултай коомдук-өкүлчүлүктүү жыйын деп жазылып турат. Демек, Элдик курултай институтунун макамын аныктаганда ал жарандык коомдун жыйыны болот.

Баарыбыз билгендей, биздин өлкөдө жарандык коом таасирдүү, алар дайыма курч маселелерди көтөрүп турат. Элдик курултай институту так ошол жарандык коомдун өкүлдөрүнүн борбордук жыйыны болуп, анын өнүгүшүнө кеңири шарт түзөт. Тактап айтсак, Элдик курултай статусу боюнча бул мамлекеттик бийликтин органы эмес, жарандык коомдун трибунасы болуп саналат.

Кененирээк белгилей кетсек, курултайдын функциясы Конституциянын 7-беренесинде «Элдик курултай кеңешүүчү, байкоочу жыйын катары коомдун өнүгүү багыттары боюнча сунуштамаларды берет» деп жазылган. Ал эми коомдун өнүгүү багыттары: коомдун экономикалык, саясий, социалдык, руханий негиздери жана коомдун коопсуздугу. Ушул беш багыт боюнча сунуштарын беришет. Сунуштар делегаттар тарабынан Элдик курултайдын жыйынында же болбосо программа, мыйзам долбоор катары берилүүсү өтө маанилүү. Андан сырткары, мамлекеттик кызматкерлерге карата, анын ичинде Министрлер Кабинетинин мүчөлөрүнүн, аткаруу бийлигинин башка органдарынын жетекчилеринин ишмердиги боюнча өзүнүн сунуштарын бере алат.

Азыр курултай менен парламентти чаташтыргандар бар. Же Жогорку Кеңеш менен курултайды бири бирине карама-каршы койгондор дагы чыга калып жатат. Негизинде андай эмес. Конституциянын 7-беренесинде Элдик курултайдын, ал эми 76-беренеде Жогорку Кеңештин макамы менен функциялары так жазылган. Тактап айтканда, 76-беренеде «Жогорку Кеңеш Кыргыз Республикасынын парламенти - мыйзам чыгаруу бийлигин жана өз ыйгарым укуктарынын негизинде контролдук функцияларын жүзөгө ашыруучу жогорку өкүлчүлүктүү орган» деп жазылган. Биз билебиз – Жогорку Кеңеш мамлекеттик бийликтин бутагы. Ал мамлекеттин мыйзам чыгаруучу органы жана өзүнүн ыйгарым укуктарына жараша мамлекеттик бюджеттин аткарылышын текшерет. Андан сырткары, кабыл алынган мыйзамдардын аткарылышын көзөмөлдөйт жана элдин көйгөйүн жеткирет. Ал эми Элдик курултайда андай укук жок. Конституцияда Элдик курултай өкүлчүлүктүү орган деп жазылса, Жогорку Кеңеш жогорку өкүлчүлүктүү орган деп жазылган. Айырмасы чоң, себеби Жогорку Кеңеш мамлекетте мыйзам чыгарган жападан жалгыз орган. Ошол эле мезгилде анын аткарылышын да көзөмөлдөйт.


Ал эми Элдик курултайда мамлекеттик бийлик органдарынын функциясы жок. Конституциянын 85-беренеси боюнча Элдик курултай мыйзам чыгаруу демилге укугуна ээ болуп, Жогорку Кеңешке мыйзам долбоорун сунуштайт. Демек, Жогорку Кеңеш менен Элдик курултайдын ишмердигин шайкеш жүргүзгөнгө аракет кылуу зарыл. Биздин азыркы шартта Элдик курултай мамлекеттик бийликке жардамчы, өнөктөш болот.

Эгер Элдик курултайга мекенчил, жоопкерчиликти билген делегаттар келип, мыйзам долбоорлору менен өз сунуштарын беришсе, Жогорку Кеңешке чоң жардам болот. Ошондуктан бул экөөнү карама-каршы коюу туура эмес. Жогорку Кеңеште отурган айрым эл өкүлдөрү аймактардагы көйгөйлөрдү үстүртөн гана билишет. Ал эми курултайдын делегаттары жер-жерлердеги чечиле турган маселелерди көтөрүп, сунуштайт. Дагы бир белгилей кетүүчү нерсе, ошол аймактардан шайланып келген делегаттар өлкөнүн жараны катары Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлашкан. Андыктан, Жогорку Кеңештин депутаттары курултайдын делегаттары менен эриш-аркак иштеп, мыйзам долбоорлорун жазып чыкса мамлекет үчүн пайдалуу болот.

Тээ тарыхка үңүлүп, Айкөл Манастан тартып ата-бабаларыбыздын тажрыйбасын алып карасак, эл башында, бийликте тургандардын жанында акыл айтып, кеңешин берген аксакалдар болгон. Тагыраагы, башкаруу курултайларда иштелип чыккан элдик наркка байланып турган. Бакай атабыз баш болгон аксакалдарда саясий бийлик болгон эмес, бирок алар акылмандыгы, кайсы бир маселени көрө билгичтиги менен кадырлуу, барктуу болуп келишкен. Бүгүнкү күнү ошол нарктуулукту, акылмандыкты сактаган аксакалдар институту түзүлүп, Баш мыйзамга Элдик курултай түрүндө бекитилди. Бул чоң иш, саясий кадам. Эми ошол жерге чыгып өлкөнүн, мамлекеттин тагдырын түз жолго салуучу адамдар калыптанышы керек. Элдик курултайга билимдүү, мекенчил адамдар келсе, омоктуу сөзү менен бийликти да, коомду да таасирлентип, эл бийлигин бекемдеп, коомдо адилеттүүлүктү орнотууга шарт түзөт.

Эске сала кетсек, IV Элдик курултай үстүбүздөгү жылдын 22-декабрында өткөрүлмөй болду. Президент кол койгон жарлыкта белгиленгендей, ага 700 делегат катышат. Курултайды өткөрүү, делегаттарды шайлоо, координациялоо боюнча уюштуруу комитети жана убактылуу жобо бекитилди. Эми делегаттар «Элдик курултай жөнүндө» Конституциялык мыйзамга ылайык шайланып, эл тарабынан тандалып келет.


**«Кыргызстан улуттук Элдик курултай» ассоциациясынын теңтөрагасы Бейшенбек Абдразаков:**



– Курултайда социалдык маселелер абдан көп көтөрүлүүдө, бирок биринчиге караганда II жана III курултайда бул көйгөйлөр азыраак болду. Анткени, акыркы жылдары өлкөдөгү социалдык көйгөйлөр четинен чечилип жатат. Курултайда жалпы 700 делегаттын ичинен ар бир райондон эки-үчтөн адам сүйлөсө, жалпы өлкө боюнча 130дан 180ге чейин делегат сөз сүйлөйт. Сүйлөгөндөн тышкары жазуу түрүндөгү сунуштарды кошкондо жыл сайын 2-3 миң сунуш-пикир түшүүдө. Албетте, анын суу, электр, жол өндүү маселелеринин 60 пайызы чечилет. Курултайда көтөрүлүп жаткан маселелердин ишке ашып, көйгөйлөр чечилип жатканы кубандырат. «Көч бара-бара түзөлөт» дегендей, IV Элдик курултай мурда өткөн курултайлардан жогорку деңгээлде өтөт деп ойлойм. Бир гана сунуш IV Элдик курултайда суу, электр энергиясы, мектеп, канализация деген маселени таптакыр көтөрбөш керек. Мындай маселелер жергиликтүү курултайларда эле айтылып, протоколдоштурулуп Министрлер Кабинетине берилсе, күн тартибине киргизилип чечилмекчи. Айтайын дегеним, менин оюмча алдыдагы курултайга чарба иштерин аралаштырбоо зарыл. Курултайда кыргыздын келечегин, тагдырын чече турган салмактуу маселелер көтөрүлүшү керек. Мисалы, «Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик» үңгү жолу аталган Президенттин программасы талкууга алынышы зарыл.

Жаңы келе турган Жогорку Кеңештин депутаттары «Элдик курултай жөнүндө» Конституциялык мыйзамга өзгөртүү киргизип, делегаттарды жергиликтүү курултайлардан бекитүү зарыл. Делегаттар жергиликтүү курултайлардан бекитилсе, майда-чүйдө маселелер жогорку курултайда көтөрүлбөй, бардыгы жеринде чечилет. Экинчиден, делегаттардын иштөө мөөнөтүн мыйзам долбооруна 3 жыл деп жазганбыз бирок, депутаттар бир күндүк кылып койгон. 3 жыл болбосо да бир жылдык кылып, көбүрөөк ыйгарым укук берүү керек. Курултай боюнча кабыл алынган конституциялык мыйзамда делегаттар «өкүлчүлүктүү орган» деп жазылып турат. Дагы бир маанилүү маселе, курултайга билими, деңгээли туура келе турган татыктуу адамдар делегат болуп келишсе дейт элем. Алдыдагы курултайда конструктивдүү сунуштар берилип, эл президент, парламент менен биргеликте чогуу иштеп, мамлекетибизди алдыга сүрөйбүз деген үмүттөмүн.

**«Элдик курултай» кыймылынын лидери Кубанычбек Дүйшеев:**



– Белгилүү болгондой 20-30 жылдан бери курултайды мыйзамдаштыруу аракети менен жүрдүк. Эми тиешелүү мыйзамдар кабыл алынып, IV Элдик курултай өткөргөнү турабыз. Курултайдын келечегинен үмүт өтө чоң. Эл курултай аркылуу биригет, өзүн-өзү жолго салат. Себеби, курултай биздин каныбызда бар, ата-бабаларыбыз канча доордо жашап, жок болуп кетүү коркунучунда турган учурда да өзүн сактап калган. Азыр да жергиликтүү деңгээлдеги көп маселени курултай аркылуу эле чечип алсак болот. Курултай – бул элдин колундагы жоопкерчиликти сурап алуу механизми.

***Зулпукаар САПАНОВ***

## АЙРЫМ КОММЕРЦИЯЛЫК ЭМЕС УЮМДАРДЫН ОТЧЕТТУУЛУК МАСЕЛЕЛЕРИ БОЮНЧА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АЙРЫМ МЫЙЗАМ АКТЫЛАРЫНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*2025-жылдын 24-сентябрында*
*Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кабыл алган*

**1-берене**

"Кесиптик бирликтер жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Ведомосттору, 1998-ж., №12, 529-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 11-статьянын үчүнчү бөлүгүнүн экинчи абзацында "Өкмөтү" деген сөз "Министрлер Кабинети" деген сөздөргө алмаштырылсын;

2) 21-статьянын төртүнчү, бешинчи бөлүктөрү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"Кесиптик бирликтердин бюджетинин каражаттарынын булактары, аны түзүү жана пайдалануу тартиби ушул Мыйзамдын $21^1$-статьясында белгиленген өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен кесиптик бирликтердин уставдары жана жамааттык келишимдер менен аныкталат.

Кесиптик бирликтердин финансылык иши ушул Мыйзамдын $21^1$-статьясында белгиленген өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен алардын уставдарына ылайык жүргүзүлөт.»;

3) төмөнкүдөй мазмундагы $21^1$-статья менен толукталсын:

"$21^1$-статья. Кесиптик бирликтердин ачыктыгы

Кесиптик бирликтердин кирешелеринин өлчөмдөрү жана түзүмү, ошондой эле мүлкүнүн өлчөмдөрү жана курамы, алардын чыгымдары жөнүндө маалыматтар коммерциялык сырдын предмети боло албайт.

Кайтарымсыз негизде берилген акчалай жана материалдык каражаттардын эсебинен иш жүргүзүүчү кесиптик бирликтер жыл сайын 1-апрелге чейин ыйгарым укуктуу салык органынын сайтына акча каражаттарын түзүү булактары, аларды чыгымдоо багыттары жөнүндө өткөн жыл үчүн жыйынды маалыматтарды, ошондой эле сатып алынган, пайдаланылган жана ээликтен ажыратылган мүлк жөнүндө маалыматтарды жайгаштырат.

Маалыматты жайгаштыруу формасы жана тартиби Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталат.».

**2-берене**

"Саясий партиялар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 1999-ж., №11, 449-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

20-статья төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"20-статья. Финансылык отчеттуулук

Саясий партиялардын финансылык отчеттуулугу Кыргыз Республикасынын бухгалтердик эсеп чөйрөсүндөгү мыйзамдарына ылайык жүргүзүлөт.

Саясий партиянын кирешелеринин өлчөмдөрү жана түзүмү, ошондой эле мүлкүнүн өлчөмдөрү жана курамы, анын чыгымдары жөнүндө маалыматтар коммерциялык сырдын предмети боло албайт.

Кайтарымсыз негизде берилген акчалай жана материалдык каражаттардын эсебинен иш жүргүзгөн саясий партия жыл сайын 1-апрелге чейин ыйгарым укуктуу салык органынын сайтына акча каражаттарын түзүү булактары, аларды чыгымдоо багыттары жөнүндө өткөн жыл үчүн жыйынды маалыматтарды, ошондой эле сатып алынган, пайдаланылган жана ээликтен ажыратылган мүлк жөнүндө маалыматтарды жайгаштырат.

Маалыматты жайгаштыруу формасы жана тартиби Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталат.».

**3-берене**

"Кооперативдер жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2004-ж., №10, 436-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

31-статья төмөнкүдөй мазмундагы 3-пункт менен толукталсын:

"3. Кайтарымсыз негизде берилген акчалай жана материалдык каражаттардын эсебинен иш жүргүзгөн коммерциялык эмес кооператив жыл сайын 1-апрелге чейин ыйгарым укуктуу салык органынын сайтына акча каражаттарын түзүү булактары, аларды чыгымдоо багыттары жөнүндө өткөн жыл үчүн жыйынды маалыматтарды, ошондой эле сатып алынган, пайдаланылган жана ээликтен ажыратылган мүлк жөнүндө маалыматтарды жайгаштырат.

Маалыматты жайгаштыруу формасы жана тартиби Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталат.».

**4-берене**

"Дин тутуу эркиндиги жана диний бирикмелер жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ("Эркин-Тоо" гезити, 2025-жылдын 24-январы, №5) төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

36-берене төмөнкүдөй мазмундагы $4^1$-бөлүк менен толукталсын:

"$4^1$. Юстиция органдарында катталган, кайтарымсыз негизде берилген акчалай жана материалдык каражаттардын эсебинен иш жүргүзгөн диний уюмдар жыл сайын 1-апрелге чейин ыйгарым укуктуу салык органынын сайтына акча каражаттарын түзүү булактары, аларды чыгымдоо багыттары жөнүндө өткөн жыл үчүн жыйынды маалыматтарды, ошондой эле сатып алынган, пайдаланылган жана ээликтен ажыратылган мүлк жөнүндө маалыматтарды жайгаштырат.

Маалыматты жайгаштыруу формасы жана тартиби Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталат.».

**5-берене**

Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети эки айлык мөөнөттө өзүнүн ченемдик укуктук актыларын ушул Мыйзамга ылайык келтирсин.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 21-октябры, №225***

## ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
## О ВНЕСЕНИИ ИЗМЕНЕНИЙ В НЕКОТОРЫЕ ЗАКОНОДАТЕЛЬНЫЕ АКТЫ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ ПО ВОПРОСАМ ОТЧЕТНОСТИ ОТДЕЛЬНЫХ НЕКОММЕРЧЕСКИХ ОРГАНИЗАЦИЙ

*Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики*
*24 сентября 2025 года*

**Статья 1**

Внести в Закон Кыргызской Республики «О профессиональных союзах» (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 1998 г., №12, ст. 529) следующие изменения:

1) в абзаце втором части третьей статьи 11 слово «Правительством» заменить словами «Кабинетом Министров»;

2) части четвертую, пятую статьи 21 изложить в следующей редакции:

«Источники, порядок формирования и использования средств профсоюзного бюджета определяются уставами профсоюзов и коллективными договорами с учетом особенностей, установленных статьей $21^1$ настоящего Закона.

Финансовая деятельность профсоюзов осуществляется в соответствии с их уставами с учетом особенностей, установленных статьей $21^1$ настоящего Закона.»;

3) дополнить статьей $21^1$ следующего содержания:

«Статья $21^1$. Открытость профсоюзов

Размеры и структура доходов, а также сведения о размерах и составе имущества профсоюзов, их расходах не могут быть предметом коммерческой тайны.

Профессиональные союзы, осуществляющие деятельность за счет денежных и материальных средств, предоставленных на безвозмездной основе, ежегодно до 1 апреля размещают на сайте уполномоченного налогового органа сводную информацию за предыдущий год об источниках формирования денежных средств, направлениях их расходования, а также сведения о приобретенном, используемом и отчуждаемом имуществе.

Форма и порядок размещения информации определяются Кабинетом Министров Кыргызской Республики.».

**Статья 2**

Внести в Закон Кыргызской Республики «О политических партиях» (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 1999 г., №11, ст, 449) следующее изменение:

статью 20 изложить в следующей редакции:

«Статья 20. Финансовая отчетность

Финансовая отчетность политических партий ведется в соответствии с законодательством Кыргызской Республики в сфере бухгалтерского учета.

Размеры и структура доходов, а также сведения о размерах и составе имущества политической партии, ее расходах не могут быть предметом коммерческой тайны.

Политическая партия, осуществляющая деятельность за счет денежных и материальных средств, предоставленных на безвозмездной основе, ежегодно до 1 апреля размещает на сайте уполномоченного налогового органа сводную информацию за предыдущий год об источниках формирования денежных средств, направлениях их расходования, а также сведения о приобретенном, используемом и отчуждаемом имуществе.

Форма и порядок размещения информации определяются Кабинетом Министров Кыргызской Республики.».

**Статья 3**

Внести в Закон Кыргызской Республики «О кооперативах» (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 2004 г., №10, ст. 436) следующее изменение:

статью 31 дополнить пунктом 3 следующего содержания:

«3. Некоммерческий кооператив, осуществляющий деятельность за счет денежных и материальных средств, предоставленных на безвозмездной основе, ежегодно до 1 апреля размещает на сайте уполномоченного налогового органа сводную информацию за предыдущий год об источниках формирования денежных средств, направлениях их расходования, а также сведения о приобретенном, используемом и отчуждаемом имуществе.

Форма и порядок размещения информации определяются Кабинетом Министров Кыргызской Республики.».

**Статья 4**

Внести в Закон Кыргызской Республики «О свободе вероисповедания и религиозных объединениях» (газета «Эркин-Тоо» от 24 января 2025 года №5) следующее изменение:

статью 36 дополнить частью $4^1$ следующего содержания:

«$4^1$. Зарегистрированные в органах юстиции религиозные организации, осуществляющие деятельность за счет денежных и материальных средств, предоставленных на безвозмездной основе, ежегодно до 1 апреля размещают на сайте уполномоченного налогового органа сводную информацию за предыдущий год об источниках формирования денежных средств, направлениях их расходования, а также сведения о приобретенном, используемом и отчуждаемом имуществе.

Форма и порядок размещения информации определяются Кабинетом Министров Кыргызской Республики.».

**Статья 5**

Настоящий Закон вступает в силу по истечении десяти дней со дня официального опубликования.

Кабинету Министров Кыргызской Республики в двухмесячный срок привести свои нормативные правовые акты в соответствие с настоящим Законом.

**Президент**
**Кыргызской Республики** **С.ЖАПАРОВ**

***г. Бишкек, 21 октября 2025 года, №225***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЙИК ТООЛУУ ЗОНАЛАРЫНДА ЖАЙГАШКАН КАЛКТУУ КОНУШТАРДЫН ТИЗМЕГИН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

"Бийик тоолуу шарттарда жана алыскы барууга кыйын зоналарда жашаган жана иштеген адамдар үчүн мамлекеттик гарантиялар жана компенсациялар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 2, $2^1$-беренелерине, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын бийик тоолуу зоналарында жайгашкан калктуу конуштардын тизмеги тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2.** Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

1) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 13-февралындагы №55 "Кыргыз Республикасынын бийик тоолуу зоналарында жайгашкан калктуу конуштардын тизмесин жана Кыргыз Республикасынын алыскы жана барууга кыйын зоналарында жайгашкан калктуу конуштардын тизмесин жактыруу жөнүндө" токтому;

2) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 9-сентябрындагы №504 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтомунун 6-пункту.

**3.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 23-октябры, №692***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АЙРЫМ МЫЙЗАМ АКТЫЛАРЫНА (“СОГУШТУК АБАЛ ЖӨНҮНДӨ”, “ӨЗГӨЧӨ АБАЛ ЖӨНҮНДӨ” КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯЛЫК МЫЙЗАМДАРЫНА) ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯЛЫК МЫЙЗАМЫ

*2025-жылдын 25-сентябрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кабыл алган*

**1-берене**

“Согуштук абал жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2009-ж., №4, 371-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

3-глава төмөнкүдөй мазмундагы $15^1$-берене менен толукталсын:

“$15^1$-берене. Согуштук абалдын шарттарында адам укуктарынын сакталышын парламенттик контролдоо

Кыргыз Республикасынын аймагында согуштук абалдын мезгилинде адамдын жана жарандын конституциялык укуктарынын жана эркиндиктеринин сакталышын парламенттик контролдоо чектелүүгө тийиш эмес.”.

**2-берене**

“Өзгөчө абал жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Ведомосттору, 1999-ж., №2, 81-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 22-статьянын 16-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“16) дипломатиялык кызматтардын, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарынын жана Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) транспортун кошпогондо, транспорт каражаттарынын, анын ичинде чет өлкөлүк транспорт каражаттарынын кыймылын чектөөнү жана аларды карап текшерүүнү;”;

2) VI глава төмөнкүдөй мазмундагы $35^1$-берене менен толукталсын:

“$35^1$-статья. Өзгөчө абал режими адамдын жана жарандын конституциялык укуктарынын жана эркиндиктеринин сакталышына парламенттик контролду жүзөгө ашыруучу Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) ишин токтотпойт.”.

**3-берене**

Ушул конституциялык Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 22-октябры, №226***

### КОНСТИТУЦИОННЫЙ ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

## О ВНЕСЕНИИ ИЗМЕНЕНИЙ В НЕКОТОРЫЕ ЗАКОНОДАТЕЛЬНЫЕ АКТЫ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ (В КОНСТИТУЦИОННЫЕ ЗАКОНЫ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ «О ВОЕННОМ ПОЛОЖЕНИИ», «О ЧРЕЗВЫЧАЙНОМ ПОЛОЖЕНИИ»)

*Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 25 сентября 2025 года*

**Статья 1**

Внести в конституционный Закон Кыргызской Республики «О военном положении» (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 2009 г., №4, ст. 371) следующее изменение:

главу 3 дополнить статьей $15^1$ следующего содержания:

«Статья $15^1$. Парламентский контроль за соблюдением прав человека в условиях военного положения

Парламентский контроль за соблюдением конституционных прав и свобод человека и гражданина не подлежит ограничению в период военного положения на территории Кыргызской Республики.».

**Статья 2**

Внести в конституционный Закон Кыргызской Республики «О чрезвычайном положении» (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 1999 г., №2, ст. 81) следующие изменения:

1) пункт 16 статьи 22 изложить в следующей редакции:

«16) ограничивать движение транспортных средств, в том числе иностранных, и проводить их досмотр, за исключением транспорта дипломатических служб, депутатов Жогорку Кенеша Кыргызской Республики и Акыйкатчы (Омбудсмена) Кыргызской Республики;»;

2) главу VI дополнить статьей $35^1$ следующего содержания:

«Статья $35^1$. Режим чрезвычайного положения не приостанавливает деятельность Акыйкатчы (Омбудсмена) Кыргызской Республики, осуществляющего парламентский контроль за соблюдением конституционных прав и свобод человека и гражданина.».

**Статья 3**

Настоящий конституционный Закон вступает в силу по истечении десяти дней со дня официального опубликования.

**Президент Кыргызской Республики** **С.ЖАПАРОВ**

***г. Бишкек, 22 октября 2025 года, №226***

## 2025-ЖЫЛДЫН 17-ИЮНУНДА АСТАНА ШААРЫНДА КОЛ КОЮЛГАН КАЗАКСТАН РЕСПУБЛИКАСЫНЫН, КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН, ТАЖИКСТАН РЕСПУБЛИКАСЫНЫН, ТҮРКМӨНСТАНДЫН, ӨЗБЕКСТАН РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖАНА КЫТАЙ ЭЛ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ОРТОСУНДАГЫ ТҮБӨЛҮК ЫНАК КОҢШУЛУК, ДОСТУК ЖАНА КЫЗМАТТАШТЫК ЖӨНҮНДӨ КЕЛИШИМДИ РАТИФИКАЦИЯЛОО ТУУРАЛУУ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*2025-жылдын 24-сентябрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кабыл алган*

**1-берене**

2025-жылдын 17-июнунда Астана шаарында кол коюлган Казакстан Республикасынын, Кыргыз Республикасынын, Тажикстан Республикасынын, Түркмөнстандын, Өзбекстан Республикасынын жана Кытай Эл Республикасынын ортосундагы Түбөлүк ынак коңшулук, достук жана кызматташтык жөнүндө келишим ратификациялансын.

**2-берене**

Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги жогоруда аталган Келишимдин күчүнө кириши үчүн зарыл болгон мамлекеттик ички жол-жоболор Кыргыз Республикасы тарабынан аткарылгандыгы жөнүндө депозитарий болуп саналган Кытай Эл Республикасынын Тышкы иштер министрлигине кабарласын.

**3-берене**

Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 22-октябры, №227***

### ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

## О РАТИФИКАЦИИ ДОГОВОРА О ВЕЧНОМ ДОБРОСОСЕДСТВЕ, ДРУЖБЕ И СОТРУДНИЧЕСТВЕ МЕЖДУ РЕСПУБЛИКОЙ КАЗАХСТАН, КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКОЙ, РЕСПУБЛИКОЙ ТАДЖИКИСТАН, ТУРКМЕНИСТАНОМ, РЕСПУБЛИКОЙ УЗБЕКИСТАН И КИТАЙСКОЙ НАРОДНОЙ РЕСПУБЛИКОЙ, ПОДПИСАННОГО 17 ИЮНЯ 2025 ГОДА В ГОРОДЕ АСТАНЕ

*Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 24 сентября 2025 года*

**Статья 1**

Ратифицировать Договор о вечном добрососедстве, дружбе и сотрудничестве между Республикой Казахстан, Кыргызской Республикой, Республикой Таджикистан, Туркменистаном, Республикой Узбекистан и Китайской Народной Республикой, подписанный 17 июня 2025 года в городе Астане.

**Статья 2**

Министерству иностранных дел Кыргызской Республики уведомить депозитария, которым является Министерство иностранных дел Китайской Народной Республики, о выполнении Кыргызской Республикой внутригосударственных процедур, необходимых для вступления в силу вышеуказанного Договора.

**Статья 3**

Настоящий Закон вступает в силу по истечении десяти дней со дня официального опубликования.

**Президент Кыргызской Республики** **С.ЖАПАРОВ**

***г. Бишкек, 22 октября 2025 года, №227***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН 2025-ЖЫЛДЫН 13-ОКТЯБРЫНДАГЫ №282 “УЧУРДАГЫ БЮДЖЕТТИК ЖЫЛГА РЕСПУБЛИКАЛЫК БЮДЖЕТТИН, КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНЕ КАРАШТУУ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН СОЦИАЛДЫК ФОНДУНУН ЖАНА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН САЛАМАТТЫК САКТОО МИНИСТРЛИГИНЕ КАРАШТУУ МИЛДЕТТҮҮ МЕДИЦИНАЛЫК КАМСЫЗДАНДЫРУУ ФОНДУНУН БЮДЖЕТТЕРИНИН ЧЫГАШАЛАРЫН БӨЛҮҮ БОЮНЧА ЧЕЧИМДЕРДИ КАБЫЛ АЛУУ ЖАНА АТКАРУУ ТАРТИБИН УБАКТЫЛУУ УКУКТУК ЖӨНГӨ САЛУУ ЖӨНҮНДӨ” ЖАРЛЫГЫНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

### ЖАРЛЫГЫ

Социалдык маанилүү жана мамлекеттик муктаждыктарга каражат бөлүү маселелерин чечүү, улуттук экономиканын субъекттерине мамлекеттик колдоо көрсөтүү максатында, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 70, 71-беренелерине, “Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын $31^1$-беренесине ылайык **токтом кылам:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 13-октябрындагы №282 “Учурдагы бюджеттик жылга республикалык бюджеттин, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун жана Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджеттеринин чыгашаларын бөлүү боюнча чечимдерди кабыл алуу жана аткаруу тартибин убактылуу укуктук жөнгө салуу жөнүндө” Жарлыгына төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

– 1-пункт “бюджеттеринин чыгашаларын бөлүү” деген сөздөрдөн кийин “, бюджеттик кредиттерди реструктуризациялоо жана улуттук экономика субъекттерине кепилдик берүү” деген сөздөр менен толукталсын;

– 2-пункт төмөнкүдөй мазмундагы 4, 5-пунктчалар менен толукталсын:

“4) Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин профилдик комитети менен макулдашуусуз улуттук экономикан субъекттерине кепилдик берүү жөнүндө;

5) Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин профилдик комитети менен макулдашуусуз бюджеттик кредиттерди реструктуризациялоо жөнүндө.”;

– 5-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“5. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети:

1) 2025-жылдын 30-ноябрына чейинки мөөнөттө 2025-жылга республикалык бюджетке өзгөртүүлөрдү кабыл алсын жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин жаңы курамы түзүлгөндөн кийин бир айдын ичинде анын бекитүүсүнө киргизсин;

2) жаңы чакырылыштагы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин профилдик комитетине бул Жарлыктын 2-пунктуна ылайык кабыл алынган Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин чечимдеринин аткарылышы жөнүндө маалымат берсин;

3) бул Жарлыктан келип чыгуучу чараларды көрсүн.”.

**2.** Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 23-октябры, №295***

## 2025-ЖЫЛДЫН 25-АПРЕЛИНДЕ БИШКЕК ШААРЫНДА КОЛ КОЮЛГАН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИ МЕНЕН СЛОВАКИЯ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН ОРТОСУНДАГЫ ДИПЛОМАТИЯЛЫК ЖАНА КЫЗМАТТЫК ПАСПОРТТОРДУН ЭЭЛЕРИН ВИЗАДАН БОШОТУУ ТУУРАЛУУ МАКУЛДАШУУНУ РАТИФИКАЦИЯЛОО ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*2025-жылдын 24-сентябрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кабыл алган*

**1-берене**

2025-жылдын 25-апрелинде Бишкек шаарында кол коюлган Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети менен Словакия Республикасынын Өкмөтүнүн ортосундагы Дипломатиялык жана кызматтык паспорттордун ээлерин визадан бошотуу тууралуу макулдашуу ратификациялансын.

**2-берене**

Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги жогоруда аталган Макулдашуунун күчүнө кириши үчүн зарыл болгон мамлекеттик ички жол-жоболор Кыргыз Республикасы тарабынан аткарылгандыгы жөнүндө Словакия тарапка кабарласын.

**3-берене**

Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 23-октябры, №228***

ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

## О РАТИФИКАЦИИ СОГЛАШЕНИЯ МЕЖДУ КАБИНЕТОМ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ И ПРАВИТЕЛЬСТВОМ СЛОВАЦКОЙ РЕСПУБЛИКИ ОБ ОСВОБОЖДЕНИИ ОТ ВИЗЫ ВЛАДЕЛЬЦЕВ ДИПЛОМАТИЧЕСКИХ И СЛУЖЕБНЫХ ПАСПОРТОВ, ПОДПИСАННОГО 25 АПРЕЛЯ 2025 ГОДА В ГОРОДЕ БИШКЕК

*Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 24 сентября 2025 года*

**Статья 1**

Ратифицировать Соглашение между Кабинетом Министров Кыргызской Республики и Правительством Словацкой Республики об освобождении от визы владельцев дипломатических и служебных паспортов, подписанное 25 апреля 2025 года в городе Бишкек.

**Статья 2**

Министерству иностранных дел Кыргызской Республики уведомить словацкую сторону о выполнении Кыргызской Республикой внутригосударственных процедур, необходимых для вступления в силу вышеуказанного Соглашения.

**Статья 3**

Настоящий Закон вступает в силу по истечении десяти дней со дня официального опубликования.

**Президент**
**Кыргызской Республики** **С.ЖАПАРОВ**

***г. Бишкек, 23 октября 2025 года, №228***

## 2025-ЖЫЛДЫН 24-АПРЕЛИНДЕ БИШКЕК ШААРЫНДА КОЛ КОЮЛГАН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИ МЕНЕН БИРИККЕН УЛУТТАР УЮМУНУН АЗЫК-ТҮЛҮК ЖАНА АЙЫЛ ЧАРБА УЮМУНУН ОРТОСУНДАГЫ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА ФАОнун ӨКҮЛЧҮЛҮГҮН УЮШТУРУУ ЖӨНҮНДӨ МАКУЛДАШУУНУ РАТИФИКАЦИЯЛОО ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*2025-жылдын 25-сентябрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кабыл алган*

**1-берене**

2025-жылдын 24-апрелинде Бишкек шаарында кол коюлган Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети менен Бириккен Улуттар Уюмунун Азык-түлүк жана айыл чарба уюмунун ортосундагы Кыргыз Республикасында ФАОнун өкүлчүлүгүн уюштуруу жөнүндө макулдашуу ратификациялансын.

**2-берене**

Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги жогоруда аталган Макулдашуунун күчүнө кириши үчүн зарыл болгон мамлекеттик ички жол-жоболор Кыргыз Республикасы тарабынан аткарылгандыгы жөнүндө Бириккен Улуттар Уюмунун Азык-түлүк жана айыл чарба уюмуна (ФАО) кабарласын.

**3-берене**

Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 23-октябры, №229***

ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

## О РАТИФИКАЦИИ СОГЛАШЕНИЯ МЕЖДУ КАБИНЕТОМ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ И ПРОДОВОЛЬСТВЕННОЙ И СЕЛЬСКОХОЗЯЙСТВЕННОЙ ОРГАНИЗАЦИЕЙ ОРГАНИЗАЦИИ ОБЪЕДИНЕННЫХ НАЦИЙ ОБ УЧРЕЖДЕНИИ ПРЕДСТАВИТЕЛЬСТВА ФАО В КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКЕ, ПОДПИСАННОГО 24 АПРЕЛЯ 2025 ГОДА В ГОРОДЕ БИШКЕК

*Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 25 сентября 2025 года*

**Статья 1**

Ратифицировать Соглашение между Кабинетом Министров Кыргызской Республики и Продовольственной и сельскохозяйственной организацией Организации Объединенных Наций об учреждении Представительства ФАО в Кыргызской Республике, подписанное 24 апреля 2025 года в городе Бишкек.

**Статья 2**

Министерству иностранных дел Кыргызской Республики уведомить Продовольственную и сельскохозяйственную организацию Организации Объединенных Наций (ФАО) о выполнении Кыргызской Республикой внутригосударственных процедур, необходимых для вступления в силу вышеуказанного Соглашения.

**Статья 3**

Настоящий Закон вступает в силу по истечении десяти дней со дня официального опубликования.

**Президент**
**Кыргызской Республики** **С.ЖАПАРОВ**

***г. Бишкек, 23 октября 2025 года, №229***

## 2025-ЖЫЛДЫН 17-МАРТЫНДА БИШКЕК ШААРЫНДА КОЛ КОЮЛГАН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ МЕНЕН ЕВРОПА РЕКОНСТРУКЦИЯЛОО ЖАНА ӨНҮКТҮРҮҮ БАНКЫНЫН ОРТОСУНДАГЫ «КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА КЛИМАТКА ТУРУКТУУ СУУ МЕНЕН КАМСЫЗДОО–2-ТРАНШ» ДОЛБООРУ БОЮНЧА КРЕДИТТИК МАКУЛДАШУУНУ (№49793 - 2-ТРАНШ), ЕВРОПА БИРЛИГИНИН ГРАНТТЫК МАКУЛДАШУУСУН (№49793 - 2-ТРАНШ) ЖАНА ЕВРОПА РЕКОНСТРУКЦИЯЛОО ЖАНА ӨНҮКТҮРҮҮ БАНКЫНЫН АКЦИОНЕРЛЕРИНИН АТАЙЫН ФОНДУНУН ГРАНТТЫК МАКУЛДАШУУСУН (№49793 - 2-ТРАНШ) РАТИФИКАЦИЯЛОО ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*2025-жылдын 25-сентябрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кабыл алган*

**1-берене**

2025-жылдын 17-мартында Бишкек шаарында кол коюлган Кыргыз Республикасы менен Европа реконструкциялоо жана өнүктүрүү банкынын ортосундагы «Кыргыз Республикасында климатка туруктуу суу менен камсыздоо - 2-транш» долбоору боюнча кредиттик макулдашуу (№49793 - 2-транш), Европа Биримдигинин гранттык макулдашуусу (№49793 - 2-транш) жана Европа реконструкциялоо жана өнүктүрүү банкынын акционерлеринин атайын фондунун гранттык макулдашуусу (№49793 - 2-транш) ратификациялансын.

**2-берене**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги жогоруда аталган макулдашуулардын күчүнө кириши үчүн зарыл болгон мамлекеттик ички жол-жоболор Кыргыз Республикасы тарабынан аткарылгандыгы жөнүндө Европа реконструкциялоо жана өнүктүрүү банкына белгиленген тартипте кабарласын.

**3-берене**

Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 23-октябры, №230***

ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

## О РАТИФИКАЦИИ КРЕДИТНОГО СОГЛАШЕНИЯ (№49793 - ТРАНШ 2), ГРАНТОВОГО СОГЛАШЕНИЯ ЕВРОПЕЙСКОГО СОЮЗА (№49793 - ТРАНШ 2) И ГРАНТОВОГО СОГЛАШЕНИЯ СПЕЦИАЛЬНОГО ФОНДА АКЦИОНЕРОВ ЕВРОПЕЙСКОГО БАНКА РЕКОНСТРУКЦИИ И РАЗВИТИЯ (№49793 - ТРАНШ 2) МЕЖДУ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКОЙ И ЕВРОПЕЙСКИМ БАНКОМ РЕКОНСТРУКЦИИ И РАЗВИТИЯ ПО ПРОЕКТУ «УСТОЙЧИВОЕ К КЛИМАТУ ВОДОСНАБЖЕНИЕ В КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКЕ - ТРАНШ 2», ПОДПИСАННЫХ 17 МАРТА 2025 ГОДА В ГОРОДЕ БИШКЕК

*Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 25 сентября 2025 года*

**Статья 1**

Ратифицировать Кредитное соглашение (№49793 - Транш 2), Грантовое соглашение Европейского Союза (№49793 - Транш 2) и Грантовое соглашение Специального фонда акционеров Европейского банка реконструкции и развития (№49793 - Транш 2) между Кыргызской Республикой и Европейским банком реконструкции и развития по проекту «Устойчивое к климату водоснабжение в Кыргызской Республике - Транш 2», подписанные 17 марта 2025 года в городе Бишкек.

**Статья 2**

Министерству финансов Кыргызской Республики в установленном порядке уведомить Европейский банк реконструкции и развития о выполнении Кыргызской Республикой внутригосударственных процедур, необходимых для вступления в силу указанных соглашений.

**Статья 3**

Настоящий Закон вступает в силу по истечении десяти дней со дня официального опубликования.

**Президент**
**Кыргызской Республики** **С.ЖАПАРОВ**

***г. Бишкек, 23 октября 2025 года, №230***

## 2025-ЖЫЛДЫН 12-МАЙЫНДА КОЛ КОЮЛГАН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ МЕНЕН ЕВРОПА ИНВЕСТИЦИЯЛЫК БАНКЫНЫН ОРТОСУНДАГЫ «БОРБОРДУК АЗИЯ - ТҮШТҮК АЗИЯ ЭЛЕКТР ЭНЕРГИЯСЫН БЕРҮҮ ЖАНА САТУУ ДОЛБООРУН КОШУМЧА КАРЖЫЛОО «CASA-1000» ДОЛБООРУ БОЮНЧА ФИНАНСЫЛЫК КОНТРАКТТЫ РАТИФИКАЦИЯЛОО ЖӨНҮНДӨ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*2025-жылдын 25-сентябрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кабыл алган*

**1-берене**
2025-жылдын 12-майында кол коюлган Кыргыз Республикасы менен Европа инвестициялык банкынын ортосундагы «Борбордук Азия - Түштүк Азия электр энергиясын берүү жана сатуу долбоорун кошумча каржылоо «CASA-1000» долбоору боюнча финансылык контракт ратификациялансын.

**2-берене**
Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги жогоруда аталган Финансылык контракттын күчүнө кириши үчүн зарыл болгон мамлекеттик ички жол-жоболор Кыргыз Республикасы тарабынан аткарылгандыгы жөнүндө Европа инвестициялык банкына кабарласын.

**3-берене**
Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 23-октябры, №231***

## ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

### О РАТИФИКАЦИИ ФИНАНСОВОГО КОНТРАКТА МЕЖДУ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКОЙ И ЕВРОПЕЙСКИМ ИНВЕСТИЦИОННЫМ БАНКОМ ПО ПРОЕКТУ «ДОПОЛНИТЕЛЬНОЕ ФИНАНСИРОВАНИЕ ПРОЕКТА ПЕРЕДАЧИ И ТОРГОВЛИ ЭЛЕКТРОЭНЕРГИЕЙ ЦЕНТРАЛЬНАЯ АЗИЯ - ЮЖНАЯ АЗИЯ «CASA-1000», ПОДПИСАННОГО 12 МАЯ 2025 ГОДА

*Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 25 сентября 2025 года*

**Статья 1**
Ратифицировать Финансовый контракт между Кыргызской Республикой и Европейским инвестиционным банком по проекту «Дополнительное финансирование проекта передачи и торговли электроэнергией Центральная Азия - Южная Азия «CASA-1000», подписанный 12 мая 2025 года.

**Статья 2**
Министерству финансов Кыргызской Республики уведомить Европейский инвестиционный банк о выполнении Кыргызской Республикой внутригосударственных процедур, необходимых для вступления в силу вышеуказанного Финансового контракта.

**Статья 3**
Настоящий Закон вступает в силу по истечении десяти дней со дня официального опубликования.

**Президент**
**Кыргызской Республики** **С.ЖАПАРОВ**

***г. Бишкек, 23 октября 2025 года, №231***

## ЖУСУП БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИН III ДАРАЖАДАГЫ "МАНАС" ОРДЕНИ МЕНЕН СЫЙЛОО ЖӨНҮНДӨ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН
### ЖАРЛЫГЫ

Кыргыз Республикасында билим берүү системасын жана илимди өнүктүрүүгө, республиканын ар кайсы тармактары үчүн квалификациялуу адистерди даярдоого кошкон олуттуу салымы үчүн Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети III даражадагы "Манас" ордени менен сыйлансын.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 21-октябры, №294***

## САНАРИП ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮ ТАРМАКТЫК ЖӨНГӨ САЛУУЧУЛАРДЫ АНЫКТОО ЖӨНҮНДӨ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН
### ТОКТОМУ

"Кыргыз Республикасынын Санарип кодексин колдонууга киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 4-беренесинин 2-бөлүгүнүн 2-пунктун, Кыргыз Республикасынын Санарип кодексинин 9-беренесин ишке ашыруу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Санарип чөйрөсүндөгү тармактык жөнгө салуучулардын функциялары жана ыйгарым укуктары төмөнкү мамлекеттик органдарга жүктөлсүн:
1) Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү жана инновациялык технологиялар министрлигине – улуттук санариптик экосистеманын тармактык жөнгө салуучусунун ыйгарым укуктары;
2) Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү жана инновациялык технологиялар министрлигине караштуу Байланыш тармагында жөнгө салуу жана көзөмөлдөө боюнча кызматына – телекоммуникация чөйрөсүндөгү тармактык жөнгө салуучунун ыйгарым укуктары;
3) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жеке маалыматтарды коргоо боюнча мамлекеттик агенттикке – жеке маалыматтар чөйрөсүндөгү тармактык жөнгө салуучунун ыйгарым укуктары.

**2.** Бул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн мамлекеттик органдар Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин кароосуна тиешелүү ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун киргизүү аркылуу өзүнүн жоболорун Кыргыз Республикасынын Санарип кодексинин ченемдерине жана ушул токтомго ылайык келтирсин.

**3.** Бул токтом расмий жарыялануууга тийиш жана 2026-жылдын 5-февралынан тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 23-октябры, №695***

## 1 МЛН СОМ СЫЙ АКЫ

Ак илбирске мыйзамсыз аңчылык кылган браконьерлер тууралуу маалымат берген жарандарга 1 млн сом сый акы берилет. Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигинин Биоресурстар башкармалыгынын башчысы Кумар Мамбеталиевдин айтымында, быйыл браконьерлик фактылары азайганына карабастан, министрлик аларга каршы ишти күчөтүлгөн тартипте улантып жатат. "Эгер кимдир бирөөнүн мыйзамсыз аңчылык кылып жатканын көрсөңүз же күмөн санасаңыз, дароо жаратылыш министрлигинин 108 номерине чалып, маалымат бериңиз. Туюк түрдө маалымат берсеңиз да кабыл алынат. Маалыматтын негизинде биз тийиштүү аймакта көзөмөл жана иликтөө иштерин жүргүзөбүз" - деди ал. Мамбеталиев белгилегендей, ак илбирс үчүн браконьерге салынган айып пулдун көлөмү 2 млн сомду түзөт. Анын 1 млн сому маалымат берген жаранга сый акы катары ыйгарылат.

## ШАМАЛ ЭЛЕКТР СТАНЦИЯСЫН КУРУУ ПЛАНДАЛУУДА

Аксы райондук мамлекеттик администрациясы Кош-Дөбө айыл өкмөтү менен биргеликте жалпы 1000 гектар жер аянтына шамал электр станциясын курууну пландап жатат. Райондук мамлекеттик администрациясынан билдиришкендей, бул долбоор аймактын энергетикалык коопсуздугун бекемдеп, экологиялык жактан таза энергиянын көлөмүн көбөйтүүгө өбөлгө түзөт. Учурда сынамык үчүн Кош-Дөбө айыл аймагынан Чер жайлоосунун Кара-Байыр участкасында шамалдын ылдамдыгын аныктоочу атайын шайман орнотулду. Бул жабдык бир жылга сыноо мөөнөтү менен коюлуп, ошол аралыкта шамалдын ылдамдыгын аныктайт. Бир жылдан кийин атайын шамалдан электр энергиясын алуу үчүн 32 вентилятор орнотулуп, 200 МВт электр энергиясын Таш-Көмүр ГЭСине түз берүү пландалып жатканы маалым болду.

**Калыгул БЕЙШЕКЕЕВ**

## АК ИЛБИРСТИ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК СИМВОЛУ ДЕП ТААНУУ ЖӨНҮНДӨ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН
### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 29-декабрындагы №369 "Ак илбирсти Кыргыз Республикасынын улуттук символу деп таануу жөнүндө" Жарлыгын ишке ашыруу, өлкөнүн табигый жана маданий мурастарын чагылдырган символдорду сактоо, коргоо жана жайылтуу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Ак илбирс Кыргыз Республикасынын улуттук символу деп таанылсын.

**2.** Төмөнкүлөр бекитилсин:
1) Кыргыз Республикасынын улуттук символу – ак илбирстин логотиби 1-тиркемеге ылайык;
2) Кыргыз Республикасынын улуттук символу – ак илбирстин логотибин колдонуу тартиби 2-тиркемеге ылайык.

**3.** Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлиги:
1) Кыргыз Республикасынын улуттук символу – ак илбирстин логотибинин сыпатталышын бекитсин;
2) Кыргыз Республикасынын улуттук символу – ак илбирстин логотибин расмий сайтка жайгаштырсын;
3) ак илбирстин санын жана анын жашоо ареалын сактоо боюнча иш-чаралар планын иштеп чыксын жана бекитсин.

**4.** Мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, уюмдар жана мекемелер менчигинин түрүнө карабастан ушул токтомду жетекчиликке алсын.

**5**. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**6**. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 23-октябры, №693***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2025-ЖЫЛДЫН 10-МАРТЫНДАГЫ №124 "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНЕ КАРАШТУУ ЖАЗАЛАРДЫ АТКАРУУ МАМЛЕКЕТТИК КЫЗМАТЫ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН
### ТОКТОМУ

Жаза аткаруу инфраструктурасын оптималдаштыруу жана натыйжалуу башкаруу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 10-мартындагы №124 "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматы жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:
жогоруда көрсөтүлгөн токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматы жөнүндө жободо:
– төмөнкүдөй мазмундагы $4^1$-пункт менен толукталсын:
"$4^1$. ЖАМК Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин чечими боюнча уставдык капиталында мамлекетке таандык акциялар (үлүштөр) бар чарбалык коомдордо уюштуруучунун, акционердин (катышуучунун) ыйгарым укуктарын жүзөгө ашырат.";
– 11-пункттун 1-пунктчасы төмөнкүдөй мазмундагы абзац менен толукталсын:
"– уставдык капиталында мамлекеттик катышуу үлүшү бар чарбакер коомдордо уюштуруучунун, катышуучунун (акционердин) ыйгарым укуктарын жүзөгө ашырат;";
– 12-пункт төмөнкүдөй мазмундагы $5^1$, $5^2$-пунктчалар менен толукталсын:
"$5^1$) мамлекеттин атынан юридикалык жактардын уюштуруучусу катары чыгууга, уставдык капиталында мамлекеттик катышуу үлүшү бар чарбакер коомдордо акционердин (катышуучунун) укуктарын жүзөгө ашырууга;
$5^2$) түшкөн пайдасы соттолгондорду кармоо шарттарын жакшыртууга, түзөтүү мекемелеринин жана тергөө изоляторлорунун материалдык-техникалык базасын өнүктүрүүгө, соттолгондордун социалдык көйгөйлөрүн чечүүгө, ошондой эле жетишпеген бюджеттик каржылоону жабууга жумшалуучу, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынбаган ишкердикти жүзөгө ашырууга;".

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 23-октябры, №694***

№81 (3737)
2025-жылдын 24-октябры

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

АЙМАК ӨНҮКСӨ – ӨЛКӨ ӨНҮГӨТ



### Аламүдүн районунун Арашан айыл аймагынын б

# “БИЗДИН МАКСАТ ДЕМИЛГЕЛЕРДИ ИШ

Арашан айыл аймагынын жалпы аянты – 21 720 га. Аймактын административдик борбору – Таш-Дөбө айылы. Калкынын саны – 12 151 адам. Айыл аймак Арашан, Таш-Дөбө, С.Чокморов, Заречный жана Малиновка айылдарынан турат. Арашан айыл аймагында өлкөбүздүн жарандарынын ден соолугун чыңдоого зор салым кошуп келе жаткан Кыргыз илимий-изилдөө курортология институту жана "Кыргызстан" санаториясы жайгашкан.

Билим берүү тармагы боюнча 6 бала бакча, 4 орто мектеп, сырттан окуу мектеби жана 1 жогорку окуу жай ишмердүүлүгүн жүргүзөт. Ошондой эле маданият үйлөрү, китепканалар, жаш балдарды өнүктүрүүчү “Жаңы муун” борбору, спорт комплекс, бир нече спорт аянтчасы бар. Ал эми өнөр жай тармагында "БСК" ААК сэндвич-панель заводу, тоо-лыжа базалары, бир нече эс алуу жайлары, калкты ар тараптуу тейлөө борборлору, дыйкан чарбалар иш жүргүзүп келет.

2025-жылдын үчүнчү чейреги аймак үчүн жемиштүү болуп, кирешелер такталган бюджет 58 732,100 млн сомдун ордуна аткарылышы боюнча 67 803,699 млн сомго жетип, 115,4%га ашыгы менен аткарылды. Салыктык кирешелер такталган бюджет боюнча 54 644,600 млн сомдун ордуна аткарылышы 63 449,165 млн сом болуп, 116,1%га ашыгы менен аткарылды. Салык агентинин төлөмдөрү 131,2% аткарылып, такталган бюджет боюнча 28 512,400 болсо, аткарылышы 37 418,855 млн сомду түздү. Бул каражаттар айылдын өнүгүүсүнө жумшалып, өзгөчө социалдык коргоого 2 836,325 миң сом бөлүндү. Аймак боюнча жалпы 2000 га жер айдалса, 170 га жери күздүк айдоо, жаздык айдоо 1997 га болгон. Буудай 435 га, арпа 1 750 га, жүгөрү 15 га, малина 1,2 га, кулпунай 1,5 га жерге айдалган.

Аламүдүн районунун Арашан айыл аймагы бүгүнкү күндө райондогу эң ири жана өнүгүп жаткан аймактардын бири болуп саналат. Бул ийгиликтердин артында жаш, өзүнүн жигердүүлүгү, жоопкерчилиги жана жаңычыл мамилеси менен айырмаланган аймак башчысы Самат Болгонбаев аймактын ар тараптуу өнүгүүсүнө шарт түзүп, элдин жашоо-шартын жакшыртууга багытталган иштерди тынымсыз жүргүзүүдө. Жаш жетекчи жетектеген жамааттын максаты – “Аймак өнүксө – өлкө өнүгөт” деген принцип менен иш алып барып, алдыда жаңы демилгелерди ишке ашырууну көздөшүүдө.


**Арашан айыл аймагынын Таш-Дөбө айылындагы Б.Бейшеналиева атындагы орто мектеби республикалык бюджеттен каржыланып, капиталдык оңдоп-түзөө иштери жүргүзүлдү. Ремонт иштери ушул жылдын 1-сентябрында аяктап, бүгүнкү күндө окуучулар билим алууда.**




**Малиновка жана Арашан айылында заманбап балдар аянтчасы жана воркаут аянтчалары салынды. Ага жергиликтүү бюджеттен 3,6 млн сом бөлүндү.**







**Арашан айыл аймагынын Таш-Дөбө айылындагы “Ай-Нур Балажан” бала бакчасына республикалык бюджеттен каражат бөлүнүп, капиталдык оңдоп-түзөө иштери жүргүзүлүүдө.**






**Арашан айыл аймагындагы социалдык объекттерди видео байкоо камералары менен камсыз кылуу үчүн жергиликтүү бюджеттен 4 681,5 миң сом бөлүнүп, социалдык объектилерге жана суу кампаларына видео байкоолор орнотулду.**



Башчысы Самат БОЛГОНБАЕВ:

# Т – ЖАҢЫ ИКЕ АШЫРУУ”

Арашан айыл аймагынын Кашка-Суу, Бегелдинова, Атакулова, Байчечекей, Өзгөрүш, Нарын, Кыргыз жана Средний көчөлөрү жарыктандырылды. Бул иштер дем берүүчү грант, Аламүдүн райондук өнүктүрүү фонду жана жергиликтүү бюджеттин эсебинен жүргүзүлүп, жалпысынан 6 403, 6 миң сом жумшалды.






Таш-Дөбө айылынын Кыргыз көчөсүнүн 650 м аралыгына асфальт төшөө иштери жүргүзүлдү. Каржылоо булагы – республикалык бюджет.





Таш-Дөбө айылынын таза суу көйгөйүн чечүү максатында Авангард скважинасынан Кыргыз, Средний, Октябрь жана Школьный көчөлөрүнө 3,2 км таза суу түтүгү тартылып, натыйжада суунун көлөмү көбөйтүлдү. Каржылоо жергиликтүү бюджеттен.





Бер-Булак айылынын Кутманов көчөсүнүн 350 м таза суу түтүгү алмашылды. Натыйжада 30дан ашуун түтүндүн көйгөйү чечилди. Каражат жергиликтүү бюджеттен жана демөөрчүлөрдөн тартылды.



Арашан айылынын таза суу көйгөйүн чечүү боюнча 5 км суу түтүгүн алмаштыруу иштери жергиликтүү бюджеттин каржылоосу менен жүргүзүлүүдө.



Арашан айыл аймагына сел бурууучу түтүк орнотулуп, арыктын 50 метри тазаланып, жергиликтүү бюджеттен 44 000 сом бөлүндү.



Кара-Булак жана Кызыл-Белес жайлоосуна мал сугарганга аштоолор орнотулду. Каржылоо булагы – жергиликтүү бюджет.





Таш-Дөбө (Бер-Булак) айылына сел кармоочу чуңкурларды казууга жергиликтүү бюджеттен 44 000 сом бөлүндү.



Кара-Булак жайытына алпаруучу жолду оңдоп-түзөө иштерине жергиликтүү бюджеттен 40 000 сом бөлүндү.



Бетти даярдаган Кенже ОСМОНАЛИЕВА

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2024-ЖЫЛДЫН 24-ИЮНУНДАГЫ №327 "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АЙМАГЫНА ҮРӨН АЛЫП КЕЛҮҮНҮН ТАРТИБИН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын аймагына үрөндөрдү алып келүү процессин жөнөкөйлөтүү жана бюрократиядан арылтуу максатында, "Үрөн жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 11-беренесине, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 24-июнундагы №327 "Кыргыз Республикасынын аймагына үрөн алып келүүнүн тартибин бекитүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын аймагына үрөн алып келүүнүн тартибинде:

– 7-пункт күчүн жоготту деп таанылсын.

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 20-октябры, №682***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН АЙРЫМ ЧЕЧИМДЕРИН КҮЧҮН ЖОГОТТУ ДЕП ТААНУУ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

"Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

1) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1999-жылдын 12-мартындагы №145 "Эмгек келишиминин жана отпуска жөнүндө каттын болжолдуу түрүн бекитүү жөнүндө" токтому;

2) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 9-февралындагы №82 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү жана толуктоо киргизүү жөнүндө" токтомунун 1-пункту;

3) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 27-сентябрындагы №656 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жана күчүн жоготту деп табуу жөнүндө" токтомунун 1-пунктунун төртүнчү абзацы.

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 20-октябры, №685***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2015-ЖЫЛДЫН 3-ДЕКАБРЫНДАГЫ №829 "АТАЙЫН ЖАНА ВЕДОМСТВОЛУК ФОРМА КИЙИМИН КИЮҮНҮ ТАРТИПКЕ КЕЛТИРҮҮ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын системасындагы түзүмдүк өзгөрүүлөргө байланыштуу, ведомстволук форма кийимин кийүүнү тартипке келтирүү максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 3-декабрындагы №829 "Атайын жана ведомстволук форма кийимин кийүүнү тартипке келтирүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кызматкерлери атайын жана ведомстволук форма кийимин кийүүгө укуктуу болгон мамлекеттик органдардын жана уюмдардын, ошондой эле жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарынын тизмегинде:

"Ведомстволук форма кийими" деген главада:

– сегизинчи жана онунчу абзацтарда "Айыл чарба" деген сөздөр "Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы" деген сөздөргө алмаштырылсын;

– тогузунчу абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын: "Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигине караштуу Ветеринария, мал чарбасын өнүктүрүү, жайыт жана тоют кызматы.";

– төмөнкүдөй мазмундагы абзац менен толукталсын:

"Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигине караштуу Ветеринардык жана фитосанитардык көзөмөл кызматы.".

**2.** Бул токтомду ишке ашыруу Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигине тиешелүү жылга жана кийинки жылдарга республикалык бюджетте каралган каражаттардын чегинде жүзөгө ашырылат деп белгиленсин.

**3.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 20-октябры, №683***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА ЖАРАНДЫК АБАЛДЫН АКТЫЛАРЫН МАМЛЕКЕТТИК КАТТОО ТАРТИБИ ЖӨНҮНДӨ НУСКАМАНЫ БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Жарандык абалдын актыларын жазуу органдары тарабынан берилүүчү кызмат көрсөтүүлөрдү оптималдаштыруу максатында, "Жарандык абалдын актылары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 41-беренесинин 3-бөлүгүнө, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасында жарандык абалдын актыларын мамлекеттик каттоо тартиби жөнүндө нускама тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2.** Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү жана инновациялык технологиялар министрлиги, Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги жана Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасы (макулдашуу боюнча) ушул токтомдон келип чыгуучу зарыл болгон чараларды көрсүн.

**3.** Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

1) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 11-мартындагы №90 "Кыргыз Республикасында жарандык абалдын актыларын мамлекеттик каттоо тартиби жөнүндө нускаманы бекитүү тууралуу" токтому;

2) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 18-ноябрындагы №637 "Кыргыз Республикасынын аймагында санариптик документтерди пайдаланууну киргизүү максатында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтомунун 7-пункту;

3) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 21-ноябрындагы №649 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн калкты каттоо чөйрөсүндөгү айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтому;

4) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 15-мартындагы №143 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн калкты каттоо чөйрөсүндөгү айрым токтомдоруна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтому;

5) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 29-июнундагы №329 "Кыргыз Республикасынын аймагында калкты каттоо чөйрөсүндө санариптик документтерди киргизүү жана колдонуу маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым токтомдоруна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтомунун 5-пункту;

6) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 30-апрелиндеги №213 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн калкты каттоо чөйрөсүндөгү айрым токтомдоруна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтому.

**4.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып төрт ай өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 20-октябры, №686***

## ӨЗҮН-ӨЗҮ КАРЖЫЛОО ЖАНА ЧАРБАЛЫК ЭСЕП ПРИНЦИПТЕРИНДЕ ИШТЕГЕН МАМЛЕКЕТТИК ОРГАНДАР ЖЕ МАМЛЕКЕТТИК МЕКЕМЕЛЕР ТАРАБЫНАН АТКАРЫЛУУЧУ ИШТЕРДИН (КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮЛӨРДҮН) НАРКЫН АНЫКТОО ТАРТИБИН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Өзүн-өзү каржылоо жана чарбалык эсеп принциптеринде иштеген мамлекеттик органдар же мамлекеттик мекемелер тарабынан аткарылуучу иштердин (кызмат көрсөтүүлөрдүн) наркын түзүүнүн экономикалык негиздүүлүгүн жана ачыктыгын камсыз кылуу максатында, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Өзүн-өзү каржылоо жана чарбалык эсеп принциптеринде иштеген мамлекеттик органдар же мамлекеттик мекемелер тарабынан аткарылуучу иштердин (кызмат көрсөтүүлөрдүн) наркын аныктоо тартиби тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 20-октябры, №684***

## 2026–2028-ЖЫЛДАРГА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА МАМЛЕКЕТТИК МЕНЧИКТИ МЕНЧИКТЕШТИРҮҮ ПРОГРАММАСЫН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 91-беренесине, "Кыргыз Республикасында мамлекеттик менчикти менчиктештирүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 4-статьясына ылайык, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** 2026–2028-жылдарга Кыргыз Республикасында мамлекеттик менчикти менчиктештирүү программасы тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттик:

1) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2023-жылдын 1-мартындагы №999-VII "2023–2025-жылдарга Кыргыз Республикасында мамлекеттик менчикти менчиктештирүү программасын бекитүү жана "Мамлекеттештирилген объекттерди натыйжалуу башкаруу жана тескөө боюнча программаны бекитүү тууралуу" Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2011-жылдын 8-июлундагы №941-V токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтому менен бекитилген 2023–2025-жылдарга Кыргыз Республикасында мамлекеттик менчикти менчиктештирүү программасынын аткарылышынын жыйынтыктары жөнүндө отчет берсин;

2) Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине көрсөтүлгөн Программанын аткарылышы жөнүндө тиешелүү маалымат берсин.

**3.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президентинин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**4.** Бул токтом расмий жарыялоого тийиш жана 2026-жылдын 1-январынан тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 21-октябры, №687***

**ЖОГОЛДУ**
**УТЕРЯ**

***Токторова Айсулу Айткуловнага тиешелүү 15-ноябрь 2007-жылы берилген №0039284 жер участогуна (үлүшүнө) жеке менчик укугу жөнүндөгү күбөлүгү жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

П/П 050

***Жалал-Абад облусунун Ноокен районуна караштуу Д.Садырбаев атындагы айыл аймагынын тургуну Усөнов Жапаралиге таандык 1995-жылдын 28-сентябрында НО №000076 санда катталган (иден.код 3-04-09-0011-0035) жер үлүшүнө болгон жеке менчик укугу жөнүндөгү күбөлүгү жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

П/П 037

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН АГРОНОМИЯЛЫК ТАЖРЫЙБА ЖАНА ҮРӨН ЧАРБАЧЫЛЫГЫ ЖААТЫНДАГЫ АЙРЫМ ЧЕЧИМДЕРИНЕ ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын жана жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 31-майындагы №288 "Кыргыз Республикасынын үрөнчүлүк чарбалары жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын үрөнчүлүк чарбалары жөнүндө жободо:

– 2-пункттун 3-пунктчасы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"3) айдоо жерлердин менчик ээлиги жана (же) пайдалануу укугун ырастаган документтердин көчүрмөлөрү (өзүндө документтердин түп нускалары болуу керек);";

– 6-пункттун төртүнчү абзацындагы "14 жумуш күндүн ичинде" деген сөздөр "7 жумуш күндүн ичинде" деген сөздөргө алмаштырылсын.

**2.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 10-февралындагы №66 "Кыргыз Республикасында жеке агрономиялык тажрыйбаны жүзөгө ашыруу тартиби жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасындагы жеке агрономиялык тажрыйбаны жүзөгө ашыруу тартиби жөнүндө жободо:

– 4-пункт төмөнкүдөй мазмундагы экинчи абзац менен толукталсын:

"Жеке агрономия менен алектенүүгө уруксат алууга талапкер болгон юридикалык же жеке жак ушул Жобонун 5, 6-пункттарында көрсөтүлгөн арызды жана документтерди электрондук түрдө берүүгө укуктуу. Ушул Жобонун 5, 6-пункттарында көрсөтүлгөн арыз жана документтер электрондук түрдө берилген учурда, алары арыз ээсинен кагаз түрүндө талап кылууга жол берилбейт.";

- 5-пункттун үчүнчү абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"– жогорку жана/же орто атайын агрономиялык билими жөнүндө дипломдун көчүрмөсү (өзүндө документтин түп нускасы болуу керек)";

– 7-пункттун экинчи абзацындагы "10 жумуш күндүн ичинде" деген сөздөр "5 жумуш күндүн ичинде" деген сөздөргө алмаштырылсын.

**3.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 22-октябры, №688***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2022-ЖЫЛДЫН 11-МАРТЫНДАГЫ №131 "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН САЛЫК КОДЕКСИНИН 289, 297, 298 ЖАНА 299-БЕРЕНЕЛЕРИНИН ТАЛАПТАРЫН ИШКЕ АШЫРУУ БОЮНЧА ЧАРАЛАР ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын аймагына импорттолуучу атайын техниканын айрым түрлөрүн жана алардын комплекттөөчүлөрүн кошумча нарк салыгын төлөөдөн бошотуу, Кыргыз Республикасында коомдук коопсуздукту жана укук тартибин камсыз кылуу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 11-мартындагы №131 "Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 289, 297, 298 жана 299-беренелеринин талаптарын ишке ашыруу боюнча чаралар жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтомдун 12-тиркемесинде:

– төмөнкүдөй мазмундагы отуз экинчи сап менен толукталсын:

"

| | |
|---|---|
| 8407 21 100 0 | Күчтүк кеме орнотмолору үчүн учкундуу от алуучу ичинен күйүүчү кыймылдаткычтар, цилиндрлердин жумушчу көлөмү 325 см³дан ашпаган асма |

";

– төмөнкүдөй мазмундагы төрт жүз төртүнчү жана төрт жүз бешинчи саптар менен толуктaлсын:

"

| | |
|---|---|
| 8711 90 000 0 | Башка мотоциклдер (мопеддер), орнотулган көмөкчү кыймылдаткычы бар велосипеддер, коляскасы менен жана коляскасыз, башка коляскалар |
| 8714 10 000 0 | Мотоциклдердин жана мопеддердин тормоздору, алардын бөлүктөрү |

";

– төмөнкүдөй мазмундагы төрт жүз сегизинчи сап менен толукталсын:

"

| | |
|---|---|
| 8716 39 500 1 | Жүк ташуу үчүн башка чиркегичтер жана жарым чиркегичтер, жаңы, бир октуу |

";

– төмөнкүдөй мазмундагы төрт жүз алтымыш сегизинчи жана төрт жүз алтымыш тогузунчу саптар менен толукталсын:

"

| | |
|---|---|
| 8903 31 000 0 | Асма кыймылдаткычы бар үйлөтүлүүчү жана калкып жүрүүчү каражаттардан тышкары, узундугу 7,5 метрден ашпаган моторлуу кайыктар жана катерлер |
| 8903 93 990 0 | Эс алуу же спорт үчүн яхталар жана башка калкып жүрүүчү каражаттар, узундугу 7,5 метрден ашпаган калактуу кайыктар жана каноэлер |

".

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 22-октябры, №689***

## БАЛДАРГА КОШУМЧА БИЛИМ БЕРҮҮНҮН АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕРИ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасында балдарга кошумча билим берүү уюмдарынын билим берүү ишин тартипке келтирүү, балдарга кошумча билим берүүнүн мамлекеттик жана муниципалдык билим берүү уюмдарынын жетекчилеринин жогорку кесипкөй кадрдык курамын түзүүгө багытталган кадр саясатын камсыз кылуу максатында, «Билим берүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 18, 22, 35-беренелерине, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Төмөнкүлөр бекитилсин:

1) Балдарга кошумча билим берүүнүн билим берүү уюму жөнүндө типтүү жобо 1-тиркемеге ылайык;

2) Балдарга кошумча билим берүүнүн билим берүү уюмунун типтүү уставы 2-тиркемеге ылайык;

3) Балдарга кошумча билим берүүнүн мамлекеттик жана муниципалдык билим берүү уюмдарынын жетекчилерин конкурстук тандап алууну өткөрүү тартиби жөнүндө жобо 3-тиркемеге ылайык.

**2.** Төмөнкүлөр белгиленсин:

1) балдарга кошумча билим берүүнүн бир же бир нече мамлекеттик жана муниципалдык билим берүү уюмдарынын жетекчилери, ошондой эле жетекчинин милдеттерин аткарган адамдар, эгерде аталган кызмат орундарында иштөөнүн жыйынды узактыгы ушул токтом күчүнө кирген датага карата беш жылды түзсө, анда алар ушул токтом күчүнө кирген күндөн тартып ээлеген кызмат ордунан бошотулууга тийиш;

2) балдарга кошумча билим берүүнүн бир же бир нече мамлекеттик жана муниципалдык билим берүү уюмдарынын жетекчилерин, ошондой эле жетекчинин милдеттерин аткарган адамдарды бошотуу түзүлгөн эмгек келишимдеринин шарттарын, анын ичинде аларды бузуунун жана тиешелүү компенсацияларды төлөөнүн тартибин сактоо, ошондой эле «Билим берүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 22-беренесинин 8-бөлүгүнүн талаптарын эске алуу менен Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарына ылайык жүзөгө ашырылат;

3) бошотулган жетекчилер иш берүүчүнүн чечими боюнча жаңы жетекчи дайындалганга чейин өз ыйгарым укуктарын убактылуу аткара алат жана эгерде алар квалификациялык талаптарга ылайык келсе, башка талапкерлер менен бирге жалпы негиздерде жетекчинин кызмат ордун ээлөөгө конкурстан өтүүгө укуктуу;

4) конкурстук тандоо балдарга кошумча билим берүү уюмдарынын жетекчилеринин бош кызмат орундарына өткөрүлөт;

5) бул токтом балдарга кошумча билим берүү уюмдары карамагында турган тиешелүү мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен макулдашуу боюнча бардык балдарга кошумча билим берүүнүн мамлекеттик жана муниципалдык билим берүү уюмдарына карата колдонулат;

6) балдарга кошумча билим берүүнүн мамлекеттик жана муниципалдык билим берүү уюмдарынын жетекчилерин конкурстук тандоону өткөрүү менен байланышкан чыгымдар Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлигинин 2025-жылга жана кийинки жылдарга каралган борбордоштурулган иш-чараларынын каражаттарынын чегинде жүзөгө ашырылат.

**3.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 22-октябры, №690***

## "ТҮНДҮК" АЧЫК АКЦИОНЕРДИК КООМУНУН ИШИНИН МАСЕЛЕЛЕРИ БОЮНЧА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН ЖАНА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН АЙРЫМ ЧЕЧИМДЕРИНЕ ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 17-мартындагы №91 "Мамлекеттик башкаруу чөйрөсүндө санариптик трансформациялоону андан ары өркүндөтүү боюнча чаралар жөнүндө" Жарлыгынын 5-пунктун ишке ашыруу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 7-октябрындагы №525 "Электрондук кызмат көрсөтүүлөр мамлекеттик порталын пайдалануу эрежелерин бекитүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

– 2-пунктта "Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу "Түндүк" мамлекеттик мекемесине" деген сөздөр ""Түндүк" ачык акционердик коомуна" деген сөздөргө алмаштырылсын.

**2.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 31-декабрындагы №745 "Электрондук билдирүүлөр мамлекеттик системасы жана аны пайдалануу эрежелери жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

– 2-пунктта "Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу "Түндүк" мамлекеттик мекемеси" деген сөздөр ""Түндүк" ачык акционердик коому" деген сөздөргө алмаштырылсын.

**3.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 31-декабрындагы №748 "Кыргыз Республикасында электрондук башкарууну ишке ашыруунун айрым маселелери жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

– 1¹-пунктта "Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу "Түндүк" мамлекеттик мекемеси" деген сөздөр ""Түндүк" ачык акционердик коому" деген сөздөргө алмаштырылсын.

**4.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 16-декабрындагы №707 "2023–2026-жылдарга Кыргыз Республикасында электрондук коммерцияны колдоо жана өнүктүрүү боюнча программаны бекитүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда көрсөтүлгөн токтом менен бекитилген 2023–2026-жылдарга Кыргыз Республикасында электрондук коммерцияны колдоо жана өнүктүрүү боюнча программада:

– 2-главанын он үчүнчү абзацында "Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинин алдындагы "Түндүк" мамлекеттик мекемеси" деген сөздөр ""Түндүк" ачык акционердик коому" деген сөздөргө алмаштырылсын.

**5.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 28-августундагы №440 "Бажы иши чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын мамлекеттик органдар (уюмдар) менен маалыматтык ведомстволор аралык өз ара аракеттенүүсүн уюштуруу тартибин бекитүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

– 2-пунктта "Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу "Түндүк" мамлекеттик мекемеси" деген сөздөр ""Түндүк" ачык акционердик коому" деген сөздөргө алмаштырылсын.

**6.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 12-апрелиндеги №178 "Евразия экономикалык бирлигинин Кыргыз Республикасындагы бажы чек арасынын автомобилдик өткөрмө пункттарында санитардык-карантиндик, фитосанитардык, ветеринардык жана транспорттук контролдоону (көзөмөлдөөнү) ишке ашыруунун айрым маселелери жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

– 3-пункттун 3-пунктчасы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"3) саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын, фитосанитардык жана ветеринардык коопсуздук жаатында көзөмөлдөө жана контролдоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын жана транспорт чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын электрондук түрдө берилген маалыматтары жана дайындары (документтери) электрондук кол тамга менен күбөлөндүрүлгөн аныктыгын ырастаган реквизиттерге, формаларга (форматтарга) жана жол-жоболорго, "Түндүк" ведомстволор аралык электрондук өз ара аракеттенүү системасынын маалымат (электрондук документ) алмашуу интерфейстерине, анын ичинде "Түндүк" ачык акционердик коомунун Ведомстволор аралык өз ара аракеттенүү чечимдеринин каталогунда аларды каттоого карата белгиленген талаптарга ылайык келүүгө тийиш;".

**7.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 2-июлундагы №347 "Юридикалык жактардын мобилдик тиркемелери аркылуу мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдү, сервистерди жана санариптик документтерди берүү тартибин бекитүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда көрсөтүлгөн токтом менен бекитилген Юридикалык жактардын мобилдик тиркемелери аркылуу мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдү, сервистерди жана санариптик документтерди берүү тартибинде:

– 3-пункттун 8-пунктчасында "Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу "Түндүк" мамлекеттик мекемеси" деген сөздөр ""Түндүк" ачык акционердик коому" деген сөздөргө алмаштырылсын.

**8.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 22-октябры, №691***

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

ОЛУТТУУ КОҢГУРОО

# ӨЛКӨДӨ КҮЙҮҮЧҮ МАЙДЫН БИР АЙГА ЖЕТПЕГЕН КОРУ КАЛДЫБЫ?





***Нефтетрейдерлер ассоциациясынын башчысы Канатбек Эшатов Кыргызстанда күйүүчү-майлоочу майдын бир айга жетип-жетпеген кору калганын, бул жаатта абал курч экенин билдирди. Анын сөзүнө караганда, айрым компанияларда учурда бир айга жете тургандай, айрымдарында андан да аз өлчөмдөгү күйүүчү май бар. Негизи өлкөдө буга чейин жок эле дегенде эки айлык запас сакталып турчу.***

Өлкөдө жай айларында башталган күйүүчү-майлоочу майдын кымбаттоосу ушул кезге дейре сакталып, уланууда. Улуттук статистика комитети билдиргендей, А-95 үлгүсүндөгү бензин июндун башында 73 сом болсо, учурда 80-82 сомго чыкты. А-92 үлгүсүндөгү бензин 65 сомдон 74-76 сомго, дизель 73 сомдон 80 сомго чейин көтөрүлдү. Нефтетрейдерлер ассоциациясы мунун себебин, Орусиядагы мунайды кайра иштетүүчү бир нече завод Украинанын дрон чабуулунан улам иштебей, ал жактын өзүндө тартыштык болуп жатканы менен түшүндүрүүдө. Ал эми монополияга каршы жөнгө салуу кызматы азыр бааны кармап турууга мүмкүн болбой жатканын, күйүүчү майдын кымбатташы Орусиядагы абалга байланыштуу экенин билдирүүдө. Буга дейре Министрлер Кабинетинин Төрагасы Адылбек Касымалиев өлкөнүн ички базарын мунай азыгы менен туруктуу камсыздоо маселелерине арналган кеңешме өткөрүп, күйүүчү майдын баасына көзөмөлдү күчөтүү тапшырмасын берген.

Ал эми эл аралык энергетикалык агенттиктин соңку баяндамасында, украиналык дрондордун орусиялык объектилерге жасаган соккуларынын айынан Орусиянын мунай заводдорундагы мунай иштетүү көлөмүнүн азаяр бериши жок эле дегенде келерки жылдын ортосуна чейин уланаары шардана болууда. Мындай "жагымсыз коңгуроонун" доошунан соң кыбыр эткен кыймылдын баары күйүүчү майга байланган азыркыдай шартта өлкөдөгү бул жааттагы абал кризистик кырдаалды жаратып, өлкөнүн экономикасына олуттуу сокку урбайбы? Өзүбүздөн тыңгылыктуу мунай өндүрүлбөгөн мындай шартта коопсуздуктун бул түрү менен мамлекеттик масштабда алектенүү болбосо бул жагынан элибизге кыйла кыйынчылык жаралышы мүмкүн. Эгерде Орусиянын өзүндө мунайды өндүрүү ушундай өпчап ыргакта улана берсе, автоунаасы калкынын санына чамалап баратып Кыргызстандагы абалды элестетип жатасыңарбы? Балким бул жагынан альтернативдүү жолдорду ойлонуштуруу мезгилдин талабы болуп жүрбөсүн? Бул жагынан мезгилдин күрөө тамырын кармоо менен абалга тыкыр көз салып турмакчыбыз...

**Калыгул БЕЙШЕКЕЕВ**

ӨНДҮРҮШ



# Автомобиль өндүрүү жана жыйноо өстү

***Кыргызстанда автомобилдерди чыгаруу жана жыйноо өрүш алды. Бул тууралуу Улуттук статистикалык комитети билдирди. Маалыматтарга таянсак, ушул жылдын январь айынан сентябрга чейин Кыргызстанда жалпысынан 3 миллиард 507,1 миллион сомго же 40,1 миллион долларга унаа өндүрүлгөн.***

Ал эми сентябрь айында эле бул көрсөткүч 348,3 миллион сомду түзгөн. Автомобилдерди жыйноо жана чыгаруу өткөн жылдын январь – август айлары менен салыштырганда дээрлик эки жарым эсе өскөнү байкалган.

Эске салсак, өткөн жылдын июль айында Чүй облусунун Москва районундагы Ак-Суу айылында "Тулпар Моторс" заводу расмий ишке киришкен. Учурда завод 11-12 үлгүдөгү унааларды чыгарууну пландаштырууда. Экономика жана коммерция министрлигинин Өнөр жай башкармалыгынын берген маалыматына таянсак, заводдун өндүрүштүк кубаттуулугу 20га жакын унаа моделин чогултууга жетет. Биринчи этап General Motors компаниясынын SKD (Semi-knocked Down) технологиясын колдонуу менен Chevrolet Tracker, Onix жана Cobalt унааларын чыгарууну камтыйт. Ишке киргизилгенден бери завод 2,6 миллиард сомго бааланган 2000ден ашык унааны чыгарып, саткан. Үстүбүздөгү жылдын аягына чейин дагы 500дөн ашык унааны чыгаруу жана сатуу пландалууда. «Тулпар моторс» заводу ишке киргенден бери өндүрүш 2024-жылдын биринчи жарымына салыштырмалуу үч эсеге өскөн.

Андан сырткары өлкөдө өткөн жылдан тарта Shacman жүк ташуучу автомашиналары чыгарылып, сатыкка коюлууда.


«ТНК "Шумкар" ААК заводу 2025-жылдын тогуз айында 101 жүк ташуучу унааны чогултуп, анын 72си тактап айтканда автоплатформалар, самосвалдар, бетон аралаштыргычтар, кран ташуучу унаалар, тракторлор сатылган. Учурда жабдуулардын жыйырма тогуз бирдиги заказчыларга жеткирүү үчүн иштетилип жаткандыгы маалым. Ал эми 58 бирдикти жыйноо үчүн тетиктер заводго келип түшкөн. Аты аталган министрлик 2025-жылдын май айынан декабрга чейин кошумча 159 жүк ташуучу унааны чогултуу пландалганын, учурда иш өз нугунда баратканын билдирди.

**Жазгүл КЕНЖЕТАЕВА**

АЙЫЛ ЧАРБА

# КУМШЕКЕР ӨНДҮРҮҮ КҮЧҮНДӨ

***Ушул күндөрдө «Кошой» кант заводунда иш кызуу жүрүп жатат. Аталган заводдун кызылчаны кабыл алуу пунктунун башчысы Каныбек Толонгутовдун айтымында октябрь жана ноябрь айларында кант кызылчасын кабыл алып, кумшекер өндүрүүнүн сезону күч алат. Анын айтымында 1-октябрдан бери кызылчаны кабыл алуу башталган. Азыр 40 миң тоннадай кызылчанын запасы бар, ал четинен заводго берилүүдө. Күнүнө Сокулук районунан 150дөй КАМАЗ кызылча ташып келүүдө. Андан сырткары Кемин, Кант жана Ысык-Атанын кызылчалары вагон менен да келип түшүп турат.***



Эске салсак, Шопоков шаарындагы «Кошой» заводу кумшекер өндүрүшүн Ата Мекендик согуш учурунда баштаган. Ал кезде завод күнүнө 1 жарым миң тонна кызылчаны кабыл алган болсо, азыр 3 миң тоннага чейин кабыл алат жана өндүрүш толугу менен заманбапташтырылган.

Дыйкандар алып келген кант кызылчалары алгач электрондук таразага тартылып, андан соң, андагы кызылчанын сапаты текшерүүгө жиберилет. Тапшыруучу тарап кем дегенде 15 кг кызылчасын лабораторияга өткөрүп, бир нече мүнөттүн ичинде кызылчанын кирдиги жана шекердүүлүгү тууралуу маалымат ала алат. Орто эсеп менен кызылча 15% - 21%га чейин канттуу болушу керек. Анын канттуу болушу – сортуна, өсүү шартына, жетилүүсүнө жана аба ырайына жараша өзгөрөт. Быйыл кургакчылыктын айынан кызылчанын көлөмү майдараак, бирок шекердүүлүгү нормага туура келет.

Жалпысынан азыр заводдо 3 жарым миң тонна даяр шекер сакталып турат. Албетте аны сактоодо тийиштүү талаптарды эске алуу зарылчылыгы бар экен. Анткени шекер ысыктан да, сууктан да бузулат. Кампада 17-18 градус жылуулуктун болушу шарт.

Келишим боюнча дыйкандар өндүргөн шекердин 30 пайызын акчалай, калганын даяр шекер түрүндө алышат. Ал эми аны сактоо опурталдуу болгондуктан, заводдун кампасында сактап, каалаган кезде алып чыгып кетишет. "Кошой" заводунун директору Павел Немченконун айтымында, кумшекердин өндүрүш мезгили болжол менен эки айга созулат.

Өткөн жылы Кошой заводу 48 тонна кумшекер өндүргөн, быйыл болжол менен 22-23 миң тоннадай болушу күтүлөт. Бирок, бул шекердин тартыштыгын жаратат дегенди билдирбейт. Анткени кампада былтыркы шекердин кору да бар. Андыктан шекердин баасы кымбаттайт деп кооптонууга да негиз жок. «Кошой» ААКтын директорлор кеңешинин төрагасы жана «Кайыңды-Кант» директорлор кеңешинин мүчөсү – Алмазбек Алтыбаевдин айтымында, азыр шекердин баасы тескерисинче түшүп жатат.

Учурда Кыргызстандын кант заводдорунда кумшекердин 1 килограммы 62 сом 50 тыйын. Шекердин арзандыгы калк үчүн жакшы болгону менен, дыйкандар үчүн жагымсыз жагдай. Анткени алар жетиштүү киреше албаса, кийинки жылы кант кызылчасын айдабай коюшу ыктымал. Бул болсо кайрадан шекердин тартыштыгына жана баанын кескин өсүшүнө алып келери белгилүү.

**Жазгүл КЕНЖЕТАЕВА**

ЭСКЕРТҮҮ!




# Кырсыктардын саны көбөйдүбү?

***Өзгөчө кырдаалдар министринин биринчи орун басары Азамат Мамбетов республиканын аймагында 12 миңге жакын ар кандай табигый мүнөздөгү кооптуу процесстер бар экенин билдирди.***

Анын айтымында быйыл тогуз айдын ичинде өлкөдө жалпы 3 286 кырсык катталды. Бул былтыркыга салыштырмалуу 15 пайызга көп. Кырсыктардан каза болгондордун саны 243 кишини түзүп, материалдык чыгым 1,5 миллиард сомдон ашкан. Быйыл жаан-чачын азыраак болуп, сел аз жүргөнү менен өрт кырсыктарынын саны көбөйгөн. Ошого байланыштуу материалдык чыгым 1,5 миллиард сомдон ашып кеткен.

Ушул аптада да Ош шаарында турак жайдан чыккан өрттөн бүтүндөй бир үй-бүлө, 34 жаштагы энеси менен 5 бала каза тапты. Бул окуядан кийин Кыргызстандын Өзгөчө кырдаалдар министрлиги калкты өрт коопсуздугунун эрежелерин так сактоого дагы бир ирет чакырды.

Министрлик 2022-жылдын 13-декабрындагы "Өрт коопсуздугу жөнүндө" мыйзамга ылайык, өрт коопсуздугу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын кызмат адамдарына жеке менчик турак жайларды текшерүүгө ыйгарым укук берилген эместигин айтып, жоопкерчилик үй ээлеринде экендигин кайра-кайра эскертүүдө. Андыктан ӨКМ өлкө боюнча өрт кырсыгынын көбөйүп жатканына олуттуу тынчсызданууусун билдирип, шаарларда, райондордо түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп, коопсуздук чаралары жазылган баракчаларды таратууга аргасыз болууда.

Статистикалык маалыматтарга ылайык, 2025-жылдын башынан бери өлкөдө 2748 өрт кырсыгы катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 25 пайызга көбөйгөн. Өрттүн кесепетинен 40 адам, анын ичинде 12 бала каза болду. Күз-кыш мезгилинин башталышы менен калктын электр жылыткычтарын, мештерди жана башка жылуулук булактарын пайдалануусу бир кыйла өскөн. ӨКМ өрттүн негизги себеби катары мына ушул электр шаймандарын пайдалануу эрежелерин бузуу болуп жатканын билдирүүдө.

**Ж.БЕКБОЛСУН кызы**

КӨҢҮЛ КАЛГАН ЫШ КӨЙГӨЙҮ

# Кайталанма кадамдан майнап чыгабы?



***Бизде ар жылы кайсы бир майрамдардын даталуу күнүн утурлай ошол тармактагы оош-кыйыш жагдайлар боюнча «добулбас кагылып, керней-сурнай тартылат» да, маарекелүү датанын эртеси кечеги жалындуу сөздөрдүн бири жок, көтөрүлгөн көйгөйлөр бир суткага жетпей жым-жым эте «чымга баскандай» басылат. Анын сыңарындай, соңку жылдары күз келип, кыш жакындаганы Бишкек шаарын каптаган ыш көйгөйү көмөкөйдөн түшпөй, күн жылымдаганы кайрадан унутулат. Ошентип, ыш көйгөйүн соңку убакта канчалык «жыртканыбыз» менен тыңгылыктуу чечилбей, баш калаа тургундарынын негизги баш оорутмасына айланып келүүдө.***

Өткөн аптада мэрияда баш калаадагы абанын булганышы боюнча «адат болгон» маселе талкууланып, булганычка себепкер болгон жагдайлар аталды.

Мэрия билдиргендей, БУУнун бир катар агенттиги, Эл аралык миграция уюму, Дүйнөлүк банк жана Азия өнүктүрүү банкы сыяктуу эл аралык мекемелердин тийиштүү бөлүмдөрү Бишкекте абаны булгаган себептердин сап башында жер тамдарды жылытуу үчүн жагылган от турарын (29%) аныкташкан. Андан кийинки орунда транспорт турат (27%). Мындан тышкары чаң - 21%, жылуулук электр борборунун жана башка от жагуучу жайлардын түтүнү - 11%, өнөр жай ишканалары - 2%да кышкысын борбор калаанын абасын булгаган факторлор экени маалымдалды. Эми бул жагындагы пайыздык көрсөткүчтөрдү өзүңүздөр талдап алсаңар болот.

Күз келгенден тарта баш калааны суук түшкөнү ыш, уюлгуган кара түтүн каптап турат. Бул көрүнүштү асмандан дрон менен же жакынкы тоолордон сүрөт-видеого тарткандар социалдык түйүндөргө жарыялап, абал канчалык оор экени тууралуу талкуу күчөйт. Анан калса Бишкек калаасы барган сайын дүйнөдөгү абасы эң булганыч шаарлардын дүйнөлүк рейтингинде биринчи сапка чыгат. Соңку убакта бийлик, өзгөчө Бишкек мэриясы абанын булганышын азайтуу максатында көп аракеттер көрүлүп жатканын билдиргени менен андай аракеттен сезилээрлик жыйынтык чыкпай жатканын жашырып болбойт.

Ушу тапта шаарга күнүгө жолго чыгып жаткан 1460 автобустун 1340ы газ, 120сы электр менен иштейт. Ал эми шаардын четинде канча жылдан бери түтөп, быкшып турган полигондо от толук өчүрүлүп, 12 гектар жерге таштандыны кайра иштетүүдөн электр энергиясын өндүрө турган завод курулуп, жакында ачылышы күтүлүүдө. Ал эми автомашиналарга катализатор орнотуу механизмдери иштелип чыгууда. Бирок, мындай батыл аракеттер көрүлгөнү менен Бишкек уюлгуган ыштын ордосу бойдон калууда. Маселе канткенде чечилет? Же борборду өлкөбүздүн башка аймагына көчүрүп, «жүктөн бошотуу» менен маселени чечүү замандын талабыбы? Алдыда бул тема кышы бою актуалдуу бойдон калганы турат.

**Калыгул БЕЙШЕКЕЕВ**

ГЕОСАЯСИЙ ОЮНБУ?



# Ооганстан менен Пакистан кагылышууда

***Ооганстан менен Пакистандын ортосунда абал оорлоп, кырдаал курчуп кетти. Буга чейин эки өлкө бирине-бири доомат артып келген. Тагыраагы, Пакистандагы аскердик объектилерге болгон бир нече чабуулдардан кийин Исламабад Кабулду "Техрик-и-Талибан Пакистан" кыймылынын согушчандарын өз аймагында жашырып жатат деп айыптаган. Быйыл жыл башындагы ок атышууда Ооганстандын тышкы иштер министрлиги Пакистан элчиси менен жолугушуп, өз ара наразылык ноталарын алмашкан. Бирок, жагдай өзгөргөн жок.***


Көп өтпөй, 25–28-апрелде Түндүк Вазиристанда кандуу салгылашуу болуп, Пакистан 71 согушчу жок кылынганын билдирген. Кагылыш мартта да болуп, жай айларында дагы тынчтык өкүм сүрбөдү. Маселен, июль-август айларында "Техрик-и-Талибан Пакистан" кыймылы Пакистандагы аскердик жана полициялык объектилерге жүздөн ашык чабуул жасаган. Мындан улам сентябрда Пакистан чек арага жакын аймактарда (Баджаур, Түштүк Вазиристан) кеңири антитеррордук операцияларды жүргүзгөн. Анткени, Техрик-и-Талибан кыймылы ошол аралыкта Пакистандын бир нече аскердик колоннасына кол салып, ондогон жоокерлердин өлүмүнө себеп болгон. Коомчулук өкмөттөн чечкиндүү чараларды талап кылгандыктан, өлкө тышындагы объектилерге да сокку урууга укук берилген. Дароо пакистандык аскер-аба күчтөр Кабул, Хост, Жалалабад жана Пактика провинцияларына абадан чабуул жасады. Мунун артынан ооган талибдери Пакистан чек арасындагы Чаман, Спин-Болдак жана Куррам аймактарындагы посттор-го кол салышкан. Үч күн бою катуу салгылашуулар болуп, ондогон аскерлер жана жөнөкөй адамдар курман болду. 12-октябрда кагылышуулар толук масштабдуу согушка айланып, артиллерия жана дрондор колдонулду. 15-октябрь күнү Пакистандын аба күчтөрү Кабулга чабуул жасап, бир нече сокку урду. Ага удаа борбор калаадагы бийик кабаттуу үйлөрдөн өрт тутанган тасма тарады.

Жаңжалдын чыгышына бир катар факторлор бар. Биринчиси, Ооганстан жана Пакистан аймактарындагы куралчан топтор жана терроризм десек болот. Мисалы, Пакистан көп жылдан бери Ооганстанда, айрыкча Талибан башкаруусундагы аймактарда пакистандык Талибандын жоочулары баш калкалап, алардын өлкө аймагында теракт жана куралдуу кол салууларды жасап жатканы тууралуу билдирип келет. Исламабад талибдерден бул жоочуларды өткөрүп берүүнү талап кылууда. Бирок, Кабулдагы администрация – ички күчтөрдүн, талибдердин идеологиялык биримдигинин жана тышкы басымдын ортосунда маневр жасоого аргасыз болууда.

Экинчиси, "Дуранд сызыгы" чек арасы боюнча талаш бар. Ооганстан Пакистан менен болгон мамлекеттик чек араны, тагыраак айтканда "Дуранд сызыгын" көп жылдардан бери расмий түрдө тааныбай келет. Бул узактан берки талаштын булагы болуп эки өлкө ортосунда чек араны чыңдоо, дубал тургузуу жана фортификациялоо аракеттери жүрбөй келе жатат. Үчүнчүдөн, чек арадагы чакан кагылышуулар жана ишенимдин жоктугу жаңжалдардын чыгышына түрткү берүүдө. Акыркы эки жыл аралыгын эле карасак, Ооганстан менен Пакистан чек арасындагы атышуулар, чабуулдар жана майда кагылышуулар бир нече жолу кайталанды. Бул "кичине от" акырында олуттуу жарылуучу кырдаалдын очогуна айланып, кезектеги чагымга себеп болушу мүмкүн болчу. Дал ошол нерсе азыр тутануууда.

Булардан сырткары ички саясий жана стратегиялык факторлор жатат. Эки өлкөдө тең социалдык кризис курч. Элдин жашоосу оор. Бирок, азыркы жаңжалды өз кызыкчылыгына пайдаланганга аракеттенет. Маселен, Пакистан жаңжалды ички коомду бириктирүү, бийликтин легитимдүүлүгүн бекемдөө жана экономикалык-саясий кризистен элдин көңүлүн бурганга аракеттенет. Ал эми Ооганстан тышкы басымга туруштук бере аларын жана ички биримдикти сактап турганын көрсөткөнгө кулач урат. Мындайча айтканда, эки режим тең саясий упай топтогону жанталашары турган иш.

Кээ бир аналитиктер сырткы кийлигишүү бар деп дагы белгилешүүдө. Албетте, азырынча жаңжал кайсы бир чоң державанын аракети менен уюштурулду дегенге далилдер жок. Бирок, аймактагы туруксуздуктун күчөшү кайсы бир эл аралык оюнчулар үчүн пайдалуу болушу мүмкүн. Тутанган отко май сээп, күчөткөнгө аракет кылышы ыктымал. Мамлекеттин алсыз жана көз каранды болгону үлкөн державалар үчүн пайдалуу. Мындай абал региондогу атаандаш мамлекеттердин дагы таасирин арттырууга, өзүнүн аскердик же саясий катышуусун кеңейтүүгө мүмкүнчүлүк берет. Биз андайды эгемендик алгандан бери жон териbиз менен сездик. Буга чейинки төңкөрүштөр анын далили. Жакынкы жылдардан берки өнүгүбүз дагы далайлардын түн уйкусун бузуп, туш тараптан тиш салганга аракет кылганын байкап жатабыз. Кыскасы, Ооганстан менен Пакистан алды-артын аңдабай, кызуу кандуулукка берилгендей таасир жаратууда. Эгер азыр акыл калчабаса, түбү көрүнбөгөн чоң согуштун кучагына кирип кетиши ыктымал.



**УКМКнын мурдагы орун басары, генерал-лейтенант Токон Мамытов:**

– Пакистан – заманбап армияга ээ, анын курамында аскердик авиация, оор артиллерия, дрондор, танктар жана жакшы жабдылган согуштук тажрыйбасы бар туруктуу аскерлер бар. Логистикасы, чалгындоо системасы жана терроризмге каршы күрөшүүдө бай тажрыйбасы Пакистанга артыкчылык берет. Ал эми Ооганстан учурда Талибандын башкаруусунда чектелген гана ресурстарга ээ. Аскердик түзүмдөрү Пакистан армиясына салыштырмалуу алсызыраак. Авиация мүмкүнчүлүгү чектелүү. Бирок, ооган талибдер тоолуу жана чек арадагы аймактарды жакшы билип, жергиликтүү шарттарды пайдалануу менен коргонуудагы артыкчылыкка ээ болушу мүмкүн. Эң эске ала турган нерсе, Улуу Британия, Советтер Союзу, АКШ менен НАТО өлкөлөрү Ооганстан менен согушуп жеңишке жетишкен жок.

**Кылычбек КУДАЙБЕРГЕНОВ**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

## БИШКЕК ШААРЫНДАГЫ, ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУНУН МАНАС ШААРЫНДАГЫ ЖАНА БАЗАР-КОРГОН, АКСЫ РАЙОНДОРУНДАГЫ, ОШ ОБЛУСУНУН АРАВАН РАЙОНУНДАГЫ, НАРЫН ОБЛУСУНУН АК-ТАЛАА РАЙОНУНДАГЫ, ЧҮЙ ОБЛУСУНУН КЕМИН, ЧҮЙ РАЙОНДОРУНДАГЫ ЖАНА ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУНУН ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУНДАГЫ АЙРЫМ ШАЙЛОО УЧАСТОКТОРУНУН ДАРЕКТЕРИН ӨЗГӨРТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

### ТОКТОМУ

"Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13-1-беренесин, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2025-жылдын 28-июнундагы №41 токтому менен бекитилген Шайлоо округдары менен шайлоо участокторунун схемаларын жана чек араларын башкаруу тартиби жөнүндө жобонун 5-главасын жетекчиликке алып, "Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 3, 4, 8-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы **токтом кылат:**

**1.** Бишкек шаарындагы "Маариф" билим берүү комплексинин имаратында жайгашкан №1162 шайлоо участогунун дареги А. Токомбаев көчөсү, 9/1ден А. Токомбаев көчөсү, 23/11ге Бишкек шаарындагы "Газпром" мектебинин имаратына өзгөртүлсүн.

**2.** Жалал-Абад облусунун Манас шаарындагы Республикалык балдардын олимпиадалык резерв жатак мектебинин имаратында жайгашкан №2098 шайлоо участогунун дареги Пушкин көчөсү, 148Адан Пушкин көчөсү, 152ге Жалал-Абад облусунун Манас шаарындагы Эл аралык университеттин имаратына өзгөртүлсүн.

**3.** Жалал-Абад облусунун Базар-Коргон районунун Сайдыкум айылындагы Ж. Асанов атындагы №9 орто мектебинин имаратында жайгашкан №2137 шайлоо участогунун дареги С. Досов көчөсү, 148ден С. Досов көчөсү, 140ка Жалал-Абад облусунун Базар-Коргон районунун Сайдыкум айылындагы айылдык маданият үйүнүн имаратына өзгөртүлсүн.

**4.** Жалал-Абад облусунун Базар-Коргон районунун Кеңеш айылындагы Ж. Канашов атындагы №32 орто мектебинин имаратында жайгашкан №2148 шайлоо участогунун дареги С. Матишев көчөсүнөн Кулбаев көчөсүнө Жалал-Абад облусунун Базар-Коргон районунун Кеңеш айылындагы А. Тарыхчиев атындагы орто мектептин имаратына өзгөртүлсүн.

**5.** Жалал-Абад облусунун Базар-Коргон районунун Кара-Ой айылындагы Жусубалы уулу Жолдош атындагы №41 орто мектептин имаратында жайгашкан №2454 шайлоо участогунун дареги М. Култаев көчөсү, 7ден Ш. Орозбаев көчөсүнө Жалал-Абад облусунун Базар-Коргон районунун Кара-Ой айылындагы Жусубалы уулу Жолдош атындагы жаңы орто мектептин имаратына өзгөртүлсүн.

**6.** Жалал-Абад облусунун Базар-Коргон районунун Колот айылындагы Т. Исак атындагы №35 орто мектептин имаратында жайгашкан №2130 шайлоо участогунун дареги К. Шамурза көчөсү, 35тен Ш. Калыков көчөсү, 29га Жалал-Абад облусунун Базар-Коргон районунун Колот айылындагы машыктыруучу спорт залынын имаратына өзгөртүлсүн.

**7.** Жалал-Абад облусунун Аксы районунун Сары-Кашка айылындагы С. Жоробаев атындагы №65 орто мектептин имаратында жайгашкан №2432 шайлоо участогунун дареги А. Кадыркулов көчөсү, 14төн А. Кадыркулов көчөсү, 10го Жалал-Абад облусунун Аксы районунун Сары-Кашка айылындагы "Учкун" бала бакчасынын имаратына өзгөртүлсүн.

**8.** Ош облусунун Араван районунун Интернационал айылындагы Эрке-Кашка атындагы орто мектептин имаратында жайгашкан №5519 шайлоо участогунун дареги Э. Хайтматов көчөсү, 24төн Э. Хайтматов көчөсү, 54кө Ош облусунун Араван районунун Интернационал айылындагы "Таң-Шоола" бала бакчасынын имаратына өзгөртүлсүн.

**9.** Ош облусунун Араван районунун Араван айылындагы А. Сайдахматов атындагы маданият үйүнүн имаратында жайгашкан №5353 шайлоо участогунун дареги М. Султанов көчөсү, 45тен М. Султанов көчөсү, 45ке Ош облусунун Араван районунун Араван айылындагы С. Юсупова айыл өкмөтүнүн имаратына өзгөртүлсүн.

**10.** Ош облусунун Араван районунун Мангыт айылындагы маданият үйүнүн имаратында жайгашкан №5518 шайлоо участогунун дареги Ак-Дарыя көчөсү, 11ден Ак-Дарыя көчөсү, 15ке Ош облусунун Араван районунун Мангыт айылындагы "Гүл Заман" бала бакчасынын имаратына өзгөртүлсүн.

**11.** Нарын облусунун Ак-Талаа районунун Ак-Чий айылындагы Ак-Чий айылдык клубунун имаратында жайгашкан №4086 шайлоо участогунун дареги Ч. Секиев көчөсү, 33төн У. Турдуке көчөсү, 46га Нарын облусунун Ак-Талаа районунун Ак-Чий айылындагы М. Балбаков атындагы орто мектептин имаратына өзгөртүлсүн.

**12.** Нарын облусунун Ак-Талаа районунун Баетов айылындагы Д. Ажиев атындагы айылдык клубдун имаратында жайгашкан №4092 шайлоо участогунун дареги А. Султаналиев көчөсү, 56дан С. Ынакбеков көчөсү, 68ге Нарын облусунун Ак-Талаа районунун Баетов айылындагы Э. Карасартов атындагы орто мектептин имаратына өзгөртүлсүн.

**13.** Нарын облусунун Ак-Талаа районунун Ак-Тал айылындагы Т. Дуйшеев атындагы айылдык клубдун имаратында жайгашкан №4096 шайлоо участогунун дареги А. Жумалиев көчөсү, 26дан О. Алыбаев көчөсү, 16га Нарын облусунун Ак-Талаа районунун Ак-Тал айылындагы А. Турдакунов атындагы орто мектептин имаратына өзгөртүлсүн.

**14.** Нарын облусунун Ак-Талаа районунун Ак-Кыя айылындагы Калмурат атындагы маданият үйүнүн имаратында жайгашкан №4097 шайлоо участогунун дареги Кубатаалы көчөсү, 80/1ден Кубатаалы көчөсү, 63кө Нарын облусунун Ак-Талаа районунун Ак-Кыя айылындагы А. Абдраимов атындагы орто мектептин имаратына өзгөртүлсүн.

**15.** Нарын облусунун Ак-Талаа районунун Жаңы-Талап айылындагы Жаңы-Талап айылдык клубдун имаратында жайгашкан №4098 шайлоо участогунун дареги Ш. Бейшеналиев көчөсү, 32ден Ы. Мааназаров көчөсү, 32ге Нарын облусунун Ак-Талаа районунун Жаңы-Талап айылындагы Байымбет атындагы орто мектептин имаратына өзгөртүлсүн.

**16.** Нарын облусунун Ак-Талаа районунун Кадыралы айылындагы С. Басылбеков атындагы клубдун имаратында жайгашкан №4100 шайлоо участогунун дареги Н. Кулназаров көчөсү, 69/1ден Н. Кулназаров көчөсү, 83кө Нарын облусунун Ак-Талаа районунун Кадыралы айылындагы А. Атамбеков атындагы орто мектептин имаратына өзгөртүлсүн.

**17.** Чүй облусунун Кемин районунун Ак-Түз айылындагы Ак-Түз айылдык китепканасынын имаратында жайгашкан №7027 шайлоо участогунун дареги Алиев көчөсү, 14төн Мамутов көчөсү, 19га Чүй облусунун Кемин районунун Ак-Түз айылындагы Ак-Түз орто мектебинин имаратына өзгөртүлсүн.

**18.** Чүй облусунун Кемин районунун Кара-Булак айылындагы Кара-Булак айылдык клубунун имаратында жайгашкан №7020 шайлоо участогунун дареги А. Малдыбаев көчөсү, 49/2ден А. Малдыбаев көчөсү, 60ка Чүй облусунун Кемин районунун Кара-Булак айылындагы К. Шаболотова атындагы орто мектептин имаратына өзгөртүлсүн.

**19.** Чүй облусунун Чүй районунун Кош-Коргон айылындагы Кош-Коргон айылдык клубунун имаратында жайгашкан №7039 шайлоо участогунун дареги Каракеев көчөсү, 21ден Каракеев көчөсү, 24кө Чүй облусунун Чүй районунун Кош-Коргон айылындагы Т. Каракеев атындагы орто мектептин имаратына өзгөртүлсүн.

**20.** Чүй облусунун Чүй районунун Кегети айылындагы Ө. Исаев атындагы орто мектептин имаратында жайгашкан №7048 шайлоо участогунун дареги Жумашев көчөсү, 21ден Жумашев көчөсү, 21ге Чүй облусунун Чүй районунун Кегети айылындагы С. Ибраимов айыл өкмөтүнүн имаратына өзгөртүлсүн.

**21.** Чүй облусунун Чүй районунун Калыгул айылындагы Калыгул айылдык клубунун имаратында жайгашкан №7053 шайлоо участогунун дареги Бурулкан көчөсү, 14төн Бурулкан көчөсү, 23кө Чүй облусунун Чүй районунун Калыгул айылындагы Т. Оңолбаев атындагы орто мектептин имаратына өзгөртүлсүн.

**22.** Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз районунун Жети-Өгүз айылындагы "Жети-Өгүз" дарылоо курортунун имаратында жайгашкан №3171 шайлоо участогунун дареги К. Кулубаев көчөсүнөн Кызыл-Жар көчөсүнө Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз районунун Жети-Өгүз айылындагы Д. Иманов атындагы мектептин филиалынын имаратына өзгөртүлсүн.

**23.** Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз районунун Кабак айылындагы Ж. Аманбаев атындагы орто мектептин имаратында жайгашкан №3175 шайлоо участогунун дареги Мундузбай көчөсү, 40Ддан Мундузбай көчөсү, 40Ага Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз районунун Кабак айылындагы АВП "Кашка-Суу" ишканасынын имаратына өзгөртүлсүн.

**24.** Бишкек шаардык аймактык шайлоо комиссиясы Октябрь административдик району, Манас шаардык аймактык шайлоо комиссиясы Манас шаардык мэриясы, Базар-Коргон аймактык шайлоо комиссиясы Кеңеш, Сайдыкум, Арстанбап, Акман айыл өкмөттөрү, Аксы аймактык шайлоо комиссиясы Кош-Дөбө айыл өкмөтү, Араван аймактык шайлоо комиссиясы Дөбө-Коргон, С. Юсупова айыл өкмөттөрү, Ак-Талаа аймактык шайлоо комиссиясы Баетов, Кара-Бүргөн, Тоголок Молдо айыл өкмөттөрү, Кемин аймактык шайлоо комиссиясы Кичи-Кемин айыл өкмөтү, Чүй аймактык шайлоо комиссиясы Биримдик айыл өкмөтү менен биргеликте шайлоочулар арасында шайлоо участокторунун даректери өзгөртүлгөндүгү тууралуу түшүндүрүү иштерин жүргүзсүн.

**25.** Бул токтом "Эркин-Тоо" мамлекеттик расмий гезитине жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

**26.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары А.С. Жупуевага жүктөлсүн.

**Төрага** **Т. ШАЙНАЗАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 20-октябры, №111***

## №5 ОКРУГДУК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫНЫН КУРАМЫНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

### ТОКТОМУ

"Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 12-беренесине, "Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 4, 8-беренелерине, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2019-жылдын 6-декабрындагы №176 токтому менен бекитилген Шайлоо комиссияларын түзүүнүн, таркатуунун жана шайлоо комиссияларынын резервдерин түзүүнүн, жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө жобого ылайык, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын "2025-жылдын 30-ноябрына дайындалган Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоону даярдоо жана өткөрүү мезгилине 30 округдук шайлоо комиссияларынын курамдарын бекитүү жөнүндө" 2025-жылдын 3-октябрындагы №90 токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) Жогоруда аталган токтом менен бекитилген 5-тиркемеге төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

– Маматысламова Элиза Маматысламовна жана Омурзаков Розибай Гайипович комиссиянын курамынан чыгарылсын;

– Шерматов Ахмаджан жана Мирзаев Бахтиержон Турсунович комиссиянын курамына киргизилсин.

**2.** Бул токтом "Эркин-Тоо" мамлекеттик расмий гезитине жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

**3.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары А.С. Жупуевага жүктөлсүн.

**Төрага** **Т. ШАЙНАЗАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 20-октябры, №112***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТТАРЫН МӨӨНӨТҮНӨН МУРДА ШАЙЛООДО КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЧЕГИНЕН ТЫШКАРЫ ДОБУШ БЕРҮҮНҮ УЮШТУРУУ МАСЕЛЕЛЕРИ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын аймагынан тышкары жашаган жана жүргөн Кыргыз Республикасынын жарандарынын шайлоо укуктарын жүзөгө ашыруу үчүн шарттарды түзүү максатында, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 30-сентябрындагы №272 "Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоону дайындоо жөнүндө" Жарлыгын, Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигинин 2025-жылдын 15-октябрындагы №13-025/20810 сунушун, №24 округдук шайлоо комиссиясынын 2025-жылдын 16-октябрындагы №1 чечимин, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2025-жылдын 1-августундагы №48 токтому менен бекитилген Чет өлкөдөгү жарандардын шайлоо укуктарын камсыз кылуу жөнүндө жобонун негизинде, "Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 2 жана 13-1-беренелерин, ошондой эле "Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 4, 8-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы **токтом кылат:**

**1.** 2025-жылдын 30-ноябрына дайындалган Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоодо Кыргыз Республикасы чегинен тышкары добуш берүүнү уюштуруу үчүн №24 округдук шайлоо комиссиясынын чечимине ылайык түзүлгөн 71 шайлоо участкасы бекитилсин (тиркелет).

**2.** №24 округдук шайлоо комиссиясы Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары түзүлгөн участкалык шайлоо комиссияларынын курамдарын бекитсин.

**3.** №24 округдук шайлоо комиссиясы участкалык шайлоо комиссияларынын курамдарын бекитүүдө мурдагы шайлоолордо жана референдумдарда Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары түзүлгөн участкалык шайлоо комиссияларынын курамдарын эске алуу сунушталсын.

**4.** Бул токтомдун көчүрмөсү Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигине жана №24 округдук шайлоо комиссиясына жөнөтүлсүн.

**5**. Бул токтом "Эркин-Тоо" мамлекеттик расмий гезитине жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

**6**. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары Н.Ч. Койчукеевге жүктөлсүн.

**Төрага** **Т. ШАЙНАЗАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 19-октябры, №109***

## Участковые избирательные комиссии за рубежом, утвержденные постановлением ЦИК КР от 18.10.2025 г. №109

| № | Страна | № УИК | Город, дипломатическое представительство, адрес |
|---|---|---|---|
| 1 | Казахстан | 9028 | Посольство КР в РК, г. Астана, ул. Кыз Жибек, 28/3 |
| 2 | Казахстан | 9027 | Генеральное консульство КР в Алмате, г. Алмата, ул., Луганского 30а |
| 3 | Китай | 9040 | Посольство КР в КНР, г. Пекин, район Чаоян, ул. Сяоюнь № 18, городок «Кингс Гарден», Н 10/11 |
| 4 | г. Гуаньчжоу | 9041 | Генеральное консульство КР в г. Гуаньчжоу, р-н Тяньхэ, ул. Цзиньсуй, д. 62, кв. 1101, пом. № 3 |
| 5 | Корея | 9042 | Посольство КР в Республике Корея, г. Сеул, Чонно-гу, Джахамун-ро 125-12 (Чхонгун-дон 53-57) |
| 6 | | 9068 | г. Инчхон, Ёнсу-гу, Нынходэ-ро 193 |
| 7 | | 9069 | Провинция Кёнгидо, г. Сувон, Квосон-гу, Кёнсу-дэро 359-бонгиль 14-16 |
| 8 | Объединенные Арабские Эмираты | 9051 | Посольство КР в ОАЭ, г. Абу-Даби, Байн аль-Джесраен, ул. Аль-Бидья, 5 |
| 9 | | 9044 | Генеральное консульство КР в Дубае, Аль Рас, здание Грин Тауэр, офис 1204 |
| 10 | США и Канада | 9034 | Посольство КР в США, г. Вашингтон, Округ Колумбия, 2360 Massachusetts Avenue NW, Washington DC, 20008 |
| 11 | | 9054 | г. Нью-Йорк, 866 United Nations Plaza, Suite 476, New York, NY 10017 |
| 12 | | 9074 | г. Филадельфия, штат Пенсильвания, 9461 Roosevelt Blvd, Philadelphia, PA 19114 |
| 13 | | 9055 | г. Чикаго, штат Иллинойс, 1114 N Arlington Heights Rd, Suite 201, Arlington Heights, IL 60004 |
| 14 | | 9075 | г. Чикаго, штат Иллинойс, 1114 N Arlington Heights Rd, Suite 201, Arlington Heights, IL 60004 |
| 15 | | 9076 | г. Сан-Франциско, штат Калифорния, 601 Old County Rd, San Carlos, CA 94070 |
| 16 | г. Анкара | 9036 | г. Анкара, Turan Güneş Bulv.Galip Erdem Caddesi No:25, Yıldız / Oran Ankara 06450 |
| 17 | г. Кайсери | 9077 | г. Кайсери, Hunat mahallesi, Yıldız geçidi sokağı No:5 Kat:2 Melikgazi/Kayseri |
| 18 | г. Эскишехир | 9078 | г. Эскишехир, Şarkiye mahallesi Işıklar Sk. No:14 Odunpazarı/Eskişehir |
| 19 | г. Стамбул | 9035 | г. Стамбул, Lamartin Caddesi No:7, Taksim, 34437 Beyoğlu, İstanbul |
| 20 | г. Бурса | 9079 | г. Бурса, Ahmet Vefik Paşa, Hünkar Cd. No:8, 16450 Kestel/Bursa |
| 21 | г. Измир | 9080 | г. Измир, Fahrettin Altay mahallesi Mithatpaşa caddesi no:1201/A Karabağlar/İzmir |
| 22 | г. Анталья | 9056 | г. Анталья, Muratpaşa, Güzeloba Mahallesi, Doktorlar Sitesi, Barınaklar Bulvarı No:138 |
| 23 | г. Аланья | 9081 | г. Аланья, Mahmutlar Mahallesi, Yangılı Caddesi 9A/2 |
| 24 | Италия | 9033 | Посольство КР в Италии, г. Рим, Виа Клитунно 2, 00198 |
| 25 | | 9057 | г. Кальяри, Palazzo Civico di Cagliari, via Roma, 145 |
| 26 | г. Москва | 9001 | Посольство КР в РФ, г. Москва, Большая Ордынка, 64 |
| 27 | | 9005 | |
| 28 | | 9015 | |
| 29 | | 9059 | Посольство КР в РФ, г. Москва, ул. Большая Ордынка, 64, Гостиница «Ордо» |
| 30 | | 9016 | г. Москва, проспект Мира 119, строение 4. ВДНХ павильон «Кыргызстан» |
| 31 | | 9017 | |
| 32 | | 9084 | г. Москва, Представительство МТСОМ в РФ, Малая Полянка 7, строение 5 |
| 33 | г. Екатеринбург | 9009 | Здание Генерального консульства КР, Щорса 54 а, офис 5 |
| 34 | г. Красноярск | 9003 | Канцелярия Посольства КР в РФ, г. Красноярск, проспект Мира, 132, |
| 35 | г. Новосибирск | 9010 | Генеральное консульство Посольства КР в РФ, г. Новосибирск, ул. Семьи Шамшиных, 30 |
| 36 | г. Иркутск | 9007 | Канцелярия Посольства КР в РФ, г. Иркутск, ул. Декабрьских событий, 107а |
| 37 | г. Якутск | 9006 | г. Якутск, ул. Пояркова, 4 (Дом дружбы народов им. А.Е. Кулаковского) |
| 38 | г. Владивосток | 9004 | Канцелярия Посольства КР в РФ, г. Владивосток, БЦ «Дредноутъ», ул. Авроровская, 10 |
| 39 | г. Хабаровск | 9021 | г. Хабаровск, ул. Фрунзе, 22 (офис Почетного консула КР в г. Калуга) |
| 40 | г. Южно-Сахалинск | 9013 | Канцелярия Посольства КР в РФ, г. Южно-Сахалинск, проспект Мира, д. 26\5 |
| 41 | г. Санкт-Петербург | 9002 | Генеральное консульство КР в РФ, г. Санкт-Петербург, ул. Набережная реки Фонтанки, 50 |
| 42 | г. Казань | 9026 | Генеральное консульство КР в РФ, г. Казань, ул. Спартаковская 6 |
| 43 | г. Краснодар | 9053 | г. Краснодар, ул. Красных партизан, 32 (офис Почетного консула КР в г. Краснодар) |
| 44 | г. Воронеж | 9022 | г. Воронеж, ул. Республиканская, 5 (офис Почетного консула КР в г. Воронеж) |
| 45 | г. Нижний-Новгород | 9031 | г. Нижний Новгород, ул. Варварская, 32 (офис Почетного консула КР в г. Нижний-Новгород) |
| 46 | г. Калуга | 9083 | г. Калуга, ул. Ленина, 51 (офис Почетного консула КР в г. Калуга) |
| 47 | г. Сургут | 9014 | Канцелярия Посольства КР в РФ, г. Сургут, ул. Лермонтова, 11/5 |
| 48 | Австрия | 9032 | Посольство КР в Австрии, г. Вена, Инвалиденштрассе, 3/8 |
| 49 | Чехия | 9060 | г. Прага, Na příkopě 1047/17, Praha 1, 11000 |
| 50 | Словакия | 9061 | г. Братислава, Miletičova 3/A 821 08 Bratislava. |
| 51 | Азербайджан | 9012 | г. Баку, ул. Башир Сафароглу, 133 (Бизнес-центр «SatPlaza», 16-й этаж) |
| 52 | Беларусь | 9023 | Посольство КР в РБ, г. Минск, ул. Старовиленская 57 |
| 53 | Бельгия | 9037 | Посольство КР в Бельгии, г. Брюссель, ул. де л-Аббаи, 47 |
| 54 | Венгрия | 9058 | Посольство КР в Венгрии г. Будапешт, ул., Эндроди Шандор, 49/А, 1026 |
| 55 | Великобритания | 9038 | Посольство КР в Великобритании, г. Лондон, Ascot House, 119 Crawford str., London, W1U 6BJ |
| 56 | Индия | 9008 | Посольство КР в Индии, г. Нью-Дели, Д-2/2, Васант Вихар, 110057 |
| 57 | Иран | 9043 | Посольство КР в ИРИ, г. Тегеран, ул. Пасдаран/Наренджестан 5, 24 |
| 58 | Катар | 9050 | Посольство КР в ГК, г. Доха, Зона-66, Вилла 4, ул., 545 |
| 59 | Кувейт | 9046 | Посольство КР в Кувейте, г. Эль-Кувейт, р-н Сурра, блок 6, ул. 13, №34 |
| 60 | Малайзия | 9048 | Посольство КР в Малайзии, г. Куала-Лумпур, 10-й этаж, 346, Wisma Sin Heap Lee, Jalan Tun Razak, 50400 |
| 61 | Монголия | 9071 | Посольство КР в Монголии, г. Улан-Батор, ул. Жамьян Гун 9, ICC Tower |
| 62 | Саудовская Аравия | 9045 | Посольство КР в КСА, г. Эр-Рияд, 6575 Amr Al Damri Street - Assafarat Dist. RIYADH 12511 - 3562 |
| 63 | Таджикистан | 9024 | Посольство КР в РТ, г. Душанбе, ул. Саид Носиров, 56а |
| 64 | Пакистан | 9049 | Посольство КР в ИРП, г. Исламабад, №12, улица 33. сектор F-8/1 |
| 65 | Туркменистан | 9011 | Посольство КР в Туркменистане, г. Ашхабад, Гарашсызлык, 17 |
| 66 | Узбекистан | 9025 | Посольство КР в РУз, г. Ташкент, ул.Тахира, 10 |
| 67 | Франция | 9047 | Посольство КР во Франции, г. Париж 42, boulevard Flandrin, |
| 68 | Германия | 9029 | Посольство КР в ФРГ, г. Берлин, 146, Otto-Suhr-Allee 10585 |
| 69 | | 9030 | Консульское агентство в г. Франкфурт-на-Майне 20, Broennerstrasse 60313 |
| 70 | Швейцария | 9039 | Посольство КР в Швейцарии, г. Женева, ул. Avenue Blanc, 51, 1202 |
| 71 | Япония | 9019 | Посольство КР в Японии, г. Токио, Минато-ку, Мита 1-5-7 |

## ТАЛАС ШААРДЫК АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫНЫН КУРАМЫНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

### ТОКТОМУ

"Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 4, 8-беренелерине, "Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө" Кыргыз Республикасы Мыйзамынын 1-беренесине, 22-беренесинин 10-бөлүгүнүн 1-пунктуна, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2019-жылдын 6-декабрындагы №176 токтому менен бекитилген Шайлоо комиссияларын түзүү, таркатуу жана шайлоо комиссиясынын резервин түзүү, жүргүзүү тартиби жөнүндө жобого ылайык, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы **токтом кылат:**

**1.** Талас шаардык аймактык шайлоо комиссиясынын курамына төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

- жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан көрсөтүлгөн Жуманалиев Татыбек Анарбекович берген арызына ылайык комиссиянын курамынан чыгарылсын;

- жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан көрсөтүлгөн Шукиев Анарбек Шукиевич резервден комиссиянын курамына киргизилсин.

**2.** Бул токтом "Эркин-Тоо" мамлекеттик расмий гезитине жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

**3.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары А.С. Жупуевага жүктөлсүн.

**4.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Төрага** **Т. ШАЙНАЗАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 18-октябры, №110***

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

# ОТКРЫТОЕ АКЦИОНЕРНОЕ ОБЩЕСТВО
# «ДИРЕКЦИЯ СТРОЯЩИХСЯ ЭЛЕКТРОСТАНЦИЙ»
## Отчет за III квартал 2025 года

**1.** Данные об эмитенте:
- полное и сокращенное наименование эмитента: **Открытое акционерное общество «Дирекция строящихся электростанций»;**
- организационно-правовая форма: **Частная;**
- юридический и почтовый адрес эмитента, номер телефона и телефакса: **Кыргызская Республика, 720040, г. Бишкек, пр-т. Жибек-Жолу, 326, тел.: (0312) 62-12-43, (0312) 98-88-22;**
- основной вид деятельности эмитента:
- привлечение инвестиций и строительство электростанций в любой мощности в том числе возобновляемые источники энергии;
- исполнение межправительственных соглашений по строительству электростанций;
- обеспечение надежности и безопасности строительства энергетических объектов в соответствии с установленными стандартами и правилами.

**2.** Количество владельцев ценных бумаг и работников эмитента:
Количество владельцев ценных бумаг – 3;
Количество работников эмитента – 13.

**3.** Список юридических лиц, в которых данный эмитент владеет 5 процентами и более уставного капитала:
1) Министерство энергетики Кыргызской Республики– 90%
Форма собственности: государственная;
**Местонахождение: г.Бишкек, пр. Жибек-Жолу, 326**
Почтовый адрес: 720070;
Телефон, факс, адрес электронной почты и код ОКПО: (0312) 67-03-60, (0312)67-02-20. minenergo@mail.gov.kg 05804223.
2) Открытое акционерное общество «Электрические станции» - 5%
Форма собственности: частная;
Местонахождение: г. Кара-Куль, ул.Ленина, 48.
Почтовый адрес: 720022;
Телефон, факс, адрес электронной почты и код ОКПО: 22856351, (0312)-66-34-09, es@es.kg, 22856351.
3) Открытое акционерное общество ОАО «Чакан ГЭС» - 5%
Форма собственности: частная;
Местонахождение: Чуйская обл., Аламудунский р-н, пос. ГЭС-3, ул. Суворова,113. Почтовый адрес: 724330;
Телефон, факс, адрес электронной почты и код ОКПО: (0312)-48-30-85, (0312)-90-16-23, chakanges@mail.ru, 22596298.

**4.** Информация о существенных фактах (далее - факт), затрагивающих деятельность эмитента ценных бумаг в отчетном периоде: (нет)

**5.** Финансовая отчетность эмитента за отчетный период.

**1.** Сведения, включаемые в бухгалтерский баланс — тыс.сом

| Код | | На начало отчетного периода | На конец отчетного периода |
|---|---|---|---|
| | Активы | | |
| (010) | 1. Оборотные активы | 4 198,1 | 1 928,4 |
| (020) | 2. Внеоборотные активы | 8 538,4 | 7 832,1 |
| (030) | 3. Долгосрочная дебиторская задолженность | | |
| (040) | 4. Краткосрочная дебиторская задолженность | | |
| (050) | Итого: активы (010+020+030+040) | 12 736,5 | 9 760,5 |
| | Обязательства и капитал | | |
| (060) | 1. Краткосрочные обязательства | 4 959,6 | 3 576,6 |
| (070) | 2. Долгосрочные обязательства | | |
| (080) | Итого: обязательства (060+070) | 4 959,6 | 3 576,6 |
| (090) | Собственный капитал | 7 776,9 | 6 183,9 |
| | 1. Уставный капитал | 35 000,00 | 35 000,00 |
| | 2. Дополнительный оплаченный капитал | | |
| | 3. Нераспределенная прибыль | -27 223,1 | -28 816,1 |
| | 4. Резервный капитал | | |
| (100) | Итого: обязательства и собственный капитал (060+070+090) | 12 736,5 | 9 760,5 |

**2.** Сведения, включаемые в отчет о прибылях и убытках

| Код | | На начало отчетного периода | На конец отчетного периода |
|---|---|---|---|
| (010) | Валовая прибыль | | 12 555,8 |
| (020) | Доходы и расходы от прочей операционной деятельности (доходы - расходы) | | |
| (030) | Операционные расходы | 18 102,2 | 14 169,8 |
| (040) | Прибыль/убыток от операционной деятельности (010+020-030) | - 18 102,2 | -1 614,0 |
| (050) | Доходы и расходы от не операционной деятельности | 63,9 | 20, 9 |
| (060) | Прибыль (убыток) до вычета налогов (040+050) | -18 038,3 | -1 593,1 |
| (070) | Расходы по налогу на прибыль | | |
| (080) | Прибыль (убыток) от обычной деятельности (060-070) | -18 038,3 | -1 593,1 |
| (090) | Чрезвычайные статьи за минусом налога на прибыль | | |
| (100) | Чистая прибыль (убыток) отчетного периода (080+090) | -18 038,3 | -1 593,1 |

**3.** Сведения, включаемые в отчет об изменениях в капитале

| Код | | На начало отчетного периода | На конец отчетного периода |
|---|---|---|---|
| (010) | Сальдо на 1 января 2025 г. | | 0 |
| (020) | Акционерный капитал | | |
| (030) | Пересчитанное сальдо | | 0 |
| (040) | Чистая прибыль или убытки, не признанные в отчете о прибылях и убытках | | |
| (050) | Нераспределенная прибыль | -27 223,1 | -28 816,1 |
| (060) | Дивиденды | | |
| (070) | Эмиссия акций | 35 000,0 | 35 000,0 |
| (080) | Резервный капитал | | |
| (090) | Изменение уставного капитала | | |
| (100) | Сальдо на 30 сентября 2025 г. | 7 776,9 | 6 183,9 |

**6.** Сведения о направлении средств, привлеченных эмитентом в результате размещения эмиссионных ценных бумаг и ипотечных ценных бумаг. Нет.
**7.** Заемные средства, полученные эмитентом и его дочерними обществами в отчетном периоде: Нет.
**8.** Сведения о долгосрочных и краткосрочных финансовых вложениях эмитента за отчетный период. Нет.
**9.** Доходы по ценным бумагам эмитента. Нет.
**10.** Информация об условиях и характере сделки, совершенной лицами, заинтересованными в совершении обществом сделки. Нет.

**Генеральный директор — Р.Н.КАСЫМОВ**
**Главный бухгалтер — З.А.БЕЙШЕБАЕВА**

С/О-934

### "НАРЫНЖОЛКУРУЛУШ" ААК БИЛДИРЕТ

**Дареги: Нарын шаары, Мырзабеков көчөсү №3.**
**Катышкан акционерлердин саны-15, 3748 добуш, кворуму-79,09%.**
**2025-жылдын 11-октябрында кезексиз жалпы чогулушу төмөндөгүдөй чечим кабыл алды:**

**1.** Башкы бухгалтердин орто аралык (промежуточный) балансы - 3748 добуш, 100% менен бекитилди.
**2.** Жоюу балансы - 3748 добуш, 100% менен бекитилди.
**3.** Даректери белгисиз жана өтүп кеткен акционерлердин тизмеси 20 (акционер) 67 (алтымыш жети) акциясы 169 440 (бир жүз алтымыш тогуз миң төрт жүз кырк) сом 3748 добуш, 100% менен бекитилди.
